С ЮОТР
С 12

Мамат Сабыров

# ЖОЛ



Мамат Сабыров

# ЖОЛ

*Аңгемелер*



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472588

Бишкек
«Бийиктик» – 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
С 12

Сабыров Мамат.
С 12 Жол: Аңгемелер. – Б.: «Бийиктик», 2009. – 172 б.

ISBN 978-9967-13-501-7

Жазуучу, журналист Мамат Сабыровдун бул жыйнагына автордун ар кайсыл жылдарда жазылган аңгемелери кирди.

Китеп Жусупбек Бакиев атындагы коомдук фондусунун колдоосу менен чыгарылды.

С 4702300100–09
ISBN 978-9967-13-501-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Сабыров М., 2009.

## БАШ СӨЗ ОРДУНА

Адабият – тагдыр. Бул сөздүн уюган улуу түшүнүгү бар. Оболтон бу жашоодогу басып өткөн жолдорубуздун турмуш барагы бир сыя менен жазылгандай таасир калтырган Мамат досумдун чыгармаларын окуп жатып, мезгилдин бир бүктөмүндө жоготуп жиберген купуя бир дүйнөнү кайрадан таап алгандай сезимде калдым. Жаш курагыбыз жарыша өскөн досумдун турмушту ушунчалык нукура таанып, ар бир сөзүндө жашоо илеби жаткан дүйнөсү өзгөчө бир тагдырдын тузу сындуу туюлду мага. Ушунчалык лирика менен назик сезимдин, катаал чындык менен үлбүрөгөн баеолуктун, карапайымдык менен улуулуктун, эң башкысы жашоо деми буркурап, сезимдин тунук булагы оргуштап жаткан бул аңгемелерде турмуш Портрети турат. Маматтын дүйнөсү менен адабияты эгиз, ал түркүн образдардын чыныгы Галереясынан жаралган. Чыгыштын улуу акыны Руми «Акын – өз тагдырынын акыны» деп айтканы бар. Бул сөздө улуу маани жатат. Мамат досумдун адабияты өз дүйнөтаанымы аркылуу өткөн миң кырдуу, миң сырдуу тагдырлардын адабияты.

Чыныгы адабият – адам жашоосунун түбөлүктүү Одасын даңазалайт.

Ошол улуу түшүнүктү Мамат адабияттын нукура дүйнөсүнөн издеп келет...

*Султан РАЕВ,*
*Жазуучу жана драматург,*
*Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.*

# АҢГЕМЕЛЕР

## ЖОЛДО

Тээтиги жылан изиндей ийри-муйру, өңгүл-дөңгүл, тар жолдогу эки караанды көрдүңөрбү? Бири узун, бири кыска болуп ээрчишип келатышпайбы. Куркуюп жол баштап келаткан шапкечен кишинин артында кыяматтын шатысындай кынжыйып, тыржыйып дагы бирөө жүрөт го? Ошол менмин. Эчен жыл, эчен кылым болду бул Жолго түшкөнүбүзгө. Балким аз эле болгондур, бирок мага жүз жыл өтүп кеткендей сезилет. Жолдун кыйындыгынан, алыстыгынан, менин биринчи жолу чыгып атканыман болсо керек. Салпактап ээрчип эле келатам. Басса жүгүн көтөрөм, отурса алдына төшөк салам, чай ичсе колуна суу куям. Ал эмне кылса мен да ошону кылам. Басканын да туурайм, турганын да туурайм. Анын «шатающий походкасын» туурап атканымды байкадыңарбы? Чачымды тасырайта кырдырып, шапке да кийип алам. Тааныштарым ыкшып калышат. «Шапкесин го окшотупсуң, башыңды кантип окшотоор экенсиң?» дешет. Мен ыйлап ийчүдөй болуп аны карайм. Устат жаңыдан тай-тай баскан баласын көрүп эт жүрөгү элжиреген атадай жылмайып коёт. «Болезнь роста» дейт. «Өзүңдүн Жолуңду тапканда калып кетет» дейт. «Ал күн качан келет?» дейм. Ташыркап, буттарым талый баштайт, зеригем. Ал зерикпейт. Үпүп сасык менен да сүйлөшсө, карга менен да сүйлөшсө, чөптөн да кеңеш сураса, таштан да кеңеш сураса зерикмек беле. Артынан жөн колоктоп ээрчип жүргөн адам гана зеригет экен. Таң азандан ойгонсом, карандаш менен шапалактай жарты дептерине бирдемелерди жазып аткан болот. «Турдуңбу?» дейт.



Асманды карап коёт. Мен казанды карайм. Аны туурап жеген таруу ботко жумуруума жук болбой, ичим кулдурап, көзүм караңгылайт. Эт жегим келет. Бирок айткандан уялам. «Учкашпа, учкашкан соң көчүгүм ооруду дебе» десе эмне дейм? Милийса тосот, тиякка бассак да тосот, биякка бассак да тосот. «Эмне ичип алгансың?» дейт Устатымды карап. Эл кылган ишти кылып, көпчүлүк жеген покту жебесе эле көзүнө мас көрүнөт окшойт. Унчукпайт. «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер» дейт. «Сен ошенте аласыңбы?» дейт. «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бере аласыңбы?» дейт. «Бер албасаң мени ээрчип убара болбой эле кой» дейт. «Кеч боло электе кайт артыңа, кайт» дейт. «Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп уурулук кылба» дейт. Мойнума зилдей оор жүк артылгандай белим ийиле түшөт. Ушак айтпай жашаган кандай оор иш экенин элестетип көрсөңүз. Акыры чыдабай калып калам. Сокодон бошонгон өгүздөй оюн салып, ушак айткандарга кошулуп ушак айтам. Ууруларга кошулуп уурулук кылам. Бирок мындан тез эле тажап, кайра аны издей баштайм. Тиземе чейин покко малынып, жетип барам. Үн-сөзсүз кечирип, кайра ээрчитип алат. Элдин баары чоң көчөдө ырдап-чардап атса, биз тар Жолдо өрмөлөп-жөрмөлөп жөнөйбүз. «Качан жетебиз» дейм. «Билбейм, мен деле өзүң сыяктуу жолоочумун» дейт. «Жолго чыктыңбы, кылчактаба, ыргылжың болбо» дейт. «Бул Жолдо жүрүш үчүн великое мужество керек» дейт. «Далай адамдардын сөөгү ушул Жолдо калган» дейт. Тияк-биякты карасам чын эле агарып ар кайсыл жерде кишинин скелеттери жатат. «Мынчалык өлүмгө бел байлагандай деги ал жакта эмне бар?» дейм. «Жарык» дейт. Кайрадан чарчай баштайм. Ырдап-чардап жаткандарга кетким келет. Өзү жалгыз кете берсин деп долононун түбүнө, таштын артына жашынып калам. Күйүп-бышып, тердеп кургап, издеп жөнөйт. Акыры таап алат. «Бул эмне кылганың?» дейт. Чарчады окшойт, энтигип, бат-бат дем алат. Түбү тешик кумурага улам суу

куя бергенден чарчады окшойт. «Сен менин улуу кайгым болдуң» деди. Шып-шып басып, кырды ашып кетти. Же кууп жете албай, же артка кайталбай мен калдым. Эми эмне кылам, жалгыз кетемби? Айла канча, атадан алтоо болсоң да бир жалгыздык башта бар. Акыр бир күн жолдорубуз баары бир айрылышмак. Бу дүйнөгө жалгыз келебиз, жалгыз кетебиз. Кой эми, турайын. Ансыз деле кеч калдым. Эртерээк Жолго аттанбасам тез эле караңгы кирип кетет. Деги каерге келдим? Дагы канча жол басышым керек? Впрочем это не важно. Эң негизгиси, эми кайда барышты билем. Тигине, издер жатпайбы. Устатымдын издери...

## КОРУКЧУ

*Балалыгым, шок кезим*
*кой жоготуп, коркуп жүрүп өткөрдүм.*
*(Дүйшөн Жапаров)*

Бала кезде менин эң корккону корукчу эле. Анткени балдардын ар биринин үйү же коюу бар. Мал болгондон кийин ал же буудайга, же жүгөрүгө түшөт. Кээде моюн бербей уруп кетсе, кээде оюнга алаксып каласың. Биздин колхоздо талаада өскөндүн баарын Мисир (жаш балдарга чейин аны атынан айтабыз) жалгыз коруйт. Бир жолу чөмүлүп атып алаксып калыппыз. Карасак эле Мисир уйлардын баарын айдап баратат. Каныбектин кашка уюн, Апсадын баарын айдап баратат. Каныбектин кашка уюн, Апсаламдын таргылын, Бедендин кыйшык мүйүзүн. Менин уюм байлануу болчу, ага тийбептир. Чуркап жөнөштү. Алдыда «бир жолкусун кечири-иң» деп Каныбек ыйлап баратат. «Мисир ака, мени тааныган жоксузбу, мен Жунустун баласымын да» деп Апсалам жүрөт. «Маңа демектен Жантөрө келбейби» дейт Мисир атына тарс эткизе камчы уруп.

Мен болсом ошондон көп өтпөй кой кезүүдө колго түштүм. Ташкороонун үстүндө кенен жылга бар. Койлорду ошол



жакка айдап бараткан быз. Күнүгө жая берип, жылгалардын ичинде малдын тишине илинээр чөп жок. Койлор жерди тиктебей уруп-салып баратышат. Адырдын үстү болсо көздү кычыштырып, сеңселген жапжашыл буудай. Жарым жолго жеткенде биз артынан түшкөнчө болбой койлордун алды жылганын аркы бетине чыгып, буудайга жайылып кетти. Мен, иним, ошол күнү бизге кой кайтарышканы чыккан он беш жаштагы Кошон акам үчөөбүз кош эле кош, деп чуркап жүрөбүз. Эптеп бир жагын кууп түшүрсөк, экинчи жагы кайра жайылат. Ошентип отуруп, кантип убакыт өткөнүн да билбей калыппыз. Шашке ченде күн ысып, улам буудайга жайыла берип курсактары да тоё түшкөн койлор жоош тартып, баягындай чуркабай, бири-бирине көлөкөлөп калышты. Биз да кичине демибизди басып, кудай сактады да, кароолчу көргөн жок деп отурабыз.

Аңгыча эле өйдө жактан атын жай бастырып Мисир келип калса болобу. Калпагынын жээгин маңдайына түшүрүп алыптыр. Атын коё берди эле буудайды кыртылдата жеп кирди.

– Төрт жолу жайып ийдиңер – деди Мисир. – Мен контордон туруп көрдүм.

– Жайган жокпуз – дедим мен эчтеке билмексен болуп.

– Бер кел. – Мисир эңкейди да жерден учу желген бир тал буудайды жулуп алды. – Мынабу жаңы желгенби? Мен баш ийкедим. Улам бир буудайды үзүп көрсөтөт, улам баш ийкейм.

– Эми айдагыла – деди Мисир. – Ташкороого апарып камайм.

Мисир жанагынтип «следственный эксперимент» өткөрүп аткан убакта Кошон акам жылганын ичинде көлөкөлөп отурган. Мисир камчысы менен өтүгүнүн кончун чапкылап, койлорду козута баштаганда чырылдап алдынан чыга калды.

– Ниме карап турасыңар? – деди бизге кыйкырып. – Алдынан тоскула. Эч каякка айдап кете албайт.

Абдырап калган биз да эсибизди жыйып, эки жактан тосо баштадык. Жини келген Мисир адегенде Кошон акамди ашата сөгүп, анан камчы менен атып урду. Камчынын сабы далортосуна барып тийди. Үчөөбүз үч жакта ыйлап жүрөбүз. Бирок улам алдынан тосуп, койлорду да айдаткан жокпус. Акыры моюн бербесибизге көзү жетти окшойт, Мисир чөнтөгүнөн кагаз алды да отуруп, бирдекелерди жаза баштады. Бир топко чейин жазып, анан атына минди да жөнөп кетти.

– Жүз эллик сом ыштарап салам деди – кетип баратып.

– Кечкурун радио узилди угуп тургула.

Атам иштен эл жатаар маалда келди. Биз коркуп, эрте эле жатып алганбыз.

– Балдар жатыштыбы?

– Жатышты – деди апам. – Адырма-адыр жүгүрүп жүрүп чарчашты да.

Радиону кое салбаса экен деп коркуп жатам. Атам болсо барып эле радионун кулагын бурады. Уй ферманын башчысы сүйлөп аткан экен.

«Маматкалык ака, Райим ака, бүгүн сиздер Ташкороого дежурсуздар – деди ферма башчы жалдыраган үн менен. – Раис текшерип келип калышы мүмкүн, мени уят кылбаңыздар. Суранам силерден».

Адырда кезүүнүн кою буудайга жайылып кеткени жөнүндө эчтеке айтылган жок. Кудай бир сактады дедим да санаам бир аз тынчып, уйкуга кеттим.

Ошол күнү Мисир түз эле гаражга барып, слесар болуп иштеген атама жолукканын, атам биз үчүн жыгылыштуу болуп, ага эки бөтөлкө арак алып бергенин эртеси апаман уктум.

Мисир өзү күржүйгөн палван киши эле. Эки жүз килолук ноопаздарды машинанын кузовуна жалгыз өзү ыргытып салып кеткен учурлар болгон. Анын мындай эрдиктерин көргөн сайын айылдыктар «калхоз кароолчулукка жалаң жиндилерди таап коёт» дешчү. Ага эч ким кол кайрыган да эмес. Бир гана жолу Батыр деген киши менен мушташканын угуп калдым. Экөө сөз талашыппы, же пул талашыппы, айтор, кароолчулукка байланышпаган иш боюнча мушташыптыр. Муну талаада тамеки сугарып жүргөн кишилер айтышты. Чопочоң эле кишилер кетмендерин жөөккө жаткырып коюшуп, кадимки жаш балдардай талкуулап отурушту.

– Кимиси урду анан?

– Батыр ака кыйын экен, уруп койду.

Муну укканда Мисирдин таяк жеп атканын элестетип, Батыр ака бүт балдардын өчүн алып бергендей табабыз бир канды дейсиң.

Бирок биз менен угуп отурган балдардын бири ошол мушташты өз көзү менен көргөн экен «жок, андай эмес» деп тактык киргизе койду. «Батыр ака көп жолу урган менен Мисирдин мушу точно-точно тийип атты» деди арам чечек. Ушуну айтпай турса болот эле, сүйүнүп атканда. Кубанычыбыз бөксөрө түштү.

Онунчу класста окуп жүргөндө кошуна айылдык балдар менен достошуп, тез-тез ошол жакка каттачу болдум. Бир жолу алар мени Топчубай аттуу мен тааныбаган баланын үйүнө ээрчитип барышты. Бою кичирээк келген алабарман бала экен. Биз киргени атакеси жакшы, ак көңүл киши экенин кайра кайра айтып отурду. «Атам талаада катуу-катуу сүйлөп опузалап койсо эле корко беришет, бирок үйдө жакшы» дейт улам-улам. Аңгыча эле атасы өзү кирип келди. Эки бөлмөнүн ортосундагы эшиктин ордуна парда тартып коюшкан экен, башын салганда эле балдардын баары тура калышты. Мисир алардын баарын жакшы тааныгандыктан ар бири менен кол кармашып учурашып чыкты да, анан мага келгенде ким деп тааныбай туруп

калды. Мен ал кезде бой тартып, корукчудан коркпой калгам. Бирок ошентсе да бир кызыктай боло түштүм.

– Бул Бостондогу Калык аканин баласы, биздин досубуз дешти балдар.

– Аа, Калыктын уулусуңбу? – деди Мисир колумду кысып, – маладес!

Ушинтти да чыгып кетти. Биз балдар менен бакылдашып, чай ичип, дагы көпкө отурдук.

Ошондон бир айдан соң Өсөрдөгү эжемдин үйүнөн келатсам артыман Мисир келип калды. Баякы окуядан кийин кадимкидей таанып калыптыр.

– Учкаш аяш уулум. Бүгүн эле жаңы ат алдым. Конторго чейин жеткирип коёюн.

Мен учкашаар замат ат оңкуштап, арткы эки буту менен тебине баштады. Кароолчу улам «так» деп камчы менен моюнга чаап коёт. Ат болсо ого бетер мөңкүйт. Экөөбүз Ноокат – Ош жолунун ортосунда тегеренип атабыз, эки жактан келген машиналар тизилип калышты.

– Аяш уулум, секин түшүп кет – деди корукчу. – Этият бол, туягы тийип кетпесин.

Мен жылмышып түшүп алган соң ат ушуну гана күтүп тургандай жоошуп калды.

– Капа болбо аяш уулум. Бу атты арыктатпасам болбой калды. Өтө семирип кетиптир.

Корукчу атына камчы уруп, тез эле узап кетти.

Жайында биздин бригаданы, сугатчылардан тартып чым ташыган биз балдарга чейин бирин койбой Кырколго чөпкө алпарды. Түш ченде тамак ичип отурсак Мисир келип, кимдин малын кантип айдап кеткенин айтып отурду.

– Онон көрөкчө Ырысбайды кантип кармаганыңызды айтип бербейсизби – дей салды, Турдали аттуу шоопур киши.

Корукчунун өңү бозоро түштү. Ырысбайдын окуясын элдин баары билчү. Ошол жылы кургакчылык болуп, Жаман-Адырда да, Кырколдо да буудай өспөй, акит болуп,



элдин баары суулунун (1) саманын гана аңдып калышкан. Анан суулуга комбайн түшкөн күнү эле Ырысбай деген шоопур кузов барабар жүктөлгөн саманды бирөөгө сатканбы же жөн гана белек кылганбы, айтор, түшүрүп берип аткан жеринен ушул корукчу Мисир кармап алат. Башкарманын буйругу менен Ырысбайды машинанын кузовуна отургузуп, бетине кара көө сүйкөп, айылма-айыл кыдыртып жөнөшөт. Эки үч айылды кыдырганда машина жолдон бузулуп калат. »Машина оңунда эле экен, шоопур калп эле бузулду деп айдабай коюптур» деп айтып жүрүшкөн.

– Уктук, ошол кылган «эрдигиңиз» үчүн раис бир көйнөк менен бир калпак сыйлык бериптир – деди Турдали ака. Бир көйнөк үчүн шонтпей эле койсоңуз болмок да. Он алтынчы жылы ям адамды анчалык кордошкон эмес.

Корукчу эмне деп жооп айтаарын билбей калды.

– Мисир, баягында ичине толтура салярка куюлган бочканы көтөргөнүң эсиңдеби – деди аңгыча эле биргат Аптыкаар ака. Ал аябай эстүү, тил билги киши эле. Корукчу оңтойсуз абалда калганын көрүп сөздү башка жакка буруп атканын чоң кишилер эмес, биз деле сездик.

Мисир да бирдекелерди айтымыш болду. Бирок жанагы куунак маанайы эчак жоголгон болчу. Чогулгандар дагы бир аз кобурашып отурушту да туруп-туруп кетишти. Мен үчүн бул дүйнөнүн кожоюнундай сезилген киши (апаларыбыз ыйлап аткан балдарды Жантөрөев келатат деп коркутчу) көз алдымда сөзгө сынып, бечара болуп калды. Аны аяп кеттим.

Мисир туруп жөнөгөнүн көргөндө мен мамыда байлануу турган атын чечип, алдына тарта койдум.

– А аяш уулум... Мисир атына минип, бир аз бастырып барды да, тык токтоп, артына кылчайды.

– Ошондо шоопурду машинаңды бузуп кой деп мен айткан болчумун.

Ушинтти да бастырып кетти. Ал жанагы сөздү эмне үчүн элдин алдында эмес, жалгыз мага айтканын түшүнбөй мен калдым.

*1983-ж. (1)–сугат буудай.*

## ЖОЛБОРС

Ал эки жолу өлүмдөн аман калды.

Жазында районду кутурма оорусу каптап, айылдын фельдшери менен биз тааныбаган милиционер айылдагы ит аттууну четинен кыра башташты. Артынан бир короо бала ээрчип алган. Биринчи күнү экөө болгону он чакты ит атышты. Эртеси фельдшер таң атканча колум калтырап чыкты деп мылтык кармаган жок. Үтүрөйгөн түрүнө караганда, бул жумуш милиционерге деле жакпаса керек, бирок катуу тапшырма болгонунан гана тамеки артынан тамеки чегип, киллерлик милдетти аргасыз аткарып жүрдү.

Мен да эки күн аларды ээрчип жүрүп, биздин үйгө жакындаган сайын сарсанаа боло баштадым. Ичимен байкабай өтүп кетсе экен деп тилеп коём. Бирок балдар эле болсо мындай нерсени айтпай коёбу. Так биздин үйдүн тушуна келгенде бирөө мени көргөзүп, мунун да күчүгү бар деп сүйүнчүлөй койду. Милиционер мени чарчаңкы карады.

– Чоң күчүкпү?

– Жок, кичинекей – дедим шашып.

– Жүр, көргөзчү.

Биз кирип барганда пешайбанда күнөстөп жаткан Жолборс эчтекеден бейкапар томпондоп чуркап келди.

– Аябай эле кичинекей турбайбы – деди милиционер бир жаман милдет мойнунан жылмышып, жеңилдей түшкөндөй. – Атканда убал го, кой, жашай берсин.

Бирок беш-он жылда бир жолу, качан жанагындай эпидемиялар тараганда гана жүргүзүлчү мындай рейддердин



биздин иттер үчүн көп деле коркунучу жок болчу. Башкы душман – бул райборбордон күтүүсүз келген ит атарлар. Алар бир келгенде бир айылдын итин бүт кырып кетет. Бирин-экин аман калгандары жөнүндө баланча итин чыптага салып, там башыга бекитип коюптур, түкүнчөнүн ити эстүү экен, ит атар келатканын көрүп өзү эле жашынып калыптыр деген сөздөрдү угуп калабыз. Ырас, документ көрсөтсө атпайт экен дешчү. Бирок айылда кайдагы документ? Анын үстүнө бизде ветврачка көрсөтүп, укол сайдырып баккандай овчарка, доберман, питбуль сыяктуу тектүү, асыл тукум ит деле жок эле. Өзүбүздүн айылдын эле короочу канчыктары тууган күчүктөрдү ээсинен сурап, көбүнчө уурдап ит кылып алышчу. Ошондон улам келген ит атар да бул ит кимдики, документи барбы? – деп сурап отурчу эмес.

Ит атар үйлөрдү атайылап деле кыдырбайт. Ал таш жол менен арабасын кылдыратып баратса эле ажалдуу кийиктей болуп иттер өздөрү алдынан абалап чыга калат. Ит атар тизесине коюп бараткан мылтыгын шап алат да, сулата атат. Тан бериш керек, булар көзгө атар мергендер болор эле. Бир жолу Калил абанын итин атканы эсимде. Кыштын күнү куйругу чыгырык кара дөбөт тизеден кар жаткан тамаркада оюн сала чуркап баратыптыр. Ортодогу аралык 200–300 метрдей эле. Ит атар мээлеп туруп атып калды. Бир эле ок атты. Анан шашпай карды кечип барды да, итти канын шорголоткон бойдон куйругунан көтөрүп келди. Салып атканда көрдүк, арабадагы эки эшиктүү сандыкты элестеткен будкасы түркүн түстөгү өлүк иттерге толуп чыгыптыр.

Балдар арасында ит атарлар туткунга түшкөн немистер экен деген сөз бар болчу. Алар негизинен европа улутунан болгонунан, кабагын карыш салып, дегеле киши менен сүйлөшпөгөнүнөн улам ошентишсе керек. А балким ошол кезде биз көргөн кинолордун таасири, советтик адам жырткычтыкка барбайт, фашисттер гана ошондой мерес

ишке жөндөмдүү деген балалык психология болушу деле мүмкүн. Анткени мен көргөн ит атарлар көбүнчө жаш жигиттер болор эле. Ал эми согуштун бүткөнүнө отуз жыл болуп калган, немис туткунга он сегиз жашында түшкөндө деле элүүгө жакындап калмак да.

Ал күнү ит атар келээри оюмда деле жок Жолборсту ээрчитип алып, Жаман-Адырга түлкү уулаганы чыгып кеткем. Кечинде келсем эле айыл ичи кыйсыпыр түшүп, абалап чыгаар ит калбай калыптыр. Ажалы жок экен, Жолборс бу жолу да аман калды.

Эки жолу бирөөгө берип ийген жерден качып келди.

Мен баккан күчүктөрдүн ар кимге тартуу болуп кеткенин айтып отурсам өзүнчө жомок. Мен али көзү ачыла элек күчүктү бирөөдөн сурап келип, упчу менен тойгузуп, ал өз алдынча тамак жей баштаганда итке аллергиясы барбы, же тек гана бирөөнүн ажатын ачканды жакшы көрбү, атам ар кимге берип ийчү. Кийин кандайдыр жумуш менен ошол үйгө кирип калганда жанагы менин күчүгүм чоңоюп, өзүмдү таанныбай кууп калганда ызаланганымды айтпа.

Жолборсту бир айлык кезинде Камчы аттуу баладан сурап алгам. Өзү адегенде жаңы туулган алты күчүктөн мага бирди, Азимге бирди бергенге макул болгон. Азим экөөбүз мойнуна белги тагып, күнүгө кой тоскону барган сайын кабар алып турчубуз. Бир күн барсак энеси бир жакка кетип, күчүктөр дүйнө капар уктап жатышкан экен. Бирөө алып кетип калбасын деп чоочулап, экөөбүз бирден күчүктү көтөрүп келе бердик. Кечке жуук Камчы велосипед менен келип, күчүгүмдү кайра бер деп чыр салып, биз бербей койгон соң атама айтам деп ыйлап кетти. Көрсө, Азим экөөбүздүн күчүк көтөрүп келатканыбызды көргөн башка балдар да биздин артыбыздан эле барып, калган күчүктөрүн да бирин койбой уурдап кетишиптир. Камчы ошого ызаланып келгендегиси экен.



Бир жашка толгондо Жолборсту бизден беш чакырымдай алыстагы Өсөр айылында жашаган эжемдикине алпарып бердим. Эртең менен атам ишке баратып жеткир деп буйрук берип кеткен. Итимен айрылган мен үчүн канчалык кыйын болсо да кечинде атаман тил угаарымды ойлоп, шашке ченде Жолборсту ээрчитип жөнөдүм. Айылдын четиндеги адырды аштырып, талаа кездирип, токой аралатып, уй кайтарып жүргөн балдарга бир сыйра акысыз цирк көргөзүп (Жолборс жерге бирдеке жашырып койсоң тапканды билчү), Өсөргө түш ченде кирип бардым. Бактын ичиндеги өрүккө чынжыр менен байлап бергенден кийин жездем эми сен көрүнбөй тур деди. Өзү болсо эки кичинекей жээним менен итке алыстан сөөк, нан ыргытып, үйүр алдырганга киришти.

Ичим тыз-тыз этип, эжемдин чай ич дегенине болбой жолго түштүм. Ашкере берешен атама, өзү күчүк багып албай бирөөнүкүнө көз арткан жездеме жиним келет. Же жол арбысачы. Жолборс менен бир саатта ойноп баскан аралыкты кайра кайтаарда үч саатта араң басып келдим.

Эртеси күнү койдун кезүүсү бизде болчу. Түш ченде койлорду көлөкөгө жаткырган соң инимди бакка, өрүк тергенге киргизип ийип, өзүм суунун боюнда нан жеп отургам. Аңгыча эле жаткан койлор дүр деп үркүдү. Карай салсам арырaакта тикчийген эки кулак турат. Мен таш алмакка эңкейейин деп баратып, анан Жолборс деп кыйкырып ийдим. Ит мени бир карап алды да чуркап келди. Буттары суу. Сай кечип, адыр аралап келгенине караганда кечээ мен алпарган маршрут менен келген окшойт. Ал аңгыча иним бактан ит куугандай чуркап чыкты. Менин Жолборс деп кыйкырганымды ал бактын ээси келатат деп угуп алыптыр. Жолборсту көргөндө сүйүнгөнүнөн тим эле бийлеп кирди.

Ал күнү түштөн кийин Жолборско кой кайтартып жыргадык. Койлор жайылып баратканда ит бир айлана чуркаса эле кайра чогулуп калат. Бирок кеч кирген сайын кы-

жалат боло баштадык. Атам Жолборс кандайча келип калды десе эмне дейбиз?

Айткандай эле атам Жолборстун өзү келгенине ишенген жок. Түштө койлорду жаткырган соң бирөөң калып, бирөөң Өсөргө барып келсең керек деди. Качан эки-үч күндөн кийин жездем келип, Жолборс бошонуп качып кеткенин, артынан кууп жетпей калышкандарын айткандан кийин гана калп айтпаганыбызга ынанды.

Экинчи жолу Жолборс айылдын четиндеги адыр түбүндө жашаган аяш атама тартуу болуп кетти. Анда да өзүм алып барып, байлап бердим. Бир жумага чейин адырга кой айдап өткөн сайын ышкырып өтүп жүрдүм. Бечара Жолборс мени көргөндө кыңшылап, чынжырын үзүп ийчүдөй жулкунуп калат.

Бир жолу дагы кылчак-кылчак карап өтүп баратсам аяш атамдын кичинекей кызы мени көрүп чуркап чыкты.

– Итиңиз качып кетти.

Мен ичимен кымың эте түштүм. Болжолумда Жолборс ошол эле күнү үйгө келип калыш керек эле. Бирок итим ал күнү да, кийинки күнү да келген жок. Мен кадимкидей сарсанаа боло баштадым. Кээде түн ортосунда сырттан иттин үргөнү угулгандай болот да уйкулуу көздөрүм менен чуркап чыгам. Үчүнчү күн дегенде гана кечинде тамак жеп отурсак сырттан бирдекенин сүйрөлгөн үнү угулду. Чыксам Жолборс эшиктин алдында туруптур. Арыктап, жүдөгөн. Чынжыры менен жүрсө бирөө байлап койгонбу же өзү бир нерсеге оролошуп калганбы, билбейм. Үч күндөн бери эчтеке жеген эмес окшойт, мен берген жугундуну шал-шалп эткизе сугунуп кирди. Анын келгенине бир чети сүйүнсөм, бир чети аяш атам дагы келээрин ойлоп кыжалат болом.

Аяш атам бир жумадан кийин келди. Атам үйдө жок болчу. Ит жөнүндө эчтеке айткан жок. Болгону чынжырды кайра бергиле деди. Кыязы, Жолборс аларга дегеле ит болбосуна көзү жетти окшойт.



Ошол бойдон атам итти бирөөгө бер деп кыйнабады. Иним экөөбүзгө кудай берип эле калды. Бош боло калсак эрмегибиз эле Жолборс. Жайкысын түлкү кубалатып, кышында чанага кошобуз. Анын бир артыкчылыгы – акылдуу эле. Мен бирөө менен жөн сүйлөшүп турсам ал деле унчукпай тура берчү. Бирок жанымдагы бала менен күрөшүп же мушташа баштадым дегиче ал да аркырап чабуулга өтчү. Калган жагынан айылдын кадимки эле бир ити эле.

Коркунуч артта калгандай, Жолборс менен биздин арабызды эми эч нерсе бөлө албастай сезилген. Суук кабар күтүүсүз жерден угулду. Мектептен чыгып баратсам эле экинчи сменде окуган менден эки жаш кичүү бала «Жолборсуң тынчыды» деп сүйүнчүлөй салды. Үйгө кантип жеткенимди билбейм. Кирип барып, карасам эле ит уя кунары качып бош турат. Арыраакта тамагы желбеген бойдон калыптыр. Ызам келип, өңгүрөп коё бердим. Мени көрүп иним да ыйлап жүрөт.

– Апам ит атар менен урушту – деди мени сооротк усу келгендей. – Казык менен бутуна чапты.

Апам чаап ийгенде мындайды күтпөгөн ит атар милиция чакырам деп опурулуптур. Бирок апам «чакыр, мылтык атып балдарымдын жүрөгүн түшүрдү деп мен да даттанам» дегенде кайра ойлонуп калган го, орусча сөгүнгөн бойдон кетип калыптыр. Инимдин айтуусуна караганда, ит атар байлануу турган Жолборсту байкамак деле эмес экен. «Парникти тебеледи деп Эргеш чолок ээрчитип келди» деди – бышактап. Муну укканда кароолчу Эргеш акеге жиним келип, мен да анын эчкисин өлтүрөм дедим өңгүрөп.

Апрелдеги ишембиликте бизди Какырга таш тергенге алпарды. Шыбак басып, кескелдирик жойлогон бул такыр талаада дегеле бирдеке айдалганы эсимде жок. Ишембиликке келген сайын учуп-конгон таз жоруларды көрчүбүз. Бул жолу ойноп отуруп, так таз жорулар тойлогон жерге барып калыптырбыз. Тегеректин баары жайнаган сөөк. Ит атар атылган иттерди Какырга алпарып, терисин шы-

ОНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № 472588

лыйт экен деп уккам. Бирок өз көзүбүз менен көрө элек болчубуз. Жайнаган сөөктөрдүн арасында Жолборс да кабыргасы какжырап жаткандай сезилип кетти мага. Көзүмө жаш тегеренди.

– Буга эмне болду?

– Итине аза күтүп атат.

Чогуу жүргөн балдар каткырып күлүп калышты.

А мен чындап эле кабыргам кайышып, ыйлап аткам. Ит атар итимди гана эмес, менин балалык кубанчымды, эрмегимди да кошо атып кеткенине ыйлап аткам.

Жолборс мен баккан акыркы ит болду. Ошол бойдон башка ит баккан жокмун.

*1982-ж.*

## УЧУРАШУУ

Самат ботинкесин чечип, бурчка түртүп койду да азыр гана апасы салган жакөндөскө барып отурду.

– Кандай анан апа, тынчсыңарбы? Атам иште болсо керек?

– Иште. Саар кетпартып, «балаң Ошко келип калгандыр» дейт. Прунзе ниме, сенин Ноокатың беле, чай кайнамда эле келип калгандай дедим. Билгендей эле айткан экен.

Апасы дасторкон жазып, нан койду. Сары май, жаңгак, курут, айтор, каткан-куткандарынын баарын жайнатып таштады.

– Ал, катта-катта жеп отур. Курсагың да ачкандыр? Мен кичине ыссык кылайын.

Самат чындыгында эле саартан бери наар ала элек болчу. Нандан чоң сындырды да, ага май сыйпап жеп кирди. Апасы чака менен картошка алып келди да, отуруп аарчый баштады.

– Канчага келдиң? Эки-үч күн тураарсың?

– Каякта. Эртең кетем. Билет болуп калды эле сурабай эле шарт баса бердим.



– Майли бир күн болсо дагы...

– Салдат каякта?

– Сагындыңбы? Өсөргө кетти. Мурат деген кишинин баласы экөө бир жерде экен, биздин үйгө дагы учурай кел дегендир да. Сени келип калабы деп күтүп-күтүп отуруп, эмираакта эле чыкты эле.

Кар эрип, жер ылайлана баштаган марттын алгачкы күндөрү. Эшикти ачып коюшуп, шыйпырдан тып-тып этип кулаган тамчылардын дабышын угуп отурушту. Аңгыча апасы бычагын челеке сала коюп, өйдө болду.

– Тур, Күмүш энең келатат.

Күмүш кемпир – алардын кошунасы. Бир үйдө небереси – тун кызынын уулу экөө түтүн булатып отурушат. Эркек баласы жок, кыздары болсо үйлүү-жайлуу болушуп, ар кайсыл жакта.

Самат ордунан туруп үлгүрө электе кемпир кирип келди.

– Ээ, устудент дагы келип калыптыр го. Кандай, жакшысыңбы козу?

Кемпир көкмөк тамырлары бөртүп-бөртүп турган туурук колдору менен Саматты өзүнө тартып, бетинен өөп койду.

– Эне, бияка өтүң.

– Отур, отура бер козу. Сен мыймансың да. Кемпир кире бериш жерге эле отура кетти.

– Кана, оомийин, тынчылык-аманчылык болсун! Аскарда, окушта жүргөндөрдүн бардыгы эсен-аман келишсин.

– Кечээ студентти дагы чакырттык эле.

– Жакшы болуптур да. Үкаси менен учурашып кетет. Окуу дагы кыйын окшойт аа? Азганын карасаң?..

– Булар эми... Кечке телмирип, китеп карап олтурушат да. Кыйналып-кысталып бүтүп алышса өздөрүнө эле жакшы. Кана, нанга караң. Сен нимеге чай ичпейтасың?

– Маңа болду... тойдум.

– Жегениң ушубу? Койа балам, ушуну менен кантип

болсун! Окуйм деп жүрүп, биржөлү кылтамак болуп калыпсың. Аш барган жерге дарт барбайт дейт. Ден соолугуң болсо анан окуу болот да. Азыр ниме, жашсың, ач калып, ток калып жүрө бересиң: Билинбейт. Эртең кырккa жетип-жетпей оорукчан болуп калсаң миң дарылангының бепайда. О жакта дагы сүт, тукум болобу? Көп-көп жеп алып жүр. Азали курсагыңды ач калтырба. Шашилбай карыңды тойгузуп ал. Келгениңди укса эми эле досторуң издеп келе башташат. Шулар үйдө болсо анан бала-чака-келет экен. Болбосо бирининин караанын көрбөйсүң.

– Балалуу үй базар деп шон үчүн айтат да – деди Күмүш кемпир. – Мен сенден сасык май сурап келбедим беле. Кечээтен бери иликтир жок, чырагыбыз күйбөйтат. Бир жерде зым үзүлүп, оңдоп атат имиш. Жарыкта жин чырагымды саздап койбосом караңгыда темселеп каяктан май издейм.

– Ишенин түбүндө кичине жүргөндөй болду эле. Калды бекен?

Кошуна кемпирди узатып келген соң апасы картошканын кабыгын чакага салды да, он жаштагы секелек кызына карматты.

– Койлорго бер. Жерге эле төгүп таштабай, акырына сал.

Өзү мештин үстүндөгү чайнекти нары сүрүп, ордуна казан асты.

– Үкаңа 85 сомго кастим-шым сатып бердик. Өзүбүздүн магазинде бар экен. Насияга эле алып чыгып, өзүнө кийгизип көрүп, анан атаң пулун алпарып берди. Саңа эми кайнатаң кийгизээр.

Апасы аны эне жооп айтат дегендей сынай карап койду.

– Качан эми бизди келиндүү кыласың? Сен теңдүүлөрдүн бардыгы үйлүү-жайлуу болуп калышты. Патилага үйлөнүп алып, Каныбекам үч балалуу болду. Болбосо шол дагы окуган, ол эле, бул эле деп тандаган жок.

– Эки жыл калды, окууну бүтүп алайынчы.



– Иши кылып чачи кыркылган бирөөнү ээрчитип кирип келбе да балам. Шаар көргөн эчкиден корк дейт. Олордун колунан бар жок келет. Эптеп башыңды айландирип тийип алса, бул жакка бирам келтирбей коёт. Бизге көз алдыбызда эле жүрсөңөр. Атаң экөөбүздүн безилдегениз дагы ошонон. Каникулга келип кеткенден бери ич кабарың жок. Эне өлгүр деген жаман экен, оюң ар каякка кетет. Табы айнып калдыбы дейм, караңгыда келатса бейбаш балдар уруп-нетип койдубу дейм. Менин санаачыл экенимди билет элең, эки эли кагазга апа, эсен-аман жүрөм деп жазып коюш кыйынбы.

– Жөн эле кыжалат боло бересизби? Жаш бала болсом бир жөн. Үч жылдан бери шаарга үйрөнүп деле калбадымбы.

– Он жыл жашасаң дагы жат жер деген жат жер.

Самат сыртка чыгып, эшик-эликти бир айланып келди.

– Чайканага кирдиңби? – деди апасы.

– Жок.

– Кирип көр, негирлерден бери келип, көрүп кетишти бир машина болуп. Куник болбой ө-ө-өл! Негирди жанинан эми көрүппүз. Айныкса кокусунан көргөндө жаман куник болот экен. Эркеги ям, катыны ям бүт чывыр шым кийип алышыптыр.

* * *

Иниси келгенде ал эшиктин алдын жыйнап аткан. Малаш ага үч-төрт кадам жетпей туруп калды.

– Давай, поздаровимся.

Иниси Саматты белинен сыга кучактап, эки-үч жолу өйдө көтөрүп, көтөрүп койду.

– Бир жакта жүрүп келсең үйдүн баары «бардак» болуп кеткендей көрүнөт бекен? Мен дагы келгенден бери жыйнап бүтпөй койдум. Каныштьы айна менен пол жуугуздум.

Малаш тамга жөлөнгөн шатынын тепкичине отуруп,

тамеки чекти. Самат эми ага астыртан көз чаптырды. Бети капкара болуп күнгө тотугуп калганы эле болбосо иниси дээрлик өзгөрбөптүр. Баягы эле көзү аландаган шашма бала.

Бактын үстүндөгү жол менен өтүп бараткан классташы Саматты көрө сала бери бурулду.

– Младший сержант менен учурашканы келипсиң да? – деди Азим күлүп. Анан койлорго чөп салып жүргөн Малаш тарапка көзүн ымдап койду

– Баягы эле бойдон экен. Кечээ учурашып коёлу деп Толкун, Адыл болуп келгенбиз да. Адыл бир ише сала келиптир. Кичине кызып калганда Малаш Толкунду билектен алып, «чыныңды айтчи, баягында менин коделегимди сен уурдадың беле?» деп атпайбы.

Экөө Малаштин 8-класста окуп жүргөндө Кырколдон кичинекей коделек таап алып, аны козу көтөргөндөй кучагына көтөрүп келгенин, анан анысы чоңоюп, эми мингенге жарап калганда уурдатып ийип ыйлаганын эстеп, күлүп алышты.

* * *

Кечинде иниси экөө кобурашып отурушту.

– Футбольный календарды кайдан алса болот? Командир взводго ала келем деп обещат этип койдум эле.

– Календарды билбейм, бирок менде футбол жөнүндө бир журнал бар. Ошону алып барып бер.

– Апамдарга айткан жокмун. Бир бала экөөбүз «Груз – 200» алып келгенбиз. Ротный Андижанга ким барып келет дегенде ич ким унчуккан жок. Эгер башка командировка болсо мен-мен деп талашышат эле. Бирок ата-энесине баласынын өлүгүн жеткирип барганды эч ким каалабайт. Акыры бир казак бала экөөбүздү зордоп жөнөттү.

– Ата-энеси таза ыйлашкандыр?

– Апасы «гробду ачкыла, баламды көрөм» деп раса жаңжал кылды. Дагы жакшы, атасы эстүү киши экен, көрүп күйгөндөн көрөкчө көрбөй күйөйүн, көмө бергиле» деди.



Экөө тең бир азга тунжурай түшүштү.

– Сен менен окугандардан альбом жасагандар барбы?

– Бар. Ону нимеге сурап калдың?

– Альбом жасатыш керек да. Кат жазган сайын саңа бирден-экиден сүрөт салып турсам, анан сен чогултуп-чогултуп жанагы балага берсең. Бизде альбом жасатпайт. Особист көрсө алып коёт.

– Өзүңөрдү эчтеке дебейби?

– Эчтеке кыла албайт. Союзда особистке колго түшсөң башка жакка которуп ийет экен. Кээ бир балдардан сурасам, особист эмне экенин дагы билбейбиз дешет. Биздин балдарды канча жолу наша менен кармап алды, эчтеке кылган жок. Союзга которуп ийсе жан деп кетишет да.

Эшик ачылып, апасы кирди.

– Канча күнгө келдиң – деди Самат сөздү башка жакка буруп.

– Дагы эки күн убактым бар. Базар күнү Ташкенде болуп калышым керек. Бүрсүгүнү кечирээк чыксам дагы бемалал жетем.

– Эртерээк чыга бер.

– Ниме, менден тажадыңарбы? Атам дагы келгенден бери тез кет дейт, апам дагы эртерээк бар дейт. Эми болсо сен кет деп атасың. Мынтээриңерди билгенде вообще келбейт болчумун...

– Тажаган эч ким жок. Просто кечигип калбаса экен деп кыжалат болуп атабыз да.

– Эчтеке болбойт. Көп болсо дицбатка айдайт да.

Самат аны акшыя карады.

– Оозуңа карап сүйлөсөң. Дицбат сага энеңдин оюну бекен.

– Да пошел ты на...

Самат колу кантип шилтенгенин өзү да байкабай калды.

Малаш да жини менен бир чапмакчы болгондо апасы чырылдап ортого түшө калды. Экөө буга чейин деле көп

эле урушушчу. Бир жакшына отуруп эле жөжө короздордой чокуша кетишчү. Бирок бүгүн ушундай болот деп ойлогон эмес.

– Өзү ниме болуп кетти? Сен кичүүсүң го, отурчу балам.

– Өзүн карабайсызбы? Мен биринчи тийиштимби? Эй салага, шаарда чалчаңдап жүрүп, күчкө толук калган окшойсуң аа?

– Ушул кылганыңар жакшыбы, айланайын балдарым. Биз бар ушинтесиңер, эртең эле атаң экөөбүздүн көзүбүз өтүп кетсе бириңдин гөшүңдү бириң жегидейсиң. Бу түрүңөрдө бириң өлүп атсаң, бириң оозуна суу тамызбайсыңар.

Самат ордунан туруп аркы бөлмөгө кирип кетти. Төшөктү эчак салып коюшкан экен, кийимин чечпеген бойдон көмкөрөсүнөн жыгылды. Аркы бөлмөдөн дале апасынын наалыганы угулуп атты.

– Бир туугандар дагы шундай болобу…

– Апа?

– Ниме дейсин?

– Мени саар эртераак ойготуп коюн.

– Болуптур. Тур, сен дагы ордуңа барып жат.

Иниси күңкүлдөп бирдеме деди, бирок эмне дегенин Самат укпай калды. Көпкө чейин уктай албады. Ары-бери ооналактап, жердин жети түбүнөн куюгуп жетип келгенине бушайман болуп жатты.

Мектепти бүтүп кеткенче экөө ушул бөлмөдө, бир төшөктө жатып жүрүштү. Кээде уруша кеткенде Самат инисин ичке бир согуп, же тизеси менен акырын тээп койчу. Ошол замат Малаш апа эле, апа деп айгай сала баштайт.

– Уй, пысмык! – аркы бөлмөдөн апасынын опузасы угулат.

– Самат эчтеке кылган жок, сарың жөн эле кыйкырып атат – дейт мештин түбүндө жаткан чоң энеси.

– Жөн кыйкырбайт. Анавы «суу мылтык» билгизбей, секин атып койду…



Эртең менен аны апасы ойготту. Уйкулуу көздөрүн ушалап, саатын караса беш болуптур. Андан арыраакта иниси бырылдап уктап атат. Кийинип, сыртка чыкты. Короо жактан абдесте көтөрүп, апасы келатыптыр.

– Турдуңбу? Таң атканча кирпик каккан жокмун айланайын балам. Экөөң тең талаа-түздө, жат жерлерде жүрүп, биржарым жыл дегенде көрүштүңөр, бир күн ойноп-күлүп, жатып кетсеңер болбойт беле? Үкаңди көрүп атасың, күнүгө өлгөндөрдү, жарадар болгондорду көрө берип, кыйык, нервний болуп калыптыр. Улуу катары сен ого теңелбей эле койсоң болот эле го?

Бирок апасынын какшаган сөзү Саматтын кулагынын сыртынан кетти. Кечээ эле мээси эзилип аткан жерди апапак кылып ороп салган калың карды көрүп, эснеси катып калган.

– Тьфу, өлгөн турбайбы…

Апасы эмне «өлгөнүн» түшүнө албай, ага жалдырай карады.

– Карды айтам. Самолет учпайт эми. Ушу саам окутуучулардын декандан уруксат алып кел деп аудиториядан куулуп чыкканы, декандын акшыйган көздөрү, өзүнүн отработка деп корпустан корпуска энтигип чуркап жүргөнү бирме-бир көз алдынан тартылып өттү. Бир орунда тура албай, пешайбанда ары-бери баса баштады.

– Ачылып кетээр. Таң азандан жолуңду катырбай, күлүп-жайнап бара берчи.

– Каяктан ачылмак эле. Бу кабатасинда дагы бир ай жаайт.

– Акыры ошол маалимдериң деле адам го. Шундай, үкам Ооганстандан келген экен деп айтсаң түшүнүшөөр. Өзүң дагы ишти кам кылгансың. Айтип, уруксат алып эле келсең болмок экен.

Самат бети-колун жууп келгенче апасы жүктөрүн белендеп койгон экен.

– Кичине нан менен беш-алты алма салып койдум.

– Албайм эч нерсе.

– Кой, алып ал. Акыры бирге жашаган балдарың үйдөн келди деп үмүткөр болушат да.

– Албайм дейм! Бир айтканды түшүнөсүзбү? Самолёт учпайт, мунуңузду салпактап аяка-бияка көтөрүп жүрөмбү?

– Болуптар балам, мына. Апасы дипломатканы ачып, ичиндеги чоң-чоң кызыл алмаларды кайра ала баштады.

– Досторуңа ала бараарсың дедим эле да.

Самат жепжеңил болуп калган дипломаткасын жаап, бет аарчысы менен жылтырата сүртүп кирди.

– Сиз дагы барасызбы – деди атасы да кийинип атканын көрүп. – Өзүм эле кетип калам.

– Биздики ушу – деди атасы кабагын бүркөп. – Өлгүчө силердин аркаңардан жүгүргөнүбүз жүгүргөн.

Баары чогуу эшикке чыгышты. Кардыкы го, суук тим эле сөөктөн өтөт. Самат ичиркене түшүп, плащынын жакасын көтөрүп алды.

– Пальтоңду эле кийип келбейсиңби – деди апасы зээни кейип. – Мунуңдун канча ысыгы бар эле. Жеткенче үшүйсүң эми.

– Ал жак ысык болчу. Апа, сиз кала бериң шамалдабай.

– Болуптур эмесе, жакшы бар. – Апасы Саматты эки ийнинен кармай калып, бетинен өптү. – Кабатыр кылбай, жетээриң менен кат жаз.

Көчөгө чыкканда Самат иниси да алар менен кошо чыгып, дарбазанын алдында кандайдыр бир ишараны күтүп турганын байкап калды. Бирдеке десе эле чуркап келип көкүрөгүнө боюн таштамак же кошо ээрчип жөнөмөк. Бирок Самат аны кал деп да, жүр деп да айткан жок. Өз санаасы менен убара болуп, инисинин кошо узатып барганы да, барбаганы да ал үчүн баары бир эле.



Ар кайсыл жерден борсулдап үргөн иттердин добушу гана болбосо айыл али кызуу уйкуда. Жаңы жааган карды кыртылдата кечип, Ноокатка чейин жөө барышты. Ал жерден таксиге отуруп, шашке ченде Оштун аэропортуна жетип алышты. Жүргүнчүлөр отурчу чоң залда аны менен бир курста окуган Узак аттуу бала жүрүптүр.

Аны көргөндө Саматтын көңүлү көтөрүлө түштү.

– Ой, кайдан?

– Э, бир жумуштар менен келгем. Кечээтен бери кеталбай жүрөм.

– Өзү самолет учуп атабы? Задержка жокпу?

– Учуп эле атат. Ал жакта погода жакшы окшойт. Өзүңдүн билетиң барбы?

– Жок. Табылып калаар дейм.

– Тээтигилерди көрдүңбү? – Узак кассанын алдында үймөлөктөшүп турушкан кишилерди көрсөттү. – Баардыгы Фрунзеге кеталбай турушат. Мен даже начальник сменага да кирип чыктым. «Билет жок» дейт.

– Анда канттик? Поездге баралыбы?

– Койчу эй! Эки суткада зорго жетесиң. Декан өлтүрбөйбү! Алматыга билет свободный экен. Кете бербейлиби?. Алматыга эле жетип алсак, о жагы чепуха да. Ар жарым саатта бирден автобус болуп турат. Кеттикпи? Баары бир бүгүн сабакка үлгүрбөйбүз.

Паспортту, акчаны алып, Узак шыпылдаган бойдон топтун арасына кирип кетти да, көп өтпөй кайра келди.

– Як-40 экен. Уже посадка дейт.

Күтүү залын аралап өтүп, самолетко отургузуучу жайга барышты. Жүргүнчүлөр бир катар болуп, темир каалга аркылуу ичкери кирип кетип атышат. Самат алардын этегине барып турду.

– Болуптур, эмесе ата – деди анан артына бурулуп. – Жакшы калың.

* * *

Самолет мизилденген жазы асфальт тилкеде жай жылып баратты. Катар-катар тизилген ТУларды, ЯКтарды, боорунда «огнеопасно» деген жазуусу бар керосин ташыгыч машиналарды аралап өтүп, учуучу тилкенин башынан күүлөнүп жөнөгөндө Самат иниси менен коштошпой кеткенин эстеп, ичи тыз этип алды. Анын кайра кеткенге буту тартпай, бир күн болсо да алардын жанында калгысы келгенин эстегенде ого бетер ичин ит тырмап, уялашынын бир жолку чыргоолугуна чыдап коё албаган өзүнүн мерездигин кечире албай турду. Эртең менен бир ооз жүр деп койбогонуна өкүндү. Узатып келсе жок дегенде адамча коштошот элем да деп ойлоду көзүнө жаш тегеренип.

Самолет болсо бийиктегенден-бийиктеп, иниси менен аны бөлүп турган аралык улам узарып баратты...

*1983-ж.*

## ТОЙ

Экөөбүздүн көздөрүбүз чагылыша түштү...

Айкыз чай апкелди. Чайнекти дасторконго коюп, анан мени жылмая карады.

– Эмил, аяшыңа чай куюп берип отур.

Мен Гүлжанга жакын жылып, колума чайнекти алдым.

– Кыз, капа болбоң, аяшыңыз өзү ушундай уялчаак.

Ушинтип айтып ийбесе экен деп чоочуп турдум эле. Жүз, балким миң жолу кайталанып, мен үчүн бечел же болбосо кем акыл дегендин эле синоними болуп калган ушу сөздү (жамандын бир аты жоош) бүгүн укпасам болот эле. Бирок айла канча, бүгүнкү кыял-жоругум менен эң жакын аяшымдын көзүнчө анын дагы бир жолу кайталанышына өзүм негиз бердим окшойт.

Ошко барганча аяшым экөөбүз бир да жолу сүйлөшкөн жокпуз. Жумаштын эң жакын досу, күйөө жолдош катары



жаш жубайлар отурган машинанын алдыңкы орду меники болчу. Жапалакка жетип, сүрөткө түшкөнү универмагдын жанына токтогондо Айкыз мени нары тартты.

– Капа болбогун го – деди жаман кабар угузчудай мукактанып. – Сенин ордуңа Малик отурсунчу. Бир паска эле. Карасам, сен дагы унчукпайсың, олор дагы унчугушпайт. Көңүлсүз болуп баратат. Малик шустрыйраак эмеспи, ырдап, нетип...

– Майли.

– Бирок капа болбо. Өзүң түшүнөсүң да, түшүнөт деп ушу сөздү айтып атам.

Түшүнбөгөндөчү. Машинанын ичиндеги кулак кескендей жымжырттык үчүн өзүм деле оңтойсуз болуп бараткам.

Сапарыбызды кайра уладык. Алдында апакай көйнөктүү куурчагы бар, ар кайсыл жерине түркүн түстүү лента тартылган ак «Волга» чоң жолдо бирде бизди кууп өтүп, бирде биз аларды артта калтырып бараттык. Машиналар бир саам жанаша түшкөндө ичиндегилер, алдыңкы орундукта безеленип ырдап бараткан Малик көзгө уруна калат.

Сулайман тоодон сүрөткө түшүп, салт боюнча Жумаштын эки досу Гүлжандын жеңеси менен курбусуна дүкөндөн белек сатып берген соң, түш оош Ноокатка кайра тарттык. Машиналардын сигналын бипилдеткен бойдон айылды аралап өтүп, тоо тарапка бет алдык. ЗАГСтан кийин Карагойдо же Кыргыз-Атада зыяпат уюштурмай да биздин ноокаттыктар үчүн салт болуп калган.

– Мен Эмил акани биринчи жолу Ошто көрдүм эле, Гүлжан өзү биринчи болуп сөз баштап калды. Экөөбүздүн көздөрүбүз кайра чагылыша түштү.

Мен сүйүнүп кеттим. Сүйлөшкөнгө шылтоо табылганына, экөөбүз маектеше баштаганыбызга, арабызды тоо сыяктуу бөлүп турган тосмо өзүнөн-өзү жоголо түшкөнүнө кубанып, жетине албай турдум.

– Бирок сүйлөшкөн эмеспиз – дедим мен жылмайып. – Эсиндеби, Жумаш экөөбүз силерди сабагы качан бүтөт деп күтүп отуруп, чыкканыңарда алдыңардан тоссок, бир ооз сөзгө келбей басып кеткенсиңер.

Гүлжан муңайым жылмайып койду. Анын бул жылмаюусунан ошондогу жоругу үчүн өкүнгөнүн же силерге ошондой эле мамиле керек болчу деп табалаганын түшүнө алган жокмун.

Биз Кыргыз-Ата шаркыратмасынын жанындагы бакта отурдук. Толукшуп турган жай маалы. Кызарып, саргарып бышкан өрүктөр шагына колуң тийсе эле топ-топ этип төгүлөт. Балдардын баары бак аралап кетишип, кыздар менен жалгыз эле мен калыпмын. Мен да ордуман туруп, ылдый жактагы сайды көздөй бастым. Бак суунун жээгине чейин созулуп, дарыяны бойлой жыгач тосмо тартылыптыр. Балдарды ошол тосмого жеткенде көрдүм. Буркан-шаркан түшкөн албуут дарыянын ар кайсыл жеринде сороюп чыгып турган чоң-чоң таштардын үстүндө отурушуптур. Баары тең плавкачан. Кыйкырсам дарыянын шоокумунан эч кимиси уккан жок. Качан эки сөөмөйүмдү оозума салып ышкырганда гана мен жакты карап калышты. Анан кол булгалап, бери кел деп чакыра башташты. Мен силерди күтүп калдык деп ишара кылдым. Балдар ордуларынан туруп, бери карай басышты.

Мен бактын арасын бир сыйра айланып келгенде баары дасторконго түгөл отуруп калышкан экен.

Улам бирөө тост сүйлөп, шыңгыта алып аттык. Бош бутылкалар көбөйгөн сайын көңүлдөр көтөрүлүп, ыр чыга баштады. Ушул шаан-шөөкөттүн арасында жалгыз менин аяшым, он тогуздагы сулуу кыз гана отургандарды муңайым тиктеп, капалуу. Жанында беттери албырып, көздөрү жумула жаздап досум отурат.

Айкыз чай сунумуш болуп шыбырады.

– Досуңду айтчы, уктабай отурсун. Уят да.



Мен ооз ача электе эле досум мени моюндан алып, өзүнө тартты. Жакындаганда оозунан арактын жыты бур эте түштү. Жүрөгүм алда кандай жамандыкты сезгендей болк этип алды.

– Мен кичине эс алып келейин – деди Жумаш тили араң күрмөлүп. – Азыр келем. Ордунан эптеп турду да, темтеңдеп бакты аралап кетти. Отургандар аны үн-сөзсүз узатып калышты.

Мен да отура албай койдум. Туруп, казан асып атқандар жакка бардым. Айкыз ошол жерде экен. Айкыз менин классташым. Бирок эки жыл мурда өйдөкү айылдагы Гүлжандын акесине турмушка чыгып, экөөбүз эми мынтип, сизиң-бизиң болуп калдык.

– Аяшың менен сүйлөштүңбү? Эң жакын аяшың ушул болот десем сүйүнүп калды. Экөөбүздүн мүнөзүбүз окшош экен дейт. – Анан ойлоно түштү. – Экөөнүн турмушу кандай болот билбейм. Айкыз эч ким уккан жокпу дегендей эки жакты сактана карап койду. – Кыздын эч көңүлү жок. Жек көрөм дейт.

Бул мен үчүн жаңылык деле эмес болчу. Гулжандын Жумашта көңүлү жок экенин мурда эле билчүмүн.

– Сага айттым эле го. Жигитим бар деген эле да. Ошол Нурдин экен.

– Нурдин? – Мен уккан кулагым ишенбей калдым. Мени көптөн бери таң калтырып келген нерселер бир заматта айкын, түшүнүктүү боло түштү.

Жумаш менен Гүлжан экөө кошуна, атүгүл алыс тууган да болуп кетишет. Ошондуктан, биз үчүнчү курста окуп атканда ата-энелери сөөк жаңыртмай ниетинде аларды кудалап коюшкан. Той кыз менен жигиттин окуусу бүтөөр жылга белгиленгендиктен, ата-энелери экөөнүн кез-кезде жолугушуп, киного же концертке чогуу барып тургандарына каршы эмес болчу. Атүгүл экөө бири-бирине үйүр алып, көнүшсүн үчүн тез-тез жолугушкандарына кызык-

дар эле. Жумаш каникул маалында айылга келген сайын Айкыз аркылуу Гүлжанга жолугушканга аракет кылчу. Кээде каникул болушун күтпөй эле бир-эки күнгө Ошко учуп келип кетет. Бирок Гүлжан ар кандай шылтоолорду айтып, аны менен жолугушкандан кача берет. Бир жолу Жумаш өзү менен чогуу окуган группалашы Нурдинди ээрчите барыптыр. Майин сүйлөгөн бул ак жуумал жигитти көргөн кыздардын баары эстен танчу. Жумаш аны ээрчитип мактанайын дедиби же жөн гана жалгыз баргысы келбей караан кылганбы, айтор, ошондон кийин эле иши жүрүшүп кетти. Гүлжан Жумаш качан, каякка чакырса да барчу болду. «Биздин компания Гүлжанга аябай жагыптыр – деген бир жолу Жумаш мага. – Мындай интеллигентный, спокойный балдарды вообще көрө элек болчумун дейт».

Көрсө, Гүлжан кечелерге Жумаш үчүн эмес, Нурдинди көргөнү, аны менен жолукканы барып жүргөн тура.

Көңүлүм ого бетер чөгө түштү. Жумашты аяп кеттим.

– Кечээ жакында экөө Нурдиндин тоюна барышыптыр. «Келинчеги аябай жароокер, жакшы кыз экен. Бирок ушунчалык жек көрүп отурдум» дейт. Кой бар, кыздын жанына отуруп, кичине көңүлүн көтөрчү. Ме, чайды ала кет.

Мен Гүлжандын жанына келип отурдум.

– Баягында силерди келет дегени аябай күттүк... – Мен аяшымды сөзгө тартмакчы болдум.

– Задержка болуп... Үчүнчү күнү зорго учпадыкпы.

Мен аларды күтүп досум экөөбүз дүкөндөн плащ сатып алганыбызды, анан костюм табылбай, акыры онунчу микрорайондогу дүкөндөн чий баркыт костюм шым алганыбызды, бирок бул жолугушуу мага буюрбаганын, алар кечигип, мен практикага кеткен кезде барганын айтып төгүлүп-чачылгым келди. Бирок кайра токтодум.

– Кандай анан Фрунзе, жактыбы?

– Жакты. Анчалык деле кыдырган жокпуз. ВДНХсына бардык, Жумаштардын жатаканасы жакта бир парк бар



экен го, шого кирдик. Бул жак суук болчу да, биз пальто, өтүк кийип алганбыз. Барсак, бардыгы плащ кийип жүрүшөт. Уялдык. Университетет каякта?

– Силер Дружба паркына бардык деп атпайсыңарбы?

Мен түшүндүрүп кирдим.

Кокусунан эле эмнеге мынчалык эргип кеткенимди өзүм да билбейм. Шаардын чет жагында жайгашкандыктан, Жумаш жашаган жатакананын терезесинен ак мөңгүлүү тоолор бир башкача ажайып көрүнөөрүн, анда-санда мейманчылап барып калганда досу күн сайын: эртең менен да, кечинде да тогузунчу кабаттагы балконуна чыгып, Нооккаттын тоолорун элестеткен зоокаларды көрө алаарын ойлоп суктанаарын, ошол жатакананын тушундагы парктын түштүк жагында керемет бак бар экенин, жайкы сессия башталган учурда курсташ балдары менен ошол жерге барып экзаменге даярданышаарын, жазында айлана жийде бурак, саратанда болсо жаңы орулган чөп жыттанып турарын, бактын четиндеги карт дарактын бутагында жалгыз күкүк дамамы Зейнебин издеп какшап турарын, анын сыздаган, какшаган үнүн укканда Басёнун үч саптары эсиме түшөөрүн бежиреп бердим.

Гүлжандын көздөрү жана түштү. Көрсө, күлгөндө көздөрү балбылдап, ого бетер сулуу болуп кетет экен.

– Жумаш каяка кетти – деди бир маалда Гүлжан эки жакты карап.

– Тиякта, эс алып атат. Азыр келет.

Анын бая кеткен бойдон жоголуп кеткенине мен деле тынчсызданып, бирок Гүлжанды алаксытыш үчүн гана сүйлөп отургам. Эми аяшым аны жоктоп, кыжалатана баштаган соң бул жерде отурганымдын эч кажети болбой калды. Ордуман туруп, Жумашты издеп жөнөдүм. Аны дарыяга жакын жерден таптым. Көк чөптүн үстүндө көмкөрөсүнөн түшүп жаткан экен. Эңкейип, ийнинен тарткыладым.

– Эй, Жумаш, тур эй! Бирок досум кыймылдабады. Ий-

нинен тартып бери оодардым. Колун басып жаткан экен, чий баркыт костюмунун жеңинин изи маңдайына түшүп калыптыр кыпкызыл болуп. Жүрөгүм шуу дей түштү.

– Жумаш, Жумаш дейм, турчу!

Бетине чапкыладым, жеңден тартып жулкулдаттым. Дегеле эсине келчүдөй түрү жок. Көтөрүп тургузайын десем башы шылк этип, оозунан шилекейи агып жатып калды.

Ушу тапта жогорудан бирөөнүн шарпасы чыкты. Карай салсам шашып-бушуп, Жумаштын агасы келатыптыр.

– Ниме болду?

– Ичип алыптыр. – Мен башымды шылкыйттым.

Агасынын ачуусу келип, өңү бузула түштү.

– Карабапсыңар да. Силерге ишенсе...

– Мен дагы билбей калдым – дедим мукактанып. – Ысып кеттик, чөмүлөбүз деп сайга кетишкен. Шояктан ичип келиптир.

– Кел, кармашып кой.

Жумашты бирибиз буттан, бирибиз колдон алып, далдаа жерге жаткырдык.

– Жуда куник иш болду да. Силерге ишенсе.. Агасы дале наалып атты.

Мен кайра барганда отургандар жапырт ырга киришкен экен. Баары тегиз, жеңелерден өйдө кызуу.

– Жумаш кана? – деди Гүлжан.

Мен башым менен өйдө жакты көргөздүм.

– Бир аз эс алып алсын.

Мен аны кайра кепке тартмакчы болдум, бирок сөзүбүз коошподу. Гүлжан мага да, ырдап-чордоп аткан башка кишилерге да көңүл бурбай нары жакты үнсүз тиктеп отурду. Өзү бул жерде болгону менен ой-санаасы алыста эле бу саам анын.

– Бактылуу бол-гу-ула,

Баш кошкон эки жа-аш...

Отургандар ырдап атты. Жеңелердин беттери анардай



албырып, көңүлдөрү куунак. Жумаштын курсташтарынын бири өзүнчө наалып атат:

– Жумаштын жакын досу элем. Эч ким мага сөз бербей койду...

Ошол тапта өйдө жактан опур-топур угулуп, эки бала Жумашты эки колунан кармап, кап сүйрөгөндөй эле сүйрөп өтүштү. Гүлжан аны элейе карап калды. Ал капилет эле жоголуп кеткен күйөөсү өйдө жакта бирдеке болуп атканын жүрөгү менен сезсе да, мынчалык ахыбалда экенин билген эмес окшойт.

Мас болсо дале наалып атты:

– Майли, көрөбүз, бизде ям той болоор....

Гүлжан эки жигиттин ортосунда сүйрөлүп бараткан Жумашты бир аз унчукпай узата карап турду да, анан башын тизесине коюп, шолоктоп ыйлай баштады.

– Аяш, сизге эмне болду?

Гүлжан жооп бербеди. Унчукпай гана эки бөйрөгү бүлк-бүлк эте шолоктоп ыйлай берди. Мен эмне кылаарымды билбей калдым. Калгандар болсо өзү менен өзү. Эч ким ыйлап аткан жаш келинге көңүл деле бурган жок. Бир топтон кийин гана кыздын курбусу келип, жанына отурду.

– Эмнеге ыйлап атат – дедим мен.

– Жөн эле – деди кыз салкын гана. – Өзү эртең менен эле ЗАГСка чыккысы келген эмес.

Мурду кырдачынан келген арык чырай бийкеч курбусун кучактап отурганы менен көзү нар жактагы Муратта эле. Көңүлү жайдары Мурат болсо келинчеги экөө бир нерсени эзилишип сүйлөшүп атышат.

Аңгыча жанагы сөз сүйлөбөй калганына таарынган мас Гүлжандын жанына тизелеп отуруп, ээгинен көтөрүүгө аракет кылды.

– Кой, келинчек, ыйлаба...

– Барчы, нары. – Гүлжандын курбусу аны эки колдоп түртүп калды.

– Ыйлап атпайбы – деди мас. – Соортуп коёюн.

– Сооротпой эле кой.

Бирок мастын тураар түрү жок. Гүлжанды колдон тартып, жулкулдатып, жүдөтүп салды. Мен аны ары сүйрөп кетмекчи болдум эле олбурдуу неме моюн бербеди.

Басып кеттим. Сай жакта курсташ эки жолдошу Жумашты отургузуп, бетин жууп атышыптыр. Мен аларды тилдеп кирдим.

– Адам эмес турбайсыңарбы! Эмнеге ичирип койдуңар?

– Өзү ичти – деди балдардын бири. – Бүгүн ичпесем болбойт деп туруп алды.

– Өлүп кетпартсаң да бүгүнчө ичпей турбайсыңбы?

– Мен эми Жумашка опурулдум. – Шерменде болдук го?

– Эй, Эмил дос. Мен атайылап ичтим – деди Жумаш ыйлап ийчүдөй болуп. – Мен деле адаммын го акыры. Бир жолку тоюм ушундай өтөвеле? Нимеге кыйынсыйт? Нимеге мени теңсинбейт?

Мен кайра сөз таппай калдым. Аңгыча тиги жактан каткырган үн угулду.

– Күлүп атабы? – Жумаш кулак төшөй калды. Мен баш чайкадым. Каткырган үн анын кулагына Гүлжандын үнүндөй угулуп кетти окшойт. Ого бетер заманам куурулуп, кайра келатсам агасы казандагы ашты демдеп атыптыр.

– Кетпейлиби – дедим мен.

– Шашпагыла, палоо даяр болуп калды. Жеп алып анан кетесиңер.

Баарыбыз кайра жыйналып отурдук.

– Болгула эми – деди Гүлжандын курбусу. – Жесек жеп, тезирээк кетели.

Отургандардын эмелеки куунак маанайы жоголуп, баарынын кеткиси келе баштады. Ашка эч кимисинин көңүлү деле чапкан жок. Эптеп эле алган болуп отурушту. Табактагы аш дээрлик желбей калды.

Туруп, машиналар токтогон жакка жөнөдүк. Мен тез-тез басып, алдыраакта бараткан Гүлжанга жеттим да жанаша бастым . Ал дале ыйлап атыптыр. Бирок үн-сөзү жок, тек гана көзүнөн жашы куюлуп баратты.



– Баарына өзүм күнөөлүүмүн – деди муңканып. – Эмнеге макул болдум экен? Эмил ака, сиз кала бериңчи. Мен кичине жалгыз басып келейин.

Мен туруп калдым. Кыздар ыза болгондо үн чыгара ыйлап алса, жеңилдене түшөт деп кайсыл бир китептен окудум эле.

Гүлжандын карааны караңгыга чулгана баштаган бактын арасына сиңип кетти. Бир аз турдум да, анан башыма келе калган капилет ойдон чоочуп кетип, чуркап жөнөдүм. Гүлжан кеткен чыйыр жол менен барып, типтик жарга кептелдим. Жардан ылдый шоокуму кулакты тундуруп, улуу дарыя агып жатат. Эч ким көрүнбөйт. Гүлжандын аппак жоолугу гана жар боорунда суудан урган муздак шамалга желбиреп туруптур...

*1985-жыл.*

## МАЙРАМДЫН ЭРТЕСИ

*Новый год наступил-беззаботные*
*лица прохожих вокруг мелкают...*
*(«Маньесю»)*

– Эми ниме кылдык – деди Закир.

Беркі экөө тунжурап унчугушпады. Эмне кылышты эч кимиси билишпейт эле.

– Ондо, по домам что ли?

Аман сумсая түштү. Эки досу азыр эки жакка тарап кетээрин, өзү болсо калпийип, Төкөлдөштөгү күн көрүнбөгөн жер кепесине кайра бараарын, зериккенинен бар күчүн китептен, телевизордон чыгараарын, Маканиндин «Один и однасын» окуп чарчаарын, телевизорду телмирип чарчаарын, көп өтпөй телевизордогулар да чарчашып, экранда өчүргөндү унутпагыла деген жазуу пайда болгон соң, эң арга кетирген жалгыздык башталаарын (телеви-

зордун чырк этип өчкөнүнөн жүрөгү заарканып турчу) түнжураган караңгылыкта өзү сыяктуу жалгыз чычкандын буфеттеги каткан нанды кытырата кемиргенин тыңшап, түн бир оокумга чейин уктай албай жатаарын ойлоп ындыны өчө түштү.

Эртең менен ойгонгондон эле сабыры суз болчу. Бирок түпкүрдөгү шамдай болуп көкүрөгүндө бир үмүт бүлбүлдөп турган. Капысынан эле бир бейтааныш кызга оропара келип кала тургандай, ал өмүр бою издеген, күткөн нерсе дал ушул жолугушуудан табылчудай сезилген. Ошол үмүткө жетеленип, үчөө таң азандан кыз уулап чыгышты. Бирок «Айчүрөктүн» жанынан түшүп алып, шаардын чок ортосун үч сыйра кыдырып чыгышса да эч кимди учурата алышпады.

«Биринчи январь эң оор күн – деди Аман өзүнчө күңгүрөнүп. – Түндөгү ичкиликтен баш зыңылдап же уйку чала болуп калганынан эмес. Жок, андан эмес. Бир жыл бою 31-декабрды таттуу кыялдарга батып, ынтызар боло күтөсүң. Анан ошол күткөн күнүң келгенде жомоктогу ак сарайга чоң үмүт менен кирип, бирок куру алакан чыккан баладай умсунуп кала бересиң. Эмне үчүн мындай? Буга балким отузга жакындап калса да деле укмуштарга ишенген, жомоктогудай перини күткөндөн тажабаган романтик мүнөзүм күнөөлүүдүр? Балким реализмге өтүп, турмушту болгонун болгондой, ак-карасын ылгабай кабыл алганга үйрөнүш керектир? Мүмкүн ошондо кубанычты жылына бир келчү майрамдан издебей калаармын?..

* * *

Жаңы жылды сүйлөшкөн кызы экөө тосушмак. Экөөн сөздүн толук маанисинде сүйүшкөндөр деп деле айтканга болбойт. Жамал да гезитте корректор болуп иштегендиктен, Аман номурга дежур болгон сайын басмаканадан жолугуп, ара-чолодо сүйлөшүп калышчу. Амандын карт бойдок, Жамалдын да башы бош экенин жакшы билген басмаканадагы эжекелер өздөрүнчө кеңешип, жалгыздыктан



таңы атпагандардын сообуна калалы деген бүтүмгө келишкен го, акыркы күндөрү күйпөлөктөп, экөөн бири-бирине жакындаштырганга аракет кыла баштады. «Жамалдын редакциядан алган бир бөлмө квартирасы бар. Кудай буюруп, баш кошуп калсаңар дегеле квартира издеп кыйналбайсың. Шаарда квартира табыш кандай кыйын экенин өзүң деле билип калдың окшойт» дечү өзүнүн машинкасындай шакылдаган эже. Айтканын өзү кайра унутуп калабы же экөөнүн мындан аркы мамилеси кандай уланаарына турак-жай маселеси түздөн-түз таасир этет деп эсептейби, бул сөзүн жолуккан сайын кайра-кайра кайталагандан тажачу эмес. Дал ошол эженин демилгеси менен эки-үч курдай киного чогуу барышты.

Кечээ да типографиядан жолугуп калышты. Аман бир топко буйдалып, түйшөлүп атып, жаңы жылды чогуу тосууну сунуш кылды эле кыз шыр эле макул болуп, үйүнө коноко чакырды. Мындай вариант Аманга майдай эле жага түштү. Анткени, Жамалды чакыраарын чакырып алып, макул болуп калса асты полдонбогон, дубалдарында жөргөмүш жайнаган жер кепеме кантип ээрчитип барам деп кыжалаттанып аткан.

Бейшемби гезит чыгаар күн болгондуктан, Амандын өтүнүчү боюнча достору дүкөндөн шампанский, торт издеп кетишкен. Экөө көтөрүнүп кайра келишкен соң, мага караан болгула деп аларды да кошо ээрчитип алды. Тогуз кабат үйдүн алдына жеткенде досторун сыртка калтырып, ичкериге жалгыз өзү кирди. Экинчи кабат, тигине бешинчи квартира. Аман жаңы эле коңгуроону басайын деп баратып, ар жактан чыккан тааныш үндөн улам токтоп калды. Жок, жаңылышы дегеле мүмкүн эмес, бул Жамалдын үнү эле. Эки аттап тепкичке жетти да бурчтагы эки караанды көргөндө таштай катты. Жамал булгаары куртка кийген бирөө менен кучакташып туруптур. Аман адегенде шарт бурулуп басып кетмекчи болду, бирок кандайдыр күчтүн таасири менен кайра токтоду.

– Мен баарын көрдүм – деди калчылдап.

Кыз чоочуп кетип, артка кетенчиктей берди. Далысын салып турган жигит да бери бурулду эле өңү-башы дап дана көрүнө түштү. Ошол эле Аман менен Жамал иштеген гезиттин бөлүм башчысы экен. Үй-бүлөсү, эки баласы бар бул жигиттин Жамалга сугун артып, экөө мамилелеш болуп жүрүшкөндөрүн Аман билген эмес.

Сыртка атып чыкты. Анын уруп – салып баратканын көргөн достору да шаша-буша артынан ээрчий басышты.

– Эмне, үйүндө жок бекен? – деди Закир.

Аман унчуккан жок.

– Сүйлөсөң, эй!

– Үйүндө эле экен...

– Ондо нимеге кирген жокпуз? – деди Закир бирдекеден шектенгендей. – Же кир дебей койдубу?

Аман дулдуюп жооп бербеди.

– Кызык – деди Асилбек – кел дегени нимеси, анан мынткени нимеси.

– Биз дагын ээрчип албадыкпы. Жалгыз өзүң келгенинде...

– Жок, Аманды чындап сүйсө үчөө эмес, бешөөбүз келсек дагы кир демек.

– Шон үчүн айтам да, жакшылап билгин деп. Ол сени менен серезный жүрөбү же ойнотуп жүрөбү. Мына, мени айтты дейсиң го, сенин пулунду жеп-жеп, анан мясо-молочный институтту бүткөн бирөөгө тийип кетет.

– Бир пас унчукпай баскылачы – деди Аман туталанып. – Арыз арманыңарды анан айта берсиңер.

Достору тынымга тымтырс боло түшүштү.

– Шунтип жаңы жыл дагы пок болду. Неужели ичпей калам? – Асилбектин үнү ыйламсырагансып чыкты. – Жок, бүгүн ичпесем болбойт. Азыр Карпинкага барып, 25 сомго болсо ям алып ичем.

– Көп кайгыра бербечи – деди жини келген Закир. – Мына мен таап берейин. Арак элеби?



– Колду бер – Асилбек тык токтоду. – Таба албаган ниме болот?

– Айттим го, общягадагы балдардан сурап болсо ям таап берем.

– Аман, бөлүп кой!

Асилбек бир паста шайыр тартып, баягы куунак маанайы кайра келди.

Закир колун жарыкка тосуп, саатын карады.

– Он бир. Точно көчөдө кала турган болдук.

– Ничего балдар – деди Асилбек. – Ич гыжыл болмой жок. Бардыгы жакшы болот.

Аялдамада көпкө туруп калышты. Кайсыл жакты караба тыбырчылап, шашкалактап жол тоскон эле кишилер. Айрымдары жеңил машина аттуу көрүндү дегиче колун жаңсагылап, алдын торой чуркашат. Бирок көп машиналардын бирөө да токтобой өтүп кетип атышты.

– Өчөшкөнсүп, шундайда такси да токтобой коёт – деди Закир.

– Шашылып атышат да. Жаңы жылды бардыгы үйүндө тоскусу келет.

Алардан арыраакта жука кийимчен бир аял бутундагы үй тапичкеси менен жер тепкилеп, муңдуу ырды созолонтуп жатты.

Один ра-аз в го-од са-ды цветут,
Весну любви о-оди-ин раз жду-ут...

Ал сөөлөтүнө дегеле ылайык келбеген кыймыл менен тырбаландап бийлеген сайын жанында жарданып карап турган эки кичинекей бала кыткылыктап күлүп калышат.

– Вам что спеть? – деди аял бир саамга ырын токтото калып. – Вам рок надо да? У рока есть рога да? Аял эки сөөмөйүн маңдайына коюп, мүйүз жасады эле балдар тим эле жыргап-куунап калышты.

Аял тетири бурулуп, ырын кайра улады.

Один раз, лишь только раз,
Цветут сады в душе унас...

– Кто это, Анна Герман что ли? – Жогор жактан шыпылдай басып келаткан жигит мыскылдай суроо таштады.

– Да, да – дешти балдар жарыша.

– Тогда почему не аплодируйте?

Балдар аялга дагы да жакыныраак барып турушту. Жанатан бери кабагын чытып, унчукпай турган орус киши бери бурулуп балдарга бирдеме деди. Эки баланын күлкүсү тып басылып, момурайып туруп калышты.

Аял болсо дале ырдап атты. Аңгыча эле ылдый жактан автобус көрүндү. Он эки ченде, анан калса жаңы жылдын түнүндө автобус келет деп эч кимиси күткөн эмес. Автобус капталындагы тостойгон сары чырактары өчүп-жанып, аялдамага келип токтоду.

– Дежур окшойт – деди Закир үчөө орундуктарга жайланышып отуруп алышкан соң.

Жаңы жыл алар эми гана автобустан түшүп, жолдун четиндеги тротуар менен Закир жашаган жумушчулар жатаканасын көздөй баратышканда көп кабатуу үйлөрдөгү аял-эркектердин ураалаган мас кыйкырыктары менен арааш кирип келди. Айлананы балдардын чыйылдаган шаңдуу үндөрү басып кетти. Аңгыча эле терезелердин бирилен тыз этип кызыл чок атылып чыгып, караңгы асманда бир саам жалбырттап турду да жалп өчтү. Анын чубалжыган түтүнү караңгыда да кадимкидей көрүнүп турду.

Аманды күтүүсүз келген бир табышмактуу сезим бийлеп алды. Айлананы жанырта кыйкырып, досторун кыса кучактагысы келди. Бирок ийнине колун артмакчы болгондо Закир кагып койду

– Жөн басчы, шашып атканда.

* * *

Үчөө дагы эле аялдамада турушту.

– Ондо мен кеттим – деди Закир.

– Каяка шашасың? – Аман дале бир нерсени күтүп аткан. Достору кетсе эле эң акыркы үмүтү кошо кете тургандай кыйпычыктай түштү.



– Жүргүлө, андан көрө меникине.

– Сеникине барганда ниме кылат элек? – деди Закир.

– Отурабыз да, сүйлөшүп.

– Кой, эртең иш. Барып, кичине дем албасам болбойт. – Анан бир саам унчукпай калып кошумчалап койду. – Кыздар болгондо бир жөн эле.

– Бар, кетсең кетчи! Саңа кыз эле керек! Амандын чындап ачуусу келе түштү.

Троллейбустун ачык эшигин көздөй бараткан Закир мандайындагы сары тиштерин кашкайта калп эле ырсайымыш болду.

– Асилбек, тигини кой деп койчу.

Кийинки троллейбус жылып кеткенден кийин Аман аялдамада жалгыз өзү калды.

«Потерял я журавля...
Так из виду изчез,
Как сошедший у дома снег.
Улетел высоко
Он, подхвачен ветром морским
В девяти небесах
Не подруги ли он нашел?»

Ушу саам ал байкалбай отуруп Жамал анын турмушуна кадимкидей кирип калганын, бири-бирине коёндой окшош, тажатма күндөрүнүн шооласына, түстүү боёгуна айлана баштаганын, эми ошол бүркөк асманда күтүүсүздөн пайда болгон асан-үсөн ошондой эле күтүүсүз жоголуп кеткен соң көкүрөгүн кайра шуулдаган боштук ээлеп, мындан аркы жашоосу ого бетер күңүрт тартаарын түшүндү. Турнасын жоготкон кытайлык акын бул ырын кандай абалда отуруп жазганы көз алдына кадимкидей элестеп кетти.

Аман ырды ичинен дагы бир ирет кайталады:

«С этих пор как журавль пропал,
с кем часы коротать,
седовласый будет старик?»

*1986-ж.*

## НУРАСИЛ

Саат сегиздер чамасында кирип келди. Кызымтал. Ичкенин бир караганда эле байкайм: бети албырып, көздөрү күлмүңдөп калат.

Кирип эле мага көңүл да бурбастан, столдун үстүндө турган телефонго жармашты.

– Алло? Это поликлиника? Вы завтра военнослужащих будете принимать? Летчиков будете принимать? Знаете, где конечная остановка 38-го автобуса?.. Анан сөгүнүп калды:

– Трубканы коюп койду, энеңди урайын.

– Кимге чалып атасың?

– Кыздар бар эле да, медсестра.

– Анан жөн эле чакырбайсыңбы, каяктагы бир летчиктерди айтып башын оорутпай. Мен кабагымды бүркөп, олуттуу түр көргөзгөнүм менен ичимден анын келгенине сүйүнүп турдум. Кечинде жалгыз кетким келбей атты эле, жакшы болбодубу.

Нурасил стулга көчүк басты.

– Бача, качан кетебиз?

– Али убакыт боло элек, отуруп тур.

Столдо Шукшиндин китеби турган. Нурасил китепти колуна алды да дароо артындагы баасын карады.

– Шуну үч сомго сатып алдыңбы? Он эки кружка пиво айып болуптур да.

Анан бир-эки бетин барактамыш болуп, кайра столго таштады.

– Начар китеп экен.

– Окубай эле каяктан биле койдуң?

– Карабайсыңбы, битта ям сүрөтү жок...

*Экөөбүз бир батирде чогуу жашайбыз. Сабактан чыкканда же көчөлөп жүргөндө мен иштеген жерге келип калмай адаты бар. Болбосо телефон чалат. «Алло, редактор Пирматов бекен?» дейт бакылдап. Трубкада угуп тур-*



*ган мен экенимди билсе дагы атайылап сурайт. Ушинткенде эле анын жалгыз эмес экенин сезем. Көчөдөн же китепканадан бир кыз менен таанышса (кыздардан аябай эле жолдуу) эле ушинтип калат. Адегенде бир аз сүйлөшүп отурат, анан отурган жер кабинет болсо звонит этип алсам болобу деп сурайт. А эгер көчөдө баратса, азыр мен срочно бирөөгө звонит этишим керек эле деп телефон-автоматтын буткасына жөнөйт. Тиги кыз уксун үчүн атайылап катуу-катуу сүйлөйт. «Алло, редактор Пирматов керек эле». Бул менин атымды, кызматымды кадыр-колко кылып, кыздын алдында каадаланганы, редакторлор менен шилекей алышып жүргөн соң, демек, мен да оңой адам эмесмин дегени.*

*Кээде кыздар менен менин атымды айтып таанышып, телефонумду берип койчу. Анан эле кайдагы өзүм билбеген Айгүл, Чолпондорду эстей албай шайым ооп, тааныштарымды бат эле унутуп калганым үчүн бейтааныш бийкечтерден жылуу жумшак кагуу жеп, иттигим үчүн кайра-кайра кечирим сурап, бирок дагы эле эстей албай атканымды айтып, кайсыл жерден, кантип таанышканыбызды эстертип коюну өтүнүп эле жатчумун. Бирок Нурасилдин жанагындай фокустарына ошол учурда жиним келип, ичтен сөгүнгөнүм менен андан дегеле көңүлүм калбайт. Милийсада иштеген досубуз Нурадил айтмакчы, кайра анын «лапшаларын» жегибиз келип, сагынып калабыз. Бир күн көрбөсөк тура албайбыз. Айрыкча, ал үч ай практикага кетип калганда орду жаман оңкулдады. Калп айтсаң да, лапша жедирсең да жаныбызда эле жүрчү дедик.*

*А мен үчүн ал тумар сыяктуу. Кызга болобу, башка ишке болобу тумар кылып ээрчитип алам. Экөөбүз анын гитарасын көтөрүп алып кайсыл гана кыздарга барбадык, кайсыл гана эшиктин босогосун аттабадык. Атүгүл бир жолу Инжил алабыз деп баптисттердин сыйынуу үйүнө да баргандыз. Нурасил бир орус кемпирди ээрчип ичкери кирип кетти,*

мен болсо БЧКнын жээгинде күтүп турам. Арадан бир сааттай өткөндөн кийин барактары саргайган эски китепти колтуктап чыкты. «Бабуляларга кошулуп ырдабадымбы» деди кыткылыктап. Бирок Нурадилден баптистердин кадуу салттары жөнүндө уккандан кийин экөөбүз тең көпкө чейин коркуп жүрдүк.

Анын мени менен кошо жүргөнүнүн өзү эле элүү пайыз ийгиликти камсыз кылчу. Буга чейин каш серпип сыр бербей жүргөн кыздар да ушу көгүш көздүү досумдун сөзүн, ырын уккандан кийин мага мээрим төгүп, башкача мамиле кыла баштачу. Мага ошондой сезилчү.

Жумушчулар шаарчасындагы дяд Толянын квартирасында Нурасил, мен, милиционер досубуз Нурадил, камсызсын инспектору Кабыл болуп бир жылдай жадоо кызматынын инспектору Кабыл болуп бир жылдай жашадык. Күндөрдүн биринде Нурадил квартира тапканча убактылуу жашай турсун деп дагы бир милийса кесиптешин ээрчитип келди. Анысы дүңкүйүп көп сүйлөбөгөн түнт неме экен, качан караба мурутунан муз тоңуп турат. Андасында гана «кысталак» деп сөгүнүп койчу. Бир жолу баарыбыз чогуу телевизор көрүп отурганда Нурасил аны кепке тартты. «Кысталак» шымын үтүктөп аткан.

– Аяш жаман сулуу экен (анын аялын кайдан көргөн?) – деди Нурасил желкесин кашып. Өзүң жоош эле баласың, анан шундай сулуу кызды кантип имерип алганыңа айранмын.

– Ала качып беришкен – деди тиги дүңкүйүп.

– Ким?

– Эжемдер.

– А сен көзүң каякта элең?

– Үйдө бекинип тургам.

– Ээ, чаки кылган экенсиң – деди Нурасил эриндери бүлк-бүлк этип. – Салтты бузган турбайсыңбы. Күйөө баланын расмиси боюнча тамдын башына бекиниш керек эле да.

Биз боорубузду тырмап күлүп калдык.

Ошондон эки-үч күндөн кийин болсо керек эле, мен



экзамендөн кийин курсташтарым менен тойлоп, жатаканада түнөп калдым. Эртеси шашке ченде келсем эле үйдүн ичинен кыңылдаган коңур үн чыгат. Кирип барсам, алты айда бир сөз чыкпаган «Кысталак» безеленип сайрап атат. Баланын өнөрү чыга баштаган го дедим ичимен. Бирок үнчуккан жокмун. Анын мүнөзү бир түндө эмнеге мынчалык өзгөрүп кеткенинин сырын кечинде, Кабыл жумуштан келгенде гана билдим. «Түндө Нурасил «Кысталакты» ырдатпадыбы – деди Кабыл. – Ушу сен ырдайт болушуң керек, үнүңөн сразу эле билинди, колдоруң да эп келишип турат, аккордеон дагы тартат болушуң керек деди эле, тиги адегенде жок деп кылыктанып туруп, анан эле заңылдатып кое берди».

Нурасил армияда ВДВда кызмат өтөгөн. Балдар аскердик альбомун барактап отуруп, анын боюна (бою пасыраак) бир карап, альбомдогу тельняшка кийген сүрөттөрүнө бир карап, «кандайча десантный войскага попал болдуң, парашюттан секиргенде сени шамал учуруп кетип, башкалардан эки-үч чакырым алыс түшкөн болсоң керек ээ» деп тамашалашып эле жатышчу. Өзүнүн айтымында, бала кезден самолетторго кызыгып, учкуч болгусу келчү экен. Бирок турмуш шартына байланыштуу учкучтардын окуусуна тапшыра албай калыптыр. Бирок азыр айыл чарба институтунда окуп жатса да ошол бир кездеги кызыгуусун унута албай, учкуч формасындагы кишини көрсө эле жабышып жатып калат. Калп айтпасам, Союзда болгон аскердик, граждандык учкучтар окуу жайларынын баарына кат жазып чыкты окшойт. Биз менен кошуна үйдө орус улутундагы учкуч киши жашайт. Дем алыш күндөрү короодо малина же помидору менен алек болуп атканын көзүбүз чалып калчу. Бир жолу карасам эле Нурасил эки короону бөлүп турган тосмого жөлөнүп алып, анын кулагына да мен Бийсдеги учкучтар окуу жайында окугам деп «кесме» илип атыптыр. Тиги киши да ошол жерден окуганбы же тааныштары бар-

*бы, баланча иштеп атабы деп сурап калды. Абийири айран-
дай төгүлмөй болду, калп айтпай эле койбойбу деп бер
жакта туруп эле менин чый-пыйым чыгып кетти. Бирок
Нурасил эч кебелбей, ооба, иштеп атат десе болобу! Бу
жолу да ал «легендасын» акыркы курстан комиссовать этил-
гем деп бүтүрдү.*

*Дегинкиси, ал улам кат жазып, жооп ала берип, окуу
жайларынын дээрлик баарынын жетекчилеринин аты-
жөндөрүн жатка билет. Анан да эсте тутуусу укмуш, бир
укканын дегеле жадынан чыгарбайт. Биздин КирТАГга баш
бага калганда да мени менен чогуу иштеген кишилерди
көрдү дегиче фамилияларын сурайт. Мен айтам. Баршай,
Нисдорф, Вербкин деп жаттап калат.*

*Кээде эски аэропортто сейилдеп жүргөндө ангардагы
самелеттун жанында отурган курсанттарды көрсө эле алыс-
тан туруп кеп ыргытат. «Байкеңер Воронеждеги авиатех-
нический институтту бүткөн. Силер болсо Ан-2ни билбей
отурасыңар да, салагалар». «Ты серезно, дед?» Курсанттар-
быз жакты элейип-элейип карап калышат.*

*Үчүнчү курста окуп жүргөндө сарык болуп, бир топко
чейин ичпей жүрдү. Балдар стакан кагыштырып атканда
бир пас унчукпай карап турат да, анан угуза кейип калат:
«ушунан көрө колум сынбайбы, путум сынбайбы, ooру ку-
руп кеткенсип сарык да боломбу?»*

Телетайпта иштеген Ракыя эже кирди. Бул маалда алар-
дын иши дээрлик бүтүп, Москванын уруксатын эле күтүп
калышат. Бош боло калса биздин кабинетке баш багып,
корректор эжелер менен кобураша калмайы бар. Мен экин-
чи кабаттагы котормочулардан материал алып келсем, Ну-
расил экөө узун кепке кирип калышкан экен. Нурасил бе-
рилип сүйлөп, Ракыя эже угуп отурат.

– Старший лейтенант Шишков деген ротныйым бар эле.
Былтыр атайын издеп бардым. Үч күн мыйман кылды. Част-
ка апкирип, ротасына кошуп койду. Бул биздин бывший



солдат, всегда в нашем строю дегендей кылды да. Ичке-
нибиз коньяк, эртең менен военный машинага түшүп чы-
гып кетебиз. Солдаттар менен полигонго барып, автомат
атып, миномент атып келем, кадимкидей форма кийгизип
койгон. Айтат: «этот сержант... (аскердик наамы өзүнө
кичине көрүндү окшойт, кайра ондоп кетти), этот стар-
шина 3 года тому назад служил у меня командиром отделе-
ния». Мен дагы бош келген жокмун. Шарт бирөөнүн авто-
матын алып аттым эле мишен жыгылды. «Вот видите, мой
бывший солдат меня не подведет» деди. Ушинткенде
көзүмөн жаш чыгып кетти...

Нурасилдин көздөрү жашылдана түштү.

– Эми кайра ошолордун катарына кошулушум керек да.

– Молодец, сендей аракетчил баланы көргөн эмесмин, –
Ракия эже анын сөзүнө тимеле муюп калыптыр. – Мындай
кызыгуу менен сөзсүз максатыңа жетесиң.

– Ейскиге окууга тапшырайын дегенде атамдар биз сени
шунчалык чоңойтсок сен офицер болуп кетесиңби деп кар-
шы болушкан. Мен болбой эле тапшырдым. Үч ай окуган-
дан кийин ден соолугуна байланыштуу деп комиссовайт
этип ийишти. Кийин билсем атам училищанын начальниги-
не кат жазган экен да. Мы не хотим чтобы он был воен-
ным, родители против деп жазыптыр. Кандай болбосун
кайра өзүбүзгө айда дептир.

– Таза кызык адам экен го – деди Ракия эже таң ка-
лып. – Адамдар өтө албай атса?..

– Шонтип болор-болбос причиналарды таап айдади.
Начальник чакырып, үйүңө жөнөтөбүз деди эле нет, това-
рищ генерал-майор, я хочу в армию дедим.

Жоопту катчы чакырганы барып келсем, Нурасил шо-
локтоп ыйлап атат.

– Канча досторум калып кетти шол жерде...

– Эмне болду, тынччылыкпы?

– Тыс-с – деди Ракыя эже. – Ооганстандагы күндөрүн
эстеп атат.

Оганстан дегенди укканда мен аз жерден бырс күлүп ийе жаздадым.

Нурасил эки колу менен башын мыкчып отуруп калды. Кабинет бир саам жымжырт боло түштү

– Базарга барганга үлгүрбөй калдым, картошка алыш керек эле – деди Ракыя эже мага карап.

– Сизге картошка керекпи? Нурасил башын көтөрдү – жана эле айтпайт белеңиз. Кеминдик курсташымдын атасы бир машина картошка жүктөп келген экен, эки күндөн бери ошону сатып атабыз. Эки чыпта жетеби? Адресиңизди айтың, эртең жеткирип берем.

– Жетет – деди Ракыя эже уккан кулагына ишенбей. – Канчадан экен?

– Бекер, эже. Сиздей эжелерге эки чыпта картошканы бекер бералбасак өлгөн экенбиз.

Экөөбүз ээрчишип Кыргыз ТАГдын имаратынан чыканда саат ондон өтүп калган. «Айчүрөктүн» алдынан троллейбуска отурдук. Кеч болгондуктан троллейбустун ичи бопбош. Акыркы орундукта бир кыз менен жигит кучакташып баратышты.

– Маккамираак кармаң – деди Нурасил. – Качып кетет да. Илаажи болсо мурдуна чүлүк салып, жетелеп алың.

Тиги экөө түшүнбөй бири-бирин карап калышты.

– Алар менен ишиң эмне – дедим мен жиним келип.

– Жөн эле айтип койдум да.

Аңгыча троллейбус аялдамадан токтоп, арткы эшиктен чыккан кыз мени менен баш ийкеп учурашты.

– Бул ким? – деди Нурасил андан көзүн албай.

– Биз менен иштейт.

– Патакүшпү? (1)

Мен укмаксанга салдым.

– Патакүшпү? – деди Нурасил ого бетер такып. – Айтип койсоң эми.

Аңгыча троллейбус аялдамага келип токтоду. Мен ордуман туруп жөнөдүм.



– Жүр, түштүк.

– Азырбы? Жете электпиз да? – деди шашып калган Нурасил терезени эңкейе карап.

– Түшө бергин, иш бар.

Нур артыман түшөөр замат жемеге алдым.

– Шундайынды качан коёсуң? Адамды таза уят кылдың го.

– Өзүңүз билдирип коюп атпайсызбы – деди Нур камырабай. – Секин көз ирмеп койсоңуз бүттү эле. Чекист болуш керек да мундайда.

Биз жашаган жерге чейин дагы эки аялдама бар болгондуктан жөө жөнөдүк. Мен таарынып алдыраакта, ал менин артымда салпактап баратты.

– Бача, саал секинираак бассаңыз. Канатыңызды гүүлөп эле жөнөп каласыз да. Менден бөлөк бирөө болгондо канатыңызды саал-саал кайрып коёт эле. Жаш эмеспи, майли учсун, алга карай талпынсын деймда.

Элдин баары доктор Хайдерге кат жазып атышыптыр. Мен дагы жазайын деп чечтим. Хайдер ава, коюң, ачкачылыкты токтотуң дейм. Рейганга өчөшкөнүңүз менен өлүп калсаңыз кимге пайда дагы кимге зыян. Онон көрө биз жака келиң, тайкар эшек алып беребиз, Сами ава, Досмат ава деген чалдар бар, шолорго кошулуп тойлорго барасыз, жилик жейсиз дейм. Болобу шонтип жазсам?

Нурасил токтоп калды. Аны көрүп мен да токтодум.

– Чүшан кылып алыш керек эле да. Каякка өтө койсом?

Ал жол четиндеги чоң кайрагачтын далдаасына заара ушатып келгенче мен эки жакты элендеп, бирөө-жырым келип калбасын деп карап турдум. Бир жолу Нурасил дал ушинтип пивонун экинчи рахатын («ээ, бача, пивонун эки рахаты болот. Ичкенде бир кайф кармайсың, анан сийгенде бир кайф кармайсың») татып аткан жеринен ППС кармап алып, араң-араң алып калгам.

– Шонтип эжеге эки чыпта картошка убада кылып ийдиң. Эми кантип таап бересиң?

Нурасил момурайып унчукkан жок.

– Ажайып эле адамсың да.

Биз эми жанаша бастык.

«Э-э-й, болвойт, коюң болвойт деп,

Буралып мойнуң толгойсуң...»

Нурдун созолонгон үнү кечки жымжырттыкты бузуп баратты...

*1986-ж. (1) аягы суюк.*

## АРЗА

«Арза» деген сөздү укканда жалт эле карадым. Филологдук кесибимдин шарапаты го, кимдин кайсыл жактык экенин бир ооз эле сөзүнөн билем, Фрунзенин киши кумурскадай жайнаган базарларынан, көчөлөрдөн түштүктүк жердештеримди опоңой таанып алам. Азыр да тааныш диалект кулагыма шак эткенде карай салсам, жашы алтымыштарга чукулдап калган аял жайбаракат чай ичип отурган балдарга жалдырап атыптыр. «Кошоюпка кирейин деген арза керек экен, жазып бере аласыңарбы?»

Түш маалы болгондуктан чайканада эл көп. Мен кезекке туруп, бир топтон кийин чайнек, нан көтөрүп барсам, тиги аял дале ошол жерде турат. Кыязы, балдар убактыбыз жок деген окшойт. Колумдагыларды бош столдордун бирине коё салып, жанына жетип бардым.

– Жүрүңчү эже, сүйлөшөлү.

Кемпир эч каршылыксыз артыман ээрчиди. Экөөбүз бет мандай отурдук.

– Арызды эмне иш боюнча жазайын дедиңиз эле?

– Катта уулум беш жылга кесилип кеткен – деди эже оор үшкүрүп. Күн ысыкта гыжым камзир кийип алган экен, пешенесинен шыркырап тер куюлуп атат.

Чайканага мен түштөнгөнү эле бара калгам. Жанымда ручкам да, барак да жок эле. Ошондуктан бул жерден апанын сөзүн угуп алып, арызды иштен жазып берейин деп чечтим. Кемпир мен куюп берген чайдан улам ууртап коюп, сөзгө кирди.

– Жаллаваттагы техникумду бүтүп, үч ай мал дуктур болуп иштеп, анан армияга барды. Кийин келип, Оштогу политехнический институттун 5-курсунда окуп аткан жеринде шул иш болду. Ичпейт эле, чекпейт эле. Жердеги чөпкө ям зыяны жок бала эле. Иштен башы өйдө болгон эмес. Тели-теңтуштарын тойго айтип келатып, Карасуудан запрапкага кирет. Кирет экен дагы шлангини машинасине салып, куй дегиче болбой менин өчүртүм эле деп бер жактан бир бала келет. Кой үкам, мен куюп алайын десе менин саңа окшогон акам жок дептир. Ол бирди айтат, бул бирди айтат. Олор бешөө, баариси мас экен. Уулумду көптөп тебишип, колун кайрып запрапканин аркасына алып кетпартканда бир-эки кары кишилер ажыратып калышыптыр.

Келип, үйгө кирди ям аркасынан мелиса келди. А, машинасы тууралуу келсе керек да дедим оюмда. Светапордон токтобой өтүп кетсе ям кууп келет экен го. «Балаңыз каякта?» деди. Үйдө, дам алып атат дедим. «Чакырың» деди. Кирип айтип чыктым. Экөө нарараак барып, бир балаларди сүйлөшүп туруп эле атасына купайкаңизди бериң деди. Атасы купайкасин чечип берди эле кийип алып кетти. Шо бойдон жок да. Саат эки болуп кетпартат жок, үч болду ям жок. Же уйку келсечи. Көзүмдү бир жумбай узун танды аттырып ийдим. Саар менен ниме балаа болду экен деп ортончумду жөнөттүм, ол үйдө каникулда эле. Элди шо күнгө тойго чакырып койгонбуз. Огочеле олор патырпутур болуп келе башташты. Та Маргиландан бери тойго айтканбыз. Кудалар бар эле, олор дагы келип беришти. Мен болсом жинди болуп, ич нерсени билбеппин. Меймандар келип, үйгө отуруштурам билбепмин, синдилерим алчусун алып, берчүсүн берип узатышыптыр, ону ям билбейм. Качан чал-кампирди чакыр, пата берейли дегенде (биз жак-

та пата берет эмеспи) эсиме келдим. Патани берип, эл узап-узап кетти.

Бирде экиде мындай иш башыбызга түшкөн эмес. Бир-де-экиде мындайды көрбөгөн экенбиз. Дуктурдан ыспарапка алышты ям билбеппиз, тергөөчүгө жеңилдетип жаз дешти ям билбеппиз. Атасы кары да. О баланын апасы бакшы экен. Дубалайт экен. Ортоазиянын жарымынын нанын жейм дейт. Өлүп калса ям кечирим берет экен, булар баласы тирик туруп кечирим бербеди я. Баласы институтта бир жакшына окуп атат. Балам экөө мурда бири-бирин көрүп эле жүрчү экен. Тольке атыбызды билчү эмеспиз дейт. Кечирим сурап көп бардык. Кечирим бербеди. Каякка десең апаралы дедик, болбоду. Бир эжеси бар экен, камабыз дедикпи, каматабыз, беш жылга кестиребиз дедикпи кестиребиз деп туруп алды. Чалдын бир үкалари шолордо раис эле. Шол үч жолу барды, болбоду. Адам шунчалыгам каттык болобу? Бакшылыгына мактанат экен да. Бир кудасы прокуратурада иштейт экен. Шул баланы каматып бересиң деп милисага келип, жатып алыптыр. Ону биз кийин билдик. Биздин колубуздан иш келбесе. Өмүрүм пахтада иштеп жүрүп өтүп кетти. 200 киладан терчү элем жаш маалымда. 40 жыл бир жерден жылбай иштедим. Пешенебизге заман жаман болуп, уруш болуп кат таанымбай калгам. Көп балалуу аялдарга граммдап пөркө нан берчү эле. Апам рамалик түндө барып өчүрөткө турчу эле. Эртеси күнү түштө өчүрөт жетет.

Балдарымдын бири окууда, бири армияда. Иштеп, пул таба турганы жок. Үч кыз турмушта. Баардыгын жакшы эле тарбия кылып аттык эле. Кыздарды институтка окутканга күч жетпеди, училищага болсо дагы окутуп койдук.

Ортомчу уулумду кулигандар пычак менен сайып коюптур. Биз арызданган дагы жокпуз. Кой, шул дагы бир мусулмандын баласы экен деп тек койдук. Бир эле жолу келсе чалым кечирим берип коюптур. Мына эми кудайга шүгүр, сакайып эле кетти. Үч балалуу болду. Биз камат деген жокпуз. Бирок элдин баары эле биздей эмес экен да. Канча бардык. Карып эле калыпсыз, булар балдар экен, кечирим бериң десек, жок бербеди. «Көзүн чокуп алыптыр» дейт. Ниме, чокугандай менин уулум төок бекен? Беш кишини жалгыз уулум кантип уруп койсун?

Ниме дейбиз, саңа ям Кудай бардыр деп ийлап-ийлап кете бердик. Ийлай берип, көзүм агарып калды. Атасы болсо оор касал, путу жылбайт. Башта жакшы эле жүрчү эле, шу баладан кийин шунтип калды. Баардынан дагы жаш келинге убал болду. Бирөөнүн баласы экен, эртең чыгат, бүрсүгүнү чыгат деп алдап отурам.

Чал кат тааныганы менен аяк-бияка ариzданганди билбейт. Иштегенди билет, башканы билбейт. Оозуңуз кана десе мурдуңузду көрсөтөсүз деп урушам. Акыры күч келгенде өзүм келдим, айланайын. Чондорго арза жазса түрмөдөн бошотуп, мажбурга кесип берет имиш. Бекер иштесе дагы аялынын, чал-кампирдин көз алдында жүрсө болду эле...

Чайкана менен мен иштеген редакциянын аралыгы жакын эле. Экөөбүз эне менен баладай болуп ээрчишип бардык. Ал дем алып отурду, мен арыдан бери бир жарым бет арызды жазып бердим. Анан кайра сыртка ээрчитип чыгып, Ак үйгө алпарчу жолго салып койдум. Кагазды колуна кармаганча майпаң-майпаң этип басып кетти.

Билбейм, балким баласы чындап эле бактысыз жагдайдын, кокустуктун курманы болгондур. А балким өзү күнөөлүүдүр. Анысын териштирген жокмун. Бирок Карасуунун Савай айылынан келип, камакта жаткан баласын бошотуп алууга, муну менен бир чоң үй-бүлөнүн бүтүндүгүн, келечегин сактоого жан үрөп жүргөн сабатсыз кемпирдин ушу алсыз аракетинде эч бир адам туруштук бере алгыс күч бар эле. Мени багындырып, таазим эткизген ошол күч башкаларды да багындырды болуш керек.

*1986-жыл.*

## БААТЫР

– Билинеби, билинбейби?

– Билинет.

– Жок, карасаң.

Самат Тажандын күз бою агаттан-агатка, жөөктөн-жөөккө сүйрөлүп, чаңга, ылайга буланып, күлгө оонаган эшек кейпин кийген жамаачылуу этегин, этектин курсагындагы аялдардын мамасындай салаңдап турган кош чөнтөктү көрөр замат бышкырып ийди.

– Сүзмө. Хи-хи. Алайчы эненин сүзмөсү.

Мектептин жолундагы шифери жок эски үйдө жашоочу майрык кемпирдин дамаамы алманын бутагында сары суусу тамчылап илинип турчу сүзмө калтасы бүт айылга таанымал эле.

Тажан башын салаңдатып, аргасы түгөнгөн адамдай бир саам этегин тиктеп турду. Анан олтуруп, чөнтөктөрдөгү ар бири жарты кыштай келген эки тоголок ылайды кайра алды да, теңин үзүп ыргытып, калганын алаканы менен жалпайтып кирди.

Балдар соңку бариктерин шамалга тонотуп, шодойгон жылаңач бутактары дир-дир титиреген катар тыттардын түбүндө улуу жагылган отту тегеректешип суктан корголоп олтурушту. Маал-маал алардын бири жанараакта колдоруна этекке үзүп салаар эчтеке урунбай, кеч күздөгү ала каргалардай топ-топ болуп али бул жакка, али тигил жакка шагырап көчүп жүрүшкөндө жол боюндагы жалгыз үйдүн жанынан өтүп баратышып «от жагабыз» деп тамдын артында жыйылып турган жеринен ийреңдеп бирден көтөрө келишкен гозо паянын дагы бир боосун зым-пымы менен отко таштаганда, пастап бараткан алоо кайра дүрт этип, олтургандар аргасыздан артка кетенчиктей беришет.

Оо мурдалары, пахталар чанагынан куюлуп, жөөк менен бир болуп төгүлгөн аппак булаларды жанындагылардан кызганып, жалбырагы, чөп-мөбү менен этегине буйдалап тыгып баратса «пүтүн чала терипсиң, кайт аркаңа» деп оң кадам узай электе чанакчы артына кайра кууган, ошол колхоздун директору кудайдын куттуу күнү какшагандай «бетинде кызылы бар адам үйдө жата албай турган» кездерде жамгыр жааган күн балдар үчүн майрам эле. Качан жер тоборсумайын ишке чыкмай жок, магазин кыдырып, үйдүн ичин үч көтөрө «эшек минди» ойноп жата беришчү. Ошол убагында саартан кечке эки бүктөлүп, бели ооруган жардамчылар тырс эткен добушка кулак түрүп, таң атканча жаратқандан тилеп чыкчу жамгыр эми келип өздөрүнө жоо болду да калды.

Тажан этегин салмактап көрүп, компоюп койду.

– Беш кила йес!

– Баары бир билип коёт.

– Билбейт. Кечээки будан дагы чоң болчу. Бир грамм да билген жок. – Тажан этегин нары коюп, колун отко тосту. Ылай кармаган алаканы заматта апапак болуп, кургап чыкты.

– Тезирээк эле кетсек экен, – деди – Самат. – Үйдү жаман сагындым. Саар агай канча процент болуптур – деди?

– 97.

– О-уу! – Саматтын ынданы өчө түштү. Быйыл кетпейбиз го!

– Азыр отурсак эле Кадырова келип калса. Келип, жүргүлө балдар, силерге бир секретти ачайын» деп али подбору ям териле элек жерге ээрчитип барса. Бир күндө толовеле?

– Беймалал.

Жыргай түшүштү. Бул таттуу кыял эч качан ишке ашпасын, жер жайнаган ак пахта эми келирге гана болоорун билип турушса да ширин түш көрүп, эрдин жаланган баладай бир саам магдырап алышты.

– Отурсан эй, гажынбай! – деди Тажан Саматтын гозону аралап жөнөгөнүн көрүп.

– Тек кой, терсин. – Абди да жактырбагандай мурдун тырыштырды. – Агайлар «көп тергениңе» деп бызылдак берет.

Ыргылжың боло түшкөн Самат же терерин, же кайра келип отураарын билбей, колун чөнтөгүнө салганча кыйлага чейин солдоюп турду. Анан эле жомоктогу жалгыз көздүү дөөнү көргөндөй безилдеп жиберди.

– Эй карасаңар, алиги детдомдор келатат!

Берки экөө жарыша өйдө болушту. Аңгыча эле буудай аңызга жайылган койлордой шытыр-шытыр этип, пахтазарды каптап келаткан кийимдери опокшош балдардын бири топтон бөлүнүп, аларды көздөй басты.

– Сигарет барбы?

Балдар бири-бирин карап алышты.

– Биз чекпейбиз.

«Детдом» отко жакын келип, этегин көчүгүнө басып отурду да, чөнтөгүнөн сербейип колго зорго илээшкен кичинекей пүчөк алып чыкты.

Үчөө агайлар көрүп калат деп кымындай да сестенип койбой, беймарал оозунан түтүн булатып олтурган өздөрү теңдүү илмийген арык баланы бир чети таңдана, бир чети суктана карап турушту. Чоң кишилердей оттон чала күйгөн бир тал гозону алып тамеки тутантканы, түтүнүн оозуна кармап туруп эле кайра чыгарбастан, ичине тартканы жакты балдарга.

Катар тыттарды жандап кеткен жол менен тизеден келген баткакты былчылдата кечип келаткан аял бүрүшүп отту үймөлөктөгөн балдарды бир жалт карап өтө берди.

– Кадырова ушубу?

– Шык, – тигил чыйт түкүрүп койду. – Онун бети кызыл.

Балдардын Кадырованын бригадасына бүгүн биринчи жолу келиши. Буга чейин ар кайсыл жактан терип жүрүшүп, алардын көбү бул баатыр аялды жанынан көрө элек болучу. Анын үстүнө мугалимдер эртең менен «билесиңерби, бүгүн Кадырованын бригадасына барабыз. Так-что уят



кылбай, жакшыраак тергиле!» деп ого бетер делгиртип койгон. Ошондон бери аял аттуу көрүнсө эле элеңдеп карашып, Кадырованы бир көрсөк дегенде көздөрү төрт.

– Отургандарын карасаң. Бир гам жеп коюшпайт.

– Апанди айтышып отурушат да.

Балдар селт эте түшүп, үн чыккан жакты делдейе карашты. Алардан саал эле нарыраакта кабагын каршы салып, эки мугалим туруптур. Баамдабай калышканына карганда, тыттын арты менен келишсе керек.

Ордуларынан шаша-буша турушуп, туш тарапка тарай башташты.

– Баягы эле кудайдан пияда качкан Арыстанүп, – деди шахмат колтуктаган кара агай. – Үйүнө качкан дагы шул, балдардын путун күйгүзгөн да шул.

– Мен качкан эмесмин, – деп күңк этти Тажан.

– Күңкүлдөбө ээ, кысталак! Терген пахтаңды кара, дагы уялбай күңк-мүңк этип коёсуң. Сен дагы кошулган экенсиң да – кара агай эми Саматты олурая карады. – Эсиң болсо кошулба буларга. Уктуңбу? Кошулба!

Балдар дарактын башына уча качкан таранчылардай тигиндейрээк барып туруп калышты.

– Биздин отко өздөрү олтуруп алышты.

– Азыр шахмат ойношот.

Ушул тапта кара агай талааны жаңырта заңк этти.

– Дагы нимеге топтолуп алдыңар!?

– Жүргүлө, ооноятан теребиз.

Ише көздүү табилчини да балдар бүгүн биринчи жолу көрүштү. Жогорку класстагылар аны уктаарда ише көзүн сөөмөйү менен чукуп алып, пиялага салып коёт экен деп айтышчу. Антпесе көзү жумулбайт имиш. Балдар анын төшөктө бир көзү жумулуу, экинчиси болсо чакчайып ачык жатканын элестетишип, далай жолу жыргап күлүшкөн. Азыр да ише көздүү табилчи этектерди четинен буту менен тээп, күмөн санагандарын чечтирип тинтип жатканда, этектерин улам бир кадамдан жылдырып коюп ошону эстешти.

Ушу тапта кырман жактан чыккан ачуу үн баарын жалт каратты. Бараканын[1] жанында 40–45тердеги өтүкчөн сулуу аял жетим балдардын бирин желкеден алып жулкулдатып жатыптыр. Жардамчылар аны дароо эле таанышты. Өңү, жасаган ар бир кыймылы анын Кадырова экенин айтып турду.

– Бул ниме чычкак, бул ниме? Саартан бери темселеп жүрүп шуну тердиңби?

Баланын тумагы жерге тоголонду. Аял ушуну гана күтүп тургандай, анын тасырайтып кырылган сөлпүк башына шапалак менен коюп-коюп калды.

Бала ийиле түшүп, көзү тунаргандай бир саам башын мыкчып турду да, анан өңгүрөгөн бойдон шыйпанды көздөй кетти.

– Ү жаралбай өл а, арам тамак! – Кадырова баланын түйүлгөн муштумдай этегин жерден алып, бешиликтерин таянганча нес болуп калган баракчылардын алдына таштады.

– Ичиндегисин төгүп, алпарып бергиле.

Шыйпандын тар пешайванына тыгылышып олтурушкан жардамчылар, жергиликтүү пахтачылар бака-шака түшүп түштөнүп жатышканда балдар Кадырованы дагы көрүштү. Бул жолу ал эки-үч кадам эле нарыда бир киши менен сүйлөшүп турду.

– Карасаң, – Абди Саматты бөйрөккө түрттү. – Бети чын эле кызыл экен.

Самат үн катпады. Анын жүрөгүн саартан бери элеп-желеп кылган делгирлүү, куштарлык эмелеки окуядан кийин шамал учургандай житип кеткен эле. Эстебеске канчалык аракет кылбасын суукта көк муштум болуп үшүгөн арык баланын ыйлап баратканы көз алдына тартылып туруп алды...

[1] Барака – пахта тазалоочу машина.



## КАРА БЕТ

Бала чоң жолдун боюндагы аялдамада олтурду. Жолдо кызуу кыймыл. Күн батыштан, же чыгыш тараптан зымырап келаткан автобус эпкини менен анын суйдаң сары чачтарын үрпөйтө «гуу» этип өтүп кеткенде жыңайлак буттарын сербеңдете кыйкырып калат: экиспреесс, экиспре-е-с, и, эми бир прес келатат!

– Бучу, бу канча пресс?

Жанына келип олтурган кишини бала эми гана байкады. Бул алардын кошунасы эле. Ийне жеген иттен бетер кынжыйган бул узун киши майрык кемпирдин көзү өткөндөн бери кулпу салынып турчу эски тамда жакында эле пайда болуп калды. Бирок ач арбактай түрү адегенде айылдагыларды бүт сестенткени менен анын келиши бул үйдүн ушул кезге чейин өкүм сүрүп келген турмушуна эч өзгөртүү киргизген жок. Үйдүн алдындагы парпайган бакыбат жаңгакты балдар мурдагыдай эле таш бараңга алышып, бактын ичи күбүлгөн көк алмаларга, ташка толуп чыкты.

Жолдун кыскасын көздөгөн келин-кесек адатынча зым тосмону ийип, кошуналар ар кайсыл жеринен шапшып кетишкен жашаң бедени майкандаганча ары-бери өтүп жатышты. Бирок жаңы кошуна мунун баарына кайдыгер, көрсө да көрмөксөн. Сенделе басып, күнүнө бир маал жакын жердеги дүкөндөн пөркө сатып келгени болбосо, көчөгө да чыкпайт. Керээли кечке пешайбандагы сөрүдө аптапка кактанып жатат да, кечке жуук батып бараткан күн менен кошо акырын жылып кирип кетет. Аркасынан басып кирбеген соң анын ээн үйдө эмне кылып таң атырарын бир пенде билчү эмес.

– Бу канча пресс?

Бала башын буруп карап калды. Жолдо айылчылап жөнөгөн кемпирлерден бетер араң эле кыбырап, бул жерликтер «калта аптобуз» деп коюшчу эски «ГАЗ-51» келаткан.

– Жарым пресс.

Тиги суз жылмайды.

– Бу сен автобустарды бүт таанып бүткөн экенсиң. Чоңойсоң инженер болосуң го. Болосуңбу, инженер?

– Жок, – деди бала, – шоопур болом. Таирчи, о Камбар аканын небереси, небереси беле... – бала бир саам ойлоно түштү – ыкы, небереси, шол экөөбүз күзүндө Ысмайыл авам дөңдөн чөп ташып келатканда машинасына түшүп, Куу-Коргонго чейин барып келебиз. Авам жаман кыйтыр да, беркечи, мойнунда аары турат, алып коёюн деп чымчып алат.

Ушул тапта экөө артын салып олтурган үйдөн тогуз-ондордогу момпойгон сары кыз чыгып, аларга он кадамдай жетпей туруп калды.

– Аваз, бас апам чакырватат.

– Азыр. Бала ордунан козголгон жок. Колуна бир ууч кылып жыйнап алган майда таштарды анда-санда жол жакка ыргытып коюп отура берди. Анын барбасын билди окшойт кыз туруп-туруп кайра кетти.

– Кеч курун кино жама-ан кызык болду, көрдүңүзбү? Акырында немистер Москваны алды а?

– Французлар.

– Азыр олор немиспи, сысырбы?

– Аларбы... алар өзүнчө.

– Аваз, уйду айдабайсыңбы! Арт жактан кайрадан кыздын үнү угулду.

– Саат канча болду?

– Төрт.

– Беште айдайм.

– Уйду каякка кайтарып атасыңар? – деди кошуна алардан арыраакта безирейип турган кызды бир карап алып. – Макагабы?

– Тамекиге. Кечээ Арап аканын раса колу кычышты да. Тамекиге жайып коюп, өзүбүз чекесинде турат элек.



Аты жок, атын Арзибек апкетип калыптыр, түйүн ташыганы. Кувалай албай, кечке карап тура берди.

– Аваз, беркегин эле, бир балаа берем.

– Ниме? – Баланын кулагы тикчийе түштү.

– Би-ир бала.

– Айтсаң анан...

Эми кыздын таптакыр аргасы түгөндү. Бир саам эмне кылаарын билбей олурая тиктеп турду да, анан муштумун көрсөтө шарт бурулуп дулдундаган бойдон кетти.

– Кечээ тишим ооруду, алганда семиз, чукур болуп калат экен а? Эми ийлайын деп атканда алып койду.

Тиги киши ыкшып калды.

– Ыйлайын деп атканда алып койду дегин. Хи-хи. Анан ийлабай калдыңбы?

Кошуна шымынын чөнтөгүнөн шакмарланган магазин бет аарчысын алып, адегенде көзүнүн кычыктарына мөлт эте түшкөн жашты аарчыды. Анан мурдуна жаба тосуп, чимкиринип-бышкырынып алды.

Бала анын же күлүп атканын, же ыйлап атканын түшүнбөй айран таң. Бирок мынчалык таасирленгенине карагандa бир кызык сөз айтып салганын баамдап кайра кайталады.

– Эми ийлайын деп атканда алып койду. Анан алиги колго байлай турганды тыгып коёт экен. Он минутта ал деди эле, мен гаражга жеткенде эле алып таштадым.

– Доктурга сени ким алпарды?

– Өзүм эле бардым. Апчемдикине барып үйрөнүп калгам.

– Корккон жоксуңбу?

– Оякtын балдары корко-ок экен, эч ким тийишкен жок. Тааныган дагы жок. Кара-ап калышты. Мен барсам жездем мас экен да, биринчи биз жездемди жоготуп ийдик, ол сууга кетип калыптыр. Анан биз үйгө кетип калсак, жездем бизди издептир. Анан өзү киного кириптир.

Ары-бери өткөн машиналарга алаксый түшкөн бала капыстан кошунасы аны мелтиреп тиктеп турганын байкап

калды. Байкады да оңтойсуздана түштү. Башын жерге салып, буту менен жер чийгилеп кирди.

– Менин уулум дагы азыр сендей болуп калат эле.

– Мине болду анан?

– Өлтүрүп алгам.

Баланын оозу ачылып калды.

– «Бүгүн мен атып алдым баламды ботом, айланам түпсүз караңгы ботом» дегенди уктуң беле? Шого окшоп мен дагы атып алгам да.

– Мас белеңиз.

Кошуна башын шылкыйтты.

– Жаш элем. Значит, мас да болсом керек да.

Экөө кыйлага чейин үн-сөзсүз отурушту.

– Сатай акалар күндө магазиндин жанында карта ойношот, – деди бала. – Сиз нимеге барбайсыз?

Тиги дүлдүйүп унчукпады, үтүрөйгөн кара-көк жүзү ого бетер түнөрө түштү.

– Мне туда нельзя.

– Бала эчтеке түшүнгөн жок. Жана эле эзилишип отурган бул сырдана кишиси барган сайын түшүнүксүз, табышмактуу болуп баратты.

– Сен муну түшүнбөйсүң, уулум. Башына келмейинче эч ким түшүнбөйт. – Киши кайра унчукпай калды. – Абийир менен өлүп алыш жаман кыйын нерсе турбайбы. Бар эми досум, апаң чакырып атат окшойт.

Бала артына кылчайса апасы чын эле эшиктин алдында туруптур. Колуң жаңсап, бери бас дегендей ишара кылды.

Үй менен жолдун ортолугу калың бак эле. Мөмөлөрүнүн салмагынан бутактары сына жаздап турган алмалардын арасы менен улактай секиргилеп келген бала астанадан аттай бергенде сол бети чуу дей түштү.

– Онун жанында саңа покту пышырып коюппу, сетер! Бир чакырттым – келбейт, эки чакырттым – келбейт, ниме,



эмитен эле ата-энеге баш бербей чыктыңбы! Экинчи шол тарапка басканыңды көрөйүн, шыйрагыңды чагып коёрмун.

Бала үңүлдөп үнүн созуп келатты эле апасы кулагынан толгоп бурчка сүйрөп барды.

– Чыгарба үнүңдү, тилиңди жулуп алам азыр.

– Көп эле уруша бербе эми. – Кичүү инисин кучагына алып олтурган чоң энеси арага түштү. – Балада ниме... Жакшы көрүп, эрмек кылгысы келди окшойт.

– Өлүп кетпейби! Ону бирөө шаарга барып, аңгилик кыл деппи?

– Кой балам, оорукчан адамды ондой деп болбойт. Пешенесине шонтип жазылып калса ниме кылсын бечара.

Көп өтпөй уй айдаганы чыккан бала кошунасын карап таппай калды. Жолдун боюндагы жана экөө отурган узун тактай орундук бош туруптур.

...Түшү же өңү экенин бала ажырата алган жок. Ойлору уйгу-туйгу болуп, түпсүз караңгылыктын арасынан чоң энеси менен апасынын сүйлөшкөнү элдир-селдир угула калып жатты.

– Имам келип, ый чыгарбагыла, буга жаназа да буюрбайт деп кетиптир.

– Буюрбайт да, апарып, иттин өлүгүндөй кылып эле көмүп таштайт. Кудай ай, ар пендеңди өзүң сактагын!

– Каруулуу деп Токурга көтөртүшкөн экен беш-алты кадам басып эле калтырап, жүрө албай калган имиш. Асынбай өл эй, кесепет, бала-чака беймаалда эшикке да чыгалбайт эми.

– Бир эсептен өлүп, тынчып алганы деле туура болду. Кийинки күндөрү көп эле карап болуп кетти эле. Туугандарына кабар айттырышты бекен?

Бала кайрадан мемиреп уйкуга кетти. Эми чоң жол, машиналар кирип жатты түшүнө.

## АВТОБУСТА

Эки катар орундуктардын аралыгындагы кууш жолок менен бир болуп конуп калышкан базарчылар автобус жөнөй берээрде зорго чыгып, үлгүргөн кемпир-чалды анчалык элес алышпады. Өзүлөрү сыяктуу «коёндордун» бири деп ойлошту. Бирок, абышка аларчылап туш келди олтуруп калбай, акыры рейске эптеп илешкенине сүйүнүп, күн кечтеп калганда жат эл, жат жерде калып кетпей, тикесинен тик туруп болсо да кетип баратканына сүйүнүп, түшүрө албай айласы кеткен шопур жигит «мейли түшпөсөңөр түшпөгүлө, жок дегенде ГАИден өткөнчө отуруп алгыла» деп жалбарып жибергенде бир эли чаң уюп, семичкенин почогу төшөлгөн жерге «тапп» этип олтуруп калбай, кемпирин алдына салып алып түз эле төргө жутунду.

– Шул жерге отура бериң эми, оякта жай жок, – деди пешенесин кыса байлаган ак пахта оромонун үстүнөн дагы бир он эки чарак жоолук салынган, оң жак жаагында тырмактай чоң калы бар кемпир. Ал эң четте олтурган.

– Биздин ордубуз бар. Жыл! – абышка кемпирин далыга түрттү.

– Об-бо, ордуңуз болсо баяракта чыкпайсызбы? – калы бар кемпир наалып ордунан козголду. – Анизгече бирөө ээлеп алды.

– Нимеге ээлейт экен. Мен жайымды таап алам. Жылбайсыңбы!

Экөө олтургандарды чуру-чуу түшүрүп, улам бирөөнү тургузуп, арылап жылып баратышты. Бир маалда абышка сүрүштүрүп ордун тапты окшойт үнү бакылдап катуу чыкты.

– Кана бошотуңчу, биздин жайди!

Анын ордуна олтуруп алган адам аптапка оңуп кеткен бозгуч күрмөсүнө катарынан эки Улуу Ата Мекендик согуш орденин тагынган алтымыш бештердеги каржайган арык киши эле. Какчаңдап өкүм сүйлөгөн абышканы ка-



мырабай бир карап алды да, чөнтөгүнөн инвалиддик китепчесин сууруп чыкты.

– Ондой дакүмүт бардыгында бар, – абышка чын эле көк сатин көйнөгүнүн төш чөнтөгүнөн кыпкызыл китепчени алып, тигинин так тумшугуна такады.

– Көрдүңүзбү, эми бошотуң жайди.

– Мунуңуз пенсия кинижка, – деди берки ошол эле камырабаган калыбында.

Абышканын тим эле жаны чыгып кетти.

– Окуганды билесизби? Инвалит Отечественной война второй группа!

Ал бул сөздөрдү ушундай бир ширин акцент менен айтты десеңиз, автобустагылар дүү этип күлүп жибериШти.

– Бул Герой менен баравар. Туруң деватам!

– Пронтовой болсоңуз жок дегенде битта медалыңыз болот эле го, – деди тиги абышка ого бетер чычалатып.

– Орден, медалдын бардыгы шунда атмитка кылынган, же көрсөтүп коёюнбу?! Тур деватам мен саңа!

Абышка шарт бурулуп буйрук кылды.

– Шопур, токтот! Мен ордумду алмайынча аптобус эч каякка жылбайт.

– Об-бо, жакын жолго туруп эле кетпейби, – калы бар кемпир жактырбагандай үн катты. – Экөө урушканча жетип да калабыз.

– Закүнчү чал турбайбы, – деди жанындагы келин.

Буркан-шаркан түшүп, заар түгү бетине чыккан бул абышка акыры тургузуп тынаарына көзү жетти көрүнөт, олтурган киши «аттан түшө» баштады.

– Эми... маңа караганда алты саныңыз аман экен. Бир сапар жол берип коюң. Пут саал чатагыраак...

– Бая эле шондой дебейсизби анан, док кылбай... – абышка да бир аз жумшарды. – Отуруң, отура бериң. Мен туруп эле кетем. Шондой деп түшүндүрүп айтыш керек да.

Абышка бери бурулуп, орундуктардын бирине таянган

калыбында туруп калды. Жүргүнчүлөрдүн көптүгүнөн салондун ичи адам чыдагыс үп. Чалдын деми кысылып, бырыштуу маңдайынан жаак ылдый тер куюлуп турду.

– Шонтип алалбай калдыкпы, – суроо салды кемпири.

– Майли эми, отурса отуруп кетсин. – Абышка бет аарчысы менен терин шыпырды. – Бечаранын путу майып экен.

Автобус жүзүмзарды аралап өткөн чоң жол менен улуп-уңшуп жол арбытат.

– Тургузуп жиберсе болмок, – деди жөлөңгүчү бийик жумшак орундукта чалкалап олтуруп келаткан жаш кыз жанындагы курбусуна. – Колунда билети менен туруп кетпартат.

– Билети жокторду вообще чыгарбаш керек эле.

Калы бар кемпир аларды сумсайыңкы карап койду. Бир орунда козголбой олтура берип буттары уюганынан ал туруп алган эле.

Бир топ жерге чейин үн-сөзсүз барышты.

– Каерден болосуз, – деди бир маалда абышка олтурган кишиге кайрылып.

– Ноокаттан.

– Йе, мен дагы Ноокаттанмын. Ноокаттын каеринензиз?

– Чапаептен.

– Биз Карвандан. Чапаептин жарымы эле менин туугандарым. Асил кары, Нурадил дегендерди билсеңиз керек.

– Билем.

– Шолор бардыгы маңа жээн болот.

– Ниме балаа, экөө тууган чыгып калышты окшойт, – деди нар жактан бирөө.

Абышка анын сөзүнө көңүл бурган жок. Жаңы таанышына жакыныраак барып турду.

– Аския сөздөрдөн билесизби?

– Аския? Жок...



– Мындай бир азил сөз бар. Москвада бир киши дарбызды жарса, ичинен ноокаттык чыгыптыр.

– Ха-ха.

– Ноокаттыктар шондой: сөзгө да уста келет, чайкоочулукка да уста келет, анан... калпка да уста келет.

– Ха-ха.

– Эми туруң, – деди бир кезде абышка күлкүсүн жыйып. – Ызаатыңыздын барында туруң.

Олтурган киши шашып калды. Абышканын көздөрүндө, ошол турушунда ушундай бир чечкиндүүлүк бар эле, тиги эми сөзсүз тургузаарына көзү жетти.

– Туруң эде... Азыр экөөбүз бир иш кылабыз.

– Мына булар... – Олтурган киши колундагы чарчыга түйүлгөн гөр-жерин көрсөттү.

– Ону шоерге тек коюң. Тура берет.

Эми эле абышканын тополоңуна күбө болуп, анан кайра кең пейилдик кылганына ичи жылып бараткан жүргүнчүлөр анын бул айныкей адатына таңданып, дагы эмнени баштаар экен деген кыязда кызыга карап калышты.

Тиги ордунан тураар замат абышка бош орунга кемпирин отургузуп койду.

Автобустагылар тим эле жыргап күлүп калышты.

– Настоящий джентельмен!

– Балаа чал экен!

– Мына ашына, эми экөөбүз гавлашип кетебиз, – деди абышка.

– Биз закаленный адамбыз.

– Берлинге чейин пияда барганбыз десеңиз.

– А-а! Он сутка ачка жүрүп... бул неме болуп калыптыр.

Бул учурда калы бар кемпир да таанышын таап, кызуу сөзгө кирип калган.

– Эсимде эмей анан, ону кантип унутайын. Арыктан суу бурганы өтүп калсам бовой өлгүр, пиязиңар таза ям болгон экен!

– Макаларибизди айтсаңиз! – деди анын жанында отурган келин. – Бала кучактап, эми дүмбүп болуп калганда кеттик да.

– Бир күн кечке маал эле кирип келди. Дүра чарчига беш-алты баш пияз, картишка түйүп алыптыр. «Сизге илинип алып келдим эле» деди. Кайнатам табы айнып, төшөктө жатат эде. «Жакшы иш кывадың – деди ордунан козголбой. – Бир этек баласы менен ошол жесир катынды үйүнөн безитип жакшы иш кывадың. Жебейм, өзүңө буюрсун» деди. Кайнатам рамалик наяти түз, таза адам эле да.

– Апам төртөөбүздү ызылдатып ээрчитип, раиска кирип барды. Барсак, раис «Ормонуптан пасылке талашып ниме кыласың? Эриндин ата жайина кетпейсиңби» деди да. Шондо бешөөбүз тең ыйлап чыкканыбыз ич эсимден кетпейт.

– Көп кайий бербе эми синдим. Өткөн ишке салават. Ошол кишинин дагы бир жери ашып кеткен жок. Эрикатын экөө тең жердин астында жатат. Онон көрө балдарындын өмүрүн тиле айланайин. Он сегиз жашимда эрим пронтко кетип, муштумдай гөөдак менен калып кеткенмин. Шол бойдон эрге тийбей, саксан экисинде кайнатамды көмдүм, саксан бешинде кайненемди көмдүм. Ошол муштумдай гөөдактан кудай жеткирип, төрт уул, үч кыз небере көрдүм айланайын. Бардыгы үйлүү-жайлүү, кыздарымды булар зади таза адамдар, булардан бүлө күткөн адам асти жаман бовойт дешип, маалабиздин аксакал-аксакал абройлуу кишилери келин кылып алышты.

Кува-сайга жеткенде эки карыга орун тийди.

– Келиң тууган, бир пас болсо ям отуруп кетели.

– Отурайлыбы? А майли...

Калы бар кемпир дале туруп баратты. Орундукка көчүгү тиер замат кайрадан бакылдап сөзгө кирген эки чалдын үндөрү аз-аздан басандап отуруп, бир маалда таптакыр угулбай калды.



Кемпир артка кылчайды. Экөө тең баштарын артка кайкалатып, уктап калышыптыр.

– Чарчашиптир – деди кемпир. – Кайраты менен Бирлинге чейин кете бергилери бар. Бирок ого күч каякта? Шалдырап, күндөн күнгө алдан тайый берет турбайбы киши.

Автобус зымырап баратты.

*1988-ж.*

## АКТӨШ ЖОГОЛДУ

Күчүгү жоголгонун ал күүгүм талаш байкады. Сыртка чыкканда эле томполондоп жетип келчү. Жанатан бери суу алганы, кампа жактан араа издегени эки-үч жолу чыкты. Бирок күчүгү бир да жолу көзүнө урунган жок. »Мен сабактан келсем, тээ темир жол жакты көздөй баратыптыр» деди кайниси. Он жети жаштагы бул жигит сүрөт окуу жайында окучу.

Жоомарт күчүктү атынан чакырып, ышкырып, эшиктин алдында бир топко чейин турду. Кошуна келин очоко тамак бышырып атат. Жаңы курулуш болгондуктан, үйлөрдү бөлүп турган дубал да, кашаа да жок. Кошуналардын кыбыр эткени бүт бойдон бири-биринин көз алдында.

– Биздин күчүктү көргөн жоксуңбу?

– Жана эле жүргөндөй болгон.

Ушу тапта тээ өйдө жактан тааныш үн угулуп кеткенсиди. Аны угаар замат Төлөн экөө ошол жакка чуркап барышса, ал чоңураак башка күчүк экен.

– Актөштүн таарынгандай түрү бар – деди Төлөн. Канчалык чакырсам да карабай качып кетти.

– Тамакты жакшылап бербей койдуңар го деп таарынган го – деди Жоомарт тамашаламыш болуп. Бирок күлүп аткандай түр көрсөткөнү менен ичи уйгу-туйгу. «Таарынгандай түрү бар», «качып кетти...» Бул сөздөр анын ичин

тырмап, өзөгүн өрттөп баратты. Кучугүн бирөө уурдап кеттирмеп, өзөгүн өрттөп баратты. Кучугүн бирөө уурдап кет-
се же өлүп калса мынчалык санаа тартмак эмес. Бирок качып кеткени эмнеси?

Үйгө кайтып келгенден кийин да ал саанасы санга бөлүнүп, бир орунда отура албай басып жүрдү. Бир жа-шар уулу үч күндөн бери ооруканада. Бүгүн жумуштан кийин Лев Толстой көчөсүндөгү ооруканага барып, кабар алып келген. Баланын абалы жакшы эле болчу. Бирок күчүгү жоголоор замат жаман ойлордун туткунунда калды. «Ит жаныбар үйдө бир жамандык болоордо качып кетет дечү эле. Ой, кудай, уулумду сактай гөр» деди ал калчылдап.

Уулу түнкүсүн ыйлап, уйку көрбөй калганына бир топ күн болгон. Анан мурдагы күнү эртен менен жаны жай алып, көшүп кетти. Санаасы тынчып түшкөн келинчеги канча күндөн бери түзүктөп тамак да иче электигин ай-тып, самоорго чай койду. Чай кайнаар маалда бала кайра чоочуп ойгонуп, чырылдай баштады. Экөө алмак салмак көтөрсө да, апасы эмчек салса да болбой бир башкача боору катып ыйлады. Жоомарт чуркаган бойдон тез жар-дам чакырганы кетти.

Анан аларды ооруканага жеткирип келген соң самоор-догу муздаган чайды кайра кайнатып ичип отуруп, келин-чеги ачка бойдон кеткенин эстеп, кабыргасы жаман кайышкан.

Жоомарт өзүн алаксытыш үчүн китеп текчесинен Рил-кени алып, туш келди барактай баштады. Кайсыл баракты ачса да үрөй учурган сөздөр көзгө урунат. «Ответ был один: смерт», »Умерла она к весне», «Он умер в больнице...» Жа-рыктык киши, өлүмдөн башканы жазган эмес го деп ойло-ду Жоомарт каңырыгы түтөп. Китепти экинчи ирет барак-тап киргенде гана көңүл жубаткан жылуу сөз жарк этe түштү. Ал китептин башында, «Записки Мальте Лауридса Бригге» романынын биринчи эле сабында туруптур (санаар-кап отуруп байкабаганын карасан). «Сюда значить, приез-жают чтобы жить, я то думал, здесь умирают».



Ал жанатан бери ушул сөздү издеп аткан. Китепти шап жаба койду. Араң тапкан улуу сөздү, үмүттүн сөзүн жого-туп алгандан коркту.

* * *

– Эмне алып келдиң?

– Эчтеке.

– Ооруканада жатканымды билесиң, жей турган бир-деке ала келбейт белеңэ?

– Бир эле сомум калды. Жоомарт ишенбесең мынакей дегендей, чөнтөгүнөн акыркы акчасын сууруп чыкты. – Лепешка алып келип берейинби?

– Уф, сенин бир сомум калды дегениңен тажап бүттүм!

Келинчеги палатага кирип кетип, ого бетер шаабайы суул чыкты.

– Варенье менен чай ичип атышат. Мен байкуш кечке алардын оозун тиктеп отурам.

Жоомарт үн катпай терезени карады.

* * *

Боорунда кызыл кресги бар ак «Ниванын» ачык терезе-синен бир аял башын чыгарып баратты.

– Төрт жүз сегизинчи участок кайсыл жерде?

Жоомартын жүрөгү болк дей түштү.

– Мына ушул.

Аял машинадан түштү да, түз эле времянканы көздөй басты. Жоомарт болсо артынан ээрчип баратат. Өзүңдү колго ал деди ичинен. Бирок денесин калтырак басып, буту чалыштай баштады.

– Эмне, балаңар ооруп калдыбы – деди аял үйгө жакындаганда.

– Ооба. Ооруканада жатпайбы.

– Ооруканада? Качантан бери?

– Бир жума болуп калды.

– Кой анда, мен кеттим. Чыккандан кийин бизге алып барасыңар да.

– Эмнеге келиптир? – деди Төлөн машина узап кеткен соң.

– Кабар алганы. Тукуш ооруп атканы жөнүндөгү кабар поликлиникага эми жеткен окшойт.

Жоомарт күлүмүш болду, бирок дале мууну калчылдап, титиреп атты...

* * *

Ал жумуштан келгенде күчүк уясынын алдында сунаалып жаткан экен. Эки эле күндө арыктап, кабыргасы лып жаткан экен. Жоомарт күчүгү дал бүгүн келээрин көрүнүп калыптыр. Жоомарт күчүгү дал бүгүн келээрин сезгендей келинчеги жеген тооктун сөөктөрүн салфеткага орой келген. Алдына таштады эле күчүк карап да койгон жок.

Ооруп калган тура, ананыраак дары берип коюш керек экен деп ойлоду Жоомарт. Эки күндөн бери күчүк эч жакка качпай эле көздөн далдоо бир жерде жаткан окшойт.

Жоомарт флягасын арабага жүктөп, кылдыраткан бойдон ылдыйкы көчөгө суугa жөнөдү. Көңүлү ачылып, кыңылдап ырдап коёт. Жарым сааттан кийин фляга толтура суу менен келсе, күчүк ордунда жок.

– Актөш кайда?

– Жатат..

Эшиктин алдында жыйылган устундар бар болчу. Күчүк ошонун астына кирип, өлүп калыптыр.

Жоомарт буга көп деле кейиген жок. Тескерисинче, кандайдыр бир санаадан кутулуп, жеңилдегенсип калды.

– Күрөктү алып келсең, дароо көөмп салалы. Күн ысыкта бат эле жытланып кетет.

Үйдөн бир аз арыраак жерге чуңкур казышкан соң, Төлөн күчүктү күрөктүн бетине салып барып таштады.



Илмийген арык күчүк буту сырайып жатып калганда Жоомарттын жүрөгү кайрадан зырп эте түштү. Көзүнө жаш тегеренди.

Чуңкурда болгону үч ай гана жашап, көз жуумп кеткен бейкүнөө ымыркай жатты...

*1991-ж.*

## СУЛУУЛАР КОНКУРСУ

Бул окуя мындан он жыл мурда, бир авантюраны баштамайын жаны жай албаган башкы редакторубуз гезиттин нускасын көбөйтүш үчүн сулуулар конкурсу деген балекетти ойлоп тапканда болгон. Анын бизнес-планы боюнча, бизде иштеген кабарчы аттуунун баары шымалана киришип, гезиттин ар бир санына бирден сулуунун сүрөтүн интервьюсу менен кошо чыгарышыбыз керек эле. «Сүрөтү чыккан кыз болбоду дегенде бир гезитти сатып алат. Анын төрт-бештен подружкалары, ата-энеси, туугандары бар да туурабы? Алар да бирден алса эле гезиттин тиражы резко көбөйөт» деди таттуу кыялга баткан редактор санын тарс чаап.

Кыз жандуу Абай менен Айбекке кудай берип эле калды. Шаардагы окуу жайлардын баарын түрө кыдырып, көчөдөн өңү жакшынакай кыз көрүнсө эле кепке тартып, качан караба улам бирөөсү менен же кинодо же кафеде отурган болот. Гезиттен конкурска катышууну каалагандар редакция менен байланышкыла, телефон чалгыла деген мазмундагы жарыя сан сайын кетчү. Аны окуган көп кыздар өздөрү да баш бакчу болду. Редакциябыз жармеңкедей шаңга бөлөнүп, дубалынын шыбактары көчүп, полу кыйчылдаган эски кабинеттерибиз койкоюп, созула баскан бийкечтерге толуп эле жатып калды.

Бирок алардан өзгөчөлөнүп, Асем өзү келген жок, аны атайын бирөө издеп да барган эмес. Ал конкурска кокусу-

нан гана катышып калды десем болот. Биз турган имараттагы кабинеттерди туризм, юридикалык кеңеш берүү менен шугулданган ар түрдүү фирмалар да ижарага алышчу. Бир күн коридор менен баратсам эле турфирманын эшигинин алдында моймолжуган бир татынакай кыз турат. Ай тийгендей маңдайы жарык, мурду кырдач, желкесине түшкөн капкара чачтары тал-тал төгүлүп, үстүнө ошол кезде мода болуп аткан көгүш түстүү жынсы куртка кийип алган.

Мен адегенде байкамаксан болуп өтүп кеттим. Сырттан тамеки тартып кайра кирсем, жанагы кыз узун мойнун саал ийген абалда дале каалгага жөлөнүп турат. Бирөөнү күтүп аткан сыягы. Демейде бейтааныш кыздын жанына барып, сөз айтканга дегеле шыгым жок эле. Бирок бул сапар кантип дааганымды өзүм да билбейм. Сулуулар конкурсу деген шылтоо бар болчу, балким ошол нерсе эрдемсинтип, дем берди окшойт.

Кыз менин өтүнүчүмдү ыйбаа, ызаат менен жылмаюкту да, дегеле андай конкурска катышуу ниети жок экендигин айтты. Бирок шаабайым сууй түшкөнүн көрүп, кайра кыялбай кеттиби, кабинетиме барып, төрт-беш суроомо жооп берүүгө макул болду.

Ал сулуулар конкурсу боюнча материал кеткен сайын кайталанчу көнүмүш, «дежур» суроолор эле. Кайсыл жерде окуйсуң, келечекте ким болгуң келет, сүйлөшкөн жигитиң барбы деген сыяктуу. Андыктан, экөөбүз заматта чечилишип сүйлөшүп, ал мага бүт жан дүйнөсүн ачып берди деп айталбайм. Эки чоочун киши катары сүйлөштүк, бир жолку тааныштардай коштоштук.

Бирок, биздин сүрөтчүбүз, анын ай жамалын ачты го чиркин! Элүүлөрдөн өтүп калган бул киши фото объективи аркылуу сулуулукту көрө да, көрсөтө да билген өз ишинин сыйкырчысы эле. Эркин байке Асемди редакциянын бет маңдайындагы бакка ээрчитип барып, жарым сааттай иштегенден кийин жанагы илбериңки, тартынчаак кыз



кинолордогу актрисалардан, түстүү журналдардагы узун буттуу, кымча бел фотомоделдерден эч айырмаланбаган айпери болуп чыга келди. Эркин байке чыгарган он чакты сүрөттү балдардын улам бирөө жула качып талашат. Абай менен Айбек кызды мен таап келгеним үчүн гана чабуул койгонго батынбай турушту.

Экинчи жолу Асемди үч айдан кийин көрдүм. Бул учурда конкурстун биринчи туру бүтүп, электен өткөн жыйырма чакты кыз филармониянын чоң залындагы финалдык сынакка катышышы керек эле. Алгачкы жолу жолукканда үй дарегин, телефонун да сурап калбапмын. Редактор тез тап деп демиткенде университеттин чет тилдер факультетинде окуйм дегени боюнча эле издеп барып, алдыман чыккан улам бир кыздан сурамжылап жүрүп, акыры аудиториялардын биринде отурган жеринен жолуктум. Асем алгачкы жолу конкурска катышууга көңүлү чаппагандай эле бу сапар да ыргылжың болуп, көңүлдөнбөй жатып араң көндү.

Филармониядагы салтанатты чынын айтканда, аябай шаан-шөкөт менен уюштурдук. Спонсорлорубуз жалаң ташы өйдө кулаган күркүлдөр болгондуктан, акчаны аяшкан жок. Конкурска ого бетер көрк берип, бараандуу кылыш үчүн ошол кезде дүңгүрөп, атагы таш жарып аткан эстрада жылдыздарынын баарын чакырдык.

Конкурстун эрежеси боюнча адегенде кыздар сахнага улуттук кийим менен чыгып, алып баруучунун ар кандай суроолоруна жооп берип, өзү билген бир өнөрүн көргөзүп, эң акырында Чыгыш бийлерин бийлеши керек эле.

Табиятынан ошондой ийменчээкпи, же элдин сүрүнөн өзүн жоготуп койдубу, Асем мукактанып, суроолорго дурус жооп бере албады. Байкуштун бийге деле көп шыгы жок экен. Бирок үстүндөгү ак көйнөгү, оймолуу кызыл чыптамасы сымбатына куп жарашып, көркүнөн көз жалтаган көп кыздын ичинен марал сыңары манкайа бөлүнүп турду.

Аңгыча конкурстун жыйынтыгын чыгараар, кийин Айбек репортажында жазгандай, эң толкундантуучу көз ирмемдер да келди. Баш байгени театрдын актрисасы, жюри мүчөлөрүнүн биринин токолу алды. Биринчи, экинчи, үчүнчү орунду ээлеген кыздарды деле мен Мөөр сындуу, ак куу келбет деп айтпас элем. Бирок шуулдап, тилинен чаң чыгып тургандары чын.

Аңгыча эле дагы бир жюри мүчөсү, белгилүү актриса эже ордунан туруп, «төртүнчү кылып дагы бир кызды кошуп койбойлубу» деди. Оюма дароо эле Асем келди. Менин пикиримде сахнанын төрү, байгенин чоңу Асемге гана жарашмак. Бирок эжеке эмнегедир конкурста эч деле кулпуруп көрүнбөгөн Үпөл аттуу кыздын ысымын атады. (Кийин, жюринин төрагасы ага үйлөнүп алганда гана түшүнүп атпаймынбы, Үпөлдүн кандидатурасы эмне себептен, кимдин демилгеси менен чыга калганын.)

Ал эми Асем болсо эч кандай байгеге арзыбады. Алдыңкы орунга илешпеген кыздар деле жок дегенде биз билбеген спонсорлордон, фирмалардан кызыктыруучу белектерди алышты. Аселге болсо жадагалса гүл да тийген жок. Ошончо кыздын арасында Асем гана сумсайып, шагы сынып турганы деле көз алдымда.

Конкурс бүткөн соң банкеттик залга баратсам (спонсорлорубузду, бекер концерт коюп беришкен эстрада ырчыларын ошол жерде сыйламакпыз) Асем подвал жактан чыгып келатыптыр. Мени көрөөр замат көкүрөгүмө боюн таштады. «Байке, кирээрге жылчык таппай калдым» деди өпкөсү өпкөсүнө батпай шолоктоп. Экөөбүз буга чейин болгону эки гана жолу кыска убакытка жолугушканбыз. Бирок ошол ахыбалда мени өзүнө эң жакын киши сезип, эркелеп кетти окшойт.

Тааныган, тааныбаган кишилер бизди таң кала карап өтүп атышты. Асем болсо аларга көңүл бурбай, шолоктоп турду....



* * *

Баш байгени алган актрисанын мындай конкурска катышканы өзү туура эмес болчу. Себеби, жалаң көчөт кыздардын арасында анын жашы кыйла эле улуу. Анан калса, күнүгө сахнадан, теледен көрүнүп турган популярдуу актриса гезиттин сулуусу деген атакка муктаж деле болбосо керек эле. Бирок, актриса өзү мисс атанганды эңседиби, же буурул чач күйөөсү жаш токолун подиумга чыгарып, мактанайын дедиби, айтор, жюри мүчөсү укугунан пайдаланып, ага биринчиликти алып берип тынды. Байгеден куржалак калган кыздар кийин деле редакциябызга келип, таарынычтарын айтып, армандарын төгүп кетип жүрүштү. Ошолордон уксам, байкебиз сахнанын артына улам-улам чуркап, кандай суроолор берилээрин, ага кандай жооп айтуу керектигин токолуна шыбырап туруптур. Өнөр көргөзүүдөн болсо актриса эч кыйналган жок. Көрүүчүнүн сүрүн жеңип көнүп калган да, кайсыл бир спектаклден үзүндүнү шарактап күлүп, буркурап ыйлап атып аткарып салды.

Дегеле ошол конкурстан кийин менин көзүм ачылып, көп нерсени түшүндүм. Мындай шоуга биринчи жолу катышып аткан соң, сынак акыйкат болот, чыныгы сулуу гана жеңет деп ойлоптурмун. Көрсө, капчыгы калыңдар акчаны жөн жерден чачпайт тура. Байгелерди кимдер алаарын күн мурун эле аныктап, тигил кыз – сага, мунусу – мага деп бири-бирине энчилеп, атүгүл, алар менен ресторанга да барганга үлгүрүшкөндөрүн, «жуучулар» ушундай эле сунуш менен Асемге да барышкандарын, бирок Асем аларды тилдеп жолго салганын билбепмин. Башка кыздардын туугандары, ата-энеси ар кандай финалдын алдын алып, кыздары онтойсуз абалда калбасын үчүн кам көрүп коюшкан экен. Муну шоуну уюштургандардын арасына аралашып жүргөн мен билбегенден кийин, университеттин астанасын жаңы эле аттаган аруу кыз – Асем байкуш кайдан билсин?

Бирок аны бул авантюрага мен аралаштырган соң кылдат болуп, окуянын жүрүшү кайда баратканын көрө, сезе билишим керек эле. Көп жылдан бери мени азапка салып, бушайман кылган нерсе ушу.

Асем көзүн балбылдатып, ыйлап ийчүдөй кылгырып турганда сахнага чуркап чыгып, редакциянын атынан биздин гезит да өз фаворитин аныктады, ал – Асем Кожомжарова деп жалган да болсо бир конверт тапшырып коеюн деген ой деле келген башыма. Бирок анткенге эрким жетпеди. Ошол кезде жаңы конушка там салып, тапкан айлыгым же тамак-ашка же, курулушка жетпей эптеп жашап аткам, кийимим жүдөө болчу. Бирок негизги себеп бул деле эмес. Тартынчаакмын. Жолдо баратканда эки-үч киши мени карап калганын байкасам өзүмөн өзүм сүрдөп, чалына баштайм. Ал эми жүздөгөн көздөр тиктеп турган чоң залда сүйлөөр сөзүмдү таппай, мүдүрүлүп жыгылмакмын.

Айтор, жардамга келгенге, оңтойсуз абалга тушуккан жаш кызды куткарып кеткенге мүмкүнчүлүгүм бар эле, бирок эл алдында уят болуп калуудан чоочуп, Асем үчүн төшүмдү тосуп бере албадым.

Ошондон үч күн өткөндөн кийин гезиттин кезектеги санына конкурс жөнүндө макала жазгам. Конкурска катышкан кыздардын ичинен эң сүйкүмдүүсү, эң наздуусу Асем эле, бирок суу кошпогон нукура сулуулук дайыма эле калыс баалана бербейт деген мааниде. Аны Асем окудубу, окубадыбы билбейм. Окуган күндө деле ал бирдекени өзгөртүп, жаш кыздын сынган көңүлүн кайра калыбына келтире алмак беле? Бул чынын айтканда, менин өзүмө өзүм айткан актануум (же өкүнүүбү?) болчу.

* * *

Асемдин сүрөттөрүн мен бир топ жыл сактап жүрдүм. Кээде үстөлдүн астынан бирдеке издегенде алып, көпкө чейин суктана карап, анан кайра катып койчумун.



Кийин ОМОНдун жоокерлери бизди имаратыбыздан кууп чыкканда (оппозициядагы гезиттин жазмышы ушу да) мен сүрөттөрдү кайда алпараарымды билбей дагы бир сыйра карап алдым да, айрыганга колум барбай гезитке ороп, жол боюндагы даракка кыстарып кеттим. Албетте, кыйылып атып араң таштадым. Бирок үйгө да алпара албайт болчумун. Жүдөп-какап, балдарымды багып отурган текебер келинчегимдин жүрөгүн канатканда эмне? Бир кезде Асемди ыйлатканым деле жетишээр...

*2004-ж.*

## ЖЕРДЕШТЕР

Эң акыркы үмүтүм ушу гезит эле. Он күн мурда келгенде кашка баш редактор аябай жакшы кабыл алган, альбомдун баракчасына чаптап келген макалаларыма шашпай көз чаптырып, жакшы экен, кабарчы кылып алабыз деген. Бүгүн барсам өзгөрүп, көзүн ала качып калыптыр. Баягындай эле сылык, кичи пейил, бирок мага бир жаман кабарды угуза албай жаткандай кыйналып турду. Жанагы иш болбой калды – деди анан кейигендей түр менен, – «Адабият» басмасында иштеген бирөөнү алмай болдук. Өзүңдү болсо редколлегиядагылар жаш экен деп коюшту.

«Адабият» басмасынан дейби? Акыры максатына жеткен экен да байкем. Он күндөн кийин кабарлаш дегенине карабай редакцияга дээрлик күн сайын келип, адабият бөлүмүндө кабарчы болуп иштеген курсташымдын жанында бир-эки сааттан отуруп кетчүмүн. Качан кирбейин бөлүм башчынын жанында жашы отуз беш-кырктардагы тоголок бет киши отурган болот. Досум менин атаандашым дал ушул киши экенин айткан соң тымызын ичим тарый баштады. Ал да менин ким экенимен кабардар болгон го, саламымды араң алик алып, акшыя карап коёт. Акыркы жолу киргенимде бөлүм башчы мени жанына отургузуп алып,

жарым саат нотация окуду. Азыркы жаштар окууну бүтүп-бүтпөй жатып жалаң дөө-шаалар нан жеген республикалык абройлуу гезитке иштейм деп жулунуп жатканына кейиди («Жыгылсаң нардан жыгыл деп эле Шодокондун бүркүтүндөй жулуна берген туурабы? Алыбай алына жараша эле болбойбу...») Ал кимдин арыгын чаап жатканын ошондо эле байкагандай болдум эле. Азыр болсо баш редактор «редколлегиядагылар» дегенде кайсыл аксакалдын сөзү чечүү ролду ойногонун дароо түшүндүм.

– Бирок сен капа болбой, кабарлашып тур – деди редактор жооткотуп. – Орун бошоп калса эле алабыз.

Редакциядан чыгып, ойкелди басып жөнөдүм. Бүттү, – деймн ичимен кобурап, – ушунча сагалаганым жетишет. Завод болобу же курулуш болобу, кайсыл жердин айлыгы жакшы болсо ишке кирип кетем. Гезитти ошол Тоялиев менен Шеркуловго бердим...

Аңгыча эле бирөө атыман чакыргандай болду. Карай салсам мектепте чогуу окуган досум турат. Дагы бир айылдашыбыз экөө командировкага келишкенин айтып, мейманканага чакырды.

– Кеттик – дедим мен шыр эле. Бары бир кыла турган башка ишим жок болчу.

Көп өтпөй «Кыргызстан» мейманканасынын бешинчи кабатындагы бөлмөлөрдүн биринде отуруп калдык. Калык ака – элүүлөргө таяп калган олбурлуу киши кроваттын үстүнө малдаш токунуп алып, чачы жаңы эле кылтыйган башын улам тырмап коет да, Ибин экөөбүздүн сөзүбүзгө кызыга кулак түрөт. Кез-кезде суроо узатып коет.

– Сен кайсыл окууну бүттүң?

– Университетти – дедим мен эми каякта иштейсиң деп сурап ийбесе экен деп кыйпычыктап.

– Түзүк-түзүк... Катыра бер азамат.

Ибин болсо бөлмөдө ары бери басып, колундагы узун кылып ороп алган газета менен чымындарды кууп жүрөт.



Бир саамга токтой калып, учуп бараткан чымынды көзү менен узата карайт да, коноор замат тарс эткизип бир чабат.

– Орунбайга айттиң беле? – Калык ака эми Ибинге кайрылды.

– Айткам. Келем деди эле.

Орунбай ака да шоопур. Ибиндин бир тууган тагасы болот.

– Ол келип издей бербесин, мен карап коёюнчу. Ибин колундагы газетасын кроватка таштай салып, балконго чыгып кетти.

– Айтпадим беле.

Биз да анын артынан чыгып барсак, Орунбай ака мейманкананын алдындагы аянтчада туруптур. Көп терезелердин кайсы биринен тааныштарым көрүнө калат экен дегендей улам жогору жакты карап коёт. Аны көрөөр замат Калык ака кыйкырып жиберди.

– Эй, Орунбай, биз бияктабыз! Кудум айылда жүргөндөй шаңк эткенде ары-бери өтүп бараткандар селт-селт эте түшүштү. Орунбай ака бизди көрдү да шыпылдай басып, мейманканга кирип кетти.

– Балдар, силер отуруп тургула. Мен баштап келейин. Калык ака шкафты ачты да, түктүү кышкы шляпасын башына кондура салып, чыгып кетти. Кыйладан кийин Орунбай ака экөө ээрчишип кирип келишти.

– Ой, бо-ой, бүт эле өзүбүздүн балдар го!

Орунбай ака ар бирибиз менен кол алышып, көрүшүп чыкты.

– Карасам бизди табалбай, араздап кетпартыптыр – деди Калык ака жылмайып.

– Силерди көрүп сүйүнүп кеттимби, жакшылап карап албай эле кирип кетипмин – деди Орунбай ака жаш баладай элжиреп. – Бешинчи этажга чыкканда эсим оол туруп калдым. Буяка кирип келатсам бир кыргыз катын алдыман тосуп, «каяка барасыз, комнатаси канча?» дейт. Ком-

натасын билбейм дедим. «Ондо киргизбейм. Кирсеңиз ар кайсыл эшикти чертип, буерде жашагандардын тынчын аласыз» дейт. Жок, карындашым, шуерде жашайт, мен точни билем дедим. Киргизбей койду. Эми ылдый жөнөгөндө жакшы сен чыгып калдың.

– Ылдыйдан жөн эле киргиздиби?

– Ичким жок экен. Ояка бастым, бияка бастым, липке бардым, ошол жерде эле ывырсып жүрө бердим. Кандай анан биз жак, тамеки ниме болуп атат, шону айтчи?

Орунбай ака жакыныраак жылып отурду.

– Бардыгы тынч, отурушат. Биз келатканда тамеки эгилип бүтөйүн деп калды эле, азыргыча бүтсө керек.

– Картишка, мака мени күтүп, эгилбей тургандыр?

– Али ич ким эге элек.Турат бардыгынықы.

– Механик отпускеге чыгың деп таза кыстады. Жамгыр жаап атат, баари бир үйдө ич канча иш кылалбайм, кийинраак чыгайын дедим эле. Чыга бербей... Көбү эле падменщигин жөнөтөт. Менин шеригим оорукчан, мындай алыс жактарга келе албайт. Илаажи жок, өзүм келдим да. Азали күн өтпөйт десең.

– Иши кыйын бекен?

– Кыйын деле эмес, толке шу үйдү сагынат экенсиң. Анавы тоолорду көргөн сайын сагынып кетем. Окшош а?

Баарыбыз терезеден тоо тарапты карап калдык. Биздин айылдан да кудум ушундай ак мөңгүлүү тоолор бир ажайып болуп көрүнүп турат.

– Эки-үч марта Токмокко барып келдим, – Орунбай ака сөзүн кайра улантты. – Айнекти тартып ун кылат экен, онун алдында Куванын куму маскара. Ама жүда оор болот экен, бир күзүп жүктөсөң машинең тарталбай калат. Мен күзүптүн жарыминан жүктөп, көп болсо 400 кила жүктөдүм деп таразага келсем, эки жарым тонна чыкты.

– Во, кыстала-ак!



– Ибин сени чатырга келди деди эле. Чатырыңар тигилип бүттүбү? Машинаңы каякка коюп атасың?

– Шол иштеген жерге эле. Дубалы бар, кароолу дагы бар. Нукул катындар иштейт экен. Битта деректири бар, шол эркек.

Аңгыча телефон шыңгырады. Ибин трубканы алып, бир азга тыңшап турду да, Калык акага карады.

– Мырза ака тамак ичип келели дейт.

– Жүргүлө ондо, ичсек ичип келели.

– Калык – деди Орунбай ака. – Балдар барып, нан-пан алып келишсин. Шул жерде эле тамактаналы.

Досу анын сунушун макул көрдү. Орунбай ака костюмунун ички чөнтөгүнөн бир тутам акча алып чыкты да, арасынан эки беш сомдукту сууруп, Ибинге сунду. Ибин баштык алып, буфетке кетти.

– Жакшыбайга жолуктум – деди Орунбай ака ал чыгып кеткенден кийин – Адресин берип, «үйгө өтүп барың» деди эле. Өмүштү (шаарда окуган дагы бир жээни) ээрчитип алып бардым. «Ич» деп таза кыстады да.

– Биздикилердин баари сопу болуп калган дебейсиңби.

– Айттим. »Барганда кайра сопу болуп аласыз» дейт. Анан жүрүң, балконго чыгабыз дегени балконго чыктык. Бир ише арак менен ыстыканды ала чыгыптыр. »Өмүштөн тартынсаңыз шу жерде ичиң» дейт. Өмүштөн нимеге тартынайын. Ичсем, сени жалдыратпай бая эле ичпей белем дедим. «Шашпаң, кеткичеңиз бир ичирем» деп калды. Ар аптада чогулуп, «гап» жешет экен. Айтмакчы, шуерде сенин жээниң бар турбайбы?

– Ыы, атамын Ленинизимде бир карындашы бар эле. Ошонон бир уул, бир кыз калган. Атам барында келип, кетип турушчу эле, азыр катташпай калдык. Кызы каякта экенин билбейм, уулу ошол, сен көргөн жигит.

– Жакшыбай, сенин жээниң «байке» деп коюшат экен, элүүлөргө барып калган бир жылтырак баш киши – бар-

дыгы бир кампания экен. Шонон эки-үч күн өтүп-өтпөй Жапаркулду көрдүм.

– Кайсы?

– Кайсы болот эле, Жапаркул касам да. Мени шо жерде деп бирөөдөн уккан окшойт, иштеген жериме барыптыр. Мотордо чукулап отурат элем, бирөө келатат, карасам Жапаркул.

– Катын, бала-чакасы бар бекен?

– Онусун сураган жокмун. Өзү шу жерде үйүм бар, ма-

– Онусун сураган жокмун. Жакшыбай ака карабайт дейт. шинам бар деп айтти. Жакшыбай ака карабайт дейт.

– Ону дагы алдап, жинине тийгендир да.

– Бензиним жок дегени 40 литирге талон бердим. Сиз-ди бир ойнотом, колум бошогондо келем деп кеткен.

Нан, эт, беш-алты бөтөлкө Ак суу көтөрүп, буфетке кеткен Ибин келди. Алып келгендерин столдун үстүнө койду эле Орунбай ака чөнтөгүнөн бүктөмө бычагын алып, этти туурап жиберди.

– Келгиле балдар, жакыныраак отургула. Ич тартын-май жок. Кыяз, ма, мынавы сууларды аччы.

Тооктун этин нан менен кошуп жеп кирдик.

– Шаардин оокатына азали курсагым тойбоду – деди Орунбай ака. – Силер кантип жүрөсүңөр билбейм.

– Үйрөнүп калышат да – деди Калык ака. – Жаңы кел-ген күндөрү Ибин экөөбүз дагы ысталовойго, буфетке ки-рип жүрдүк. Биринчи деп коюшат экен, шылдыраган бир чөмүч нерсени ликапка куюп берет. Ондойдон төрттани ичсең дагы жумуруңа жук болбойт. Ама, чайканасы түзүк, биз шого үйрөнүп алдык. Базарда уйгурлар нан сатат экен, кадимки биздикиндей тандыр нан. Экита-үчтани алабыз дагы чайканага кирип, шашпай курсакты тойгузабыз. Оерге өзүям бүт бизге окшоп эки жактан келгендер кири-шет экен. Шаардиктардин өңдөрү дагы бир башкача. Ча-маси арактты иче берип, бүржөлү күйүп калышкан окшойт.

– Буердин кыргыздарына караганда орустары дыйкан



келет экен. Качан көрсөң чалгысын, орогун көтөрүп, жолдун боюндагы чөптү чалып-чалып оруп аткан болот. Тазараак дагы орбойт.

– Машинасын коюп коёт.

– Ыы, чыптага салат – деди Орунбай ака досу экөөнүн байкоосу төп келип калганына курсан болуп. – Шаар деге-нин машинанын уюгу болот турбайбы. Быжылдап, кумурс-ка эле. Правиланы бузуп, качан правамды алдырып коет экенмин деп коркуп жүрөм.

– Азыр жаңы закүн чыгыптыр – сөзгө Ибин аралашты. – Праваны албайт экен. Талонду ям тешпей, жөн эле штраф салат экен.

– Меникин тешти го? – деди Калык ака.

– Бассаң керек да?

– Расса учуртуп кетпартат элем. Карасам эле экита ме-лиса турат. Тормузду бастым. Огочеле ала таягын көрсө-түп, токто деп калды. «Канчада келаттың эле?» дейт. Кыр-кта дедим. Мырза тридсат пять деп коет.

– Мырзаң ким?

– Жанимдаги шеригим. Мен жок, сорок, сорок дейм.

– Хи-хи.

– Шымыңыздын айрилганин айтип берсеңиз – деди Ибин.

– Радиятирга суу куяйын деп аткам. Эми эле буфирге путумду коюп, чыгайын дегенде зорго эле турган экен, дыр-р этип сөгүлүп кетти.

Баарыбыз ыкшып калдык. Орунбай ака тим эле көзүнөн жаш чыкканча күлдү.

– Түрсүгүң... хи-хи, түрсүгүң... бар беле?

– Эки жагымды карасам жакшы ичким жок экен. Ша-шып-пушуп кабинага чыктым. Мырза жүрүң гастиницага кирейли дейт. Кой, шарманда болбойбузбу дедим. Иште-ген жерге барып, кароолчу келип калабы деп кыйла отур-дук. Келбеди. Акыры секин түшүп, эшиктен баш бактым. Үч орус катын отуруптур. Огочо эле экөөсү ичкери кирип

кетти. Шап кирип бардым дагы чатыр тигилип бүттүбү деп ону-муну сурамыш болуп, анан секин көрсөттүм...

– Хи-хи.

– «Давай, снимай» деди. Жакшы адам экен бечара, бир паста эле тигип, апчыгып берди. Башка бирөө болсо, иди, мен сенин катынын белем дейт эле да.

Унчукпай калышты.

– Намаз окуп атасыңбы? – деди Калык ака бир аздан соң.

– Каякта...

– Мен балконго жайнамазды жая салып эле окуп атам.

– Саңа го шарт бар экен. Биз жаткан жерде болсо таарат алганга муздак сууам таппайсың.

Орунбай ака ойго бата түштү.

– Картишка эгилгенче барып калсам жакшы болот эле. Картишка жөнүндө аскияны уктуң беле? Сайит ака картишка көөлап атса көкжарлык жээни келип, «тага, мен дагы дөшкө (ичкиликтер картишкани дөшкө дейт) эктим эле, сиздики чоң-чоң, меники нимеге майда болуп калды?» деп сурайт экен. «А жээн, дөшкө эмес, түзгө эле экпей белең» дептир ондо Сайит ака.

– Сайит ака өзү жүда куудул, кызыкчы киши эле да – деп коштоп кетти Калык ака. – Өсөр жактан бирөө той кылып, бир баланы Айбекке кабарга жөнөтүптүр. Өмүшкөрдөй жаш бала экен. Жанина отургузуп алып гапка сатат. «Паланча кандай жүрөт?». «О киши өлүп калган». «Пыслат. «Паланча кандай жүрөт?». «О киши өлүп калган». «Пысканчачы?» «Олам өтүп кеткен». Билип туруп эле өлгөн киширерди сурай бериптир. Он чакты кишини сураптыр. Бала бечара кантсин, өлгөн дейт да. Сайит ака жортеге ачууланымыш болуп, «о, оозуңан шамал аткыр! Мааланарда тирик адам калганбы?» дептир.

Баарыбыз өсөрлүк баланын жанагы ахыбалын көз алдыбызга элестетип, боорубузду тырмап күлдүк.

– Дагы бир жолу Жума ава тамбашын күрөп атса, жолдон Сайит ака атчан өтүп калыптыр. – Эми сөздү Калык ака улады. – «Ой, Сайит, тегирмен кандай экен» деп сураса, «бир ка-атта таш айланып атат» дептир.

– Хи-хи.

– Жума ава тегирменде эл көппү же азбы, деп сурап атат да – деди Орунбай ака көзүнүн жашын аарчып.

– Силер эми тегирмен ниме экенин билбей калдыңар окшойт – деди Калык ака. – О маалда ун тарттырганга томурандап биз барат элек. Өчүрүт. Чыпталарды катаркатар кылып коюп коебуз. Куржундар болчу эле. Курсактар ач, гезерип отурат элек да. Таштап койсоң өзү тартып коет, шу бирөө алып коебу деп акыйып отурчу элек.

– Үйдөгүлөр жылбай отур деп жөнөтөт да – деди Орунбай ака.

– Бир жолу тегирменге барсам Сайпи отурган экен. Экөөбүз оюнга берилип кеттик. Колунда чымчыктыкыбы, пактектикиби, экита тукум бар экен. Калпагына салып алып, «мана көрдүңбү, мен башыма салып туралам» дейт. Мен дагы туралам дедим. Ону туурап тукумду калпагыма салып, эми кийгенимде атайилап пайлап турган экен, бир койду да. Тукум сынып, ылжырап эле жатып калды. Ийлап атам, аарчып атам... Бу кысталак тукум чыкпайт экен да. Же мен жакшы жуубадымбы, чачим кыйлага чейин шалтак болуп жүрдү.

Эки дос улам бир кишинин жоругун айтып, а биз болсо күлүп отуруп, кантип кеч киргенин да байкабай калыппыз. Мен кетем десем, Орунбай ака кошо камданды. Калык ака менен Ибин экөөбүздү сыртка чейин узатып чыгышты.

– Эки үч күндөн кийин кетебиз. Бере турган гөр-жериң болсо бер – деди Калык ака.

– Бизде ниме гөр-жер болот эле – деди Орунбай ака. – Базарга чыкпасак.

Мен чыгаарын чыккан менен коштошо албай кыйылып турдум. Көкүрөгүмдү түпөйүл бир кусалык ээлеп, Ноокатты көздөй учуп жөнөгүм келип кетти.

– Мени ала кетпейсиздерби?

– Ниме, кышлака кетейин дейсиңби – деди Калык ака.

Мен баш ийкедим.

– Туура кыласың – деди Орунбай ака мен эч нерсе айтпасам деле ички дүйнөм эмне болуп атканын сезип, туюп тургандай. – Жүда туура кыласың...

*1986-ж.*

## КАТА

Жаңыл, жашы отуздардагы оператор кыз аябай шашып атты. Элеп-желеп болуп, бул сапар түзөтүүнү жазбай эле оозеки окуп берүүнү суранды. Бүгүн бизде иштеген жаштар «Машина времени» тобунун концертине барышмак. Концерт башталаарына аз эле убакыт калгандыктан башка кыздардын баары эчак кийинип, жасанып-түзөнүп, Жаңылды гана күтүп калышты. Мен түзөтүүнү диктовать этип бердим, анан даяр текстке көз жүгүртүп жатканда Жаңыл жанымда чыдамсыздана күтүп турду.

– Катасы жок бекен? Жок болуш керек.

Ката чындыгында эле жок экен. Жаңыл лентаны алып, телеграф жакка чуркап кетти.

Бир нече мүнөттөн кийин биздикилер кажы-кужу болуп, сыртка чыгып жөнөштү. Алардын үндөрү, опур-топулуп, сыртка чыгып жөнөштү. Алардын үндөрү, опур-топуру угулбай калганда мен ээн кабинетке отуруп, түзөтүүгө дагы бир сыйра көз жүгүрттүм. Өзүм эң акырында кошкон бир саптын орусча текстин тамгасына чейин өзгөчө кылдат карадым. Баары туура, кыргызчасында толук бир сүйлөм түшүп калган экен. Эми орустар айткандай, с чистой совестью кете берсем болот. Азыр 6-троллейбус менен түз эле жумушчулар шаарчасына бараарымды, ал жерде сүйгөн кызым күтүп турганын, экөөбүз кечки салкында эски аэропортту айлана сейил кураарыбызды эстегенде жүрөгүм кубанычтан элеп-желеп боло түштү.



Столду жыйнаштырып, жаңы эле чыракты өчүрмөкчү болгондо мээме бир нерсе кылт этти. Мен столдун үстүндө турган кызыл папкени ачып, андагы барактарды шашабуша оодара баштадым. Мына, ТАССтан келген биринчи түзөтүү, акыркы абзац, ылдыйдан санаганда сегизинчи сап... Мен бирөө башка чапкандай шалдайып отуруп калдым. Орусча түзөтүүдө жанагы мен акырында кошуп салган каргашалуу сап алынып салынсын деп жүрөт. Түзөтүү адатта эң акырында, текст кыргызчага которулуп бүтүп калганда келчү. Ошондуктан аны котормонун акыркы вариантына биз, нөөмөтчү редакторлор кошобуз. Бирок кээ бир учурларда ал материалга удаа эле келгендиктен, башкы редактор текстти котормочуларга бөлүштүргөндө эки убара болбош үчүн түзөтүүнү кошо карматат. Бул сапар да котормочу Жанызак байке жанагы сапты ошол түзөтүүнүн негизинде атайылап алып салган тура. А мен болсо кайра киргизип салыпмын. Жөнөкөй сүйлөм болсо да бир жөн эле, саясий «балекети» бар. Горбачевдун сөзүн бит терген-дей тазалап отурчу ТАССтагы (а балким БКдагы?) «карышкырлар» аны бекеринен алып салышты дейсиңби?

Бул жерде иштегендер: директордон тартып катардагы корректорлорго чейин катадан жаман коркобуз. Он чакты адам биринин артынан бири тирмийип окуса деле бир нерсе кылтыйып кетип калат. Ката – бул шпион деп ошон үчүн айтылып калса керек. Мындай «ЧП»лар биз түздөнтүз баш ийген Министрлер Кеңешинин, атүгүл БКнын деңгээлинде каралып, бир тобу эскертүү, сөгүш алып, иш жаманына айланса бир-эки киши жөн эле кызматтан ыргып кетчү.

Менин айыман эртең кандай чуу чыгаарын элестетип, бир саам эмне кылаарымды билбей маң болуп отурдум. Анан маалымат китепчеден башкы редактордун үй телефонун таап, номерин тердим. Трубканы байбичесиби же кызыбы, айтор, аял киши алды.

– Жумаш Кыдыковичти мүмкүн бекен?

– Ал жок. Конокко кеткен.

– Качан келет?

– Билбейм качан келээрин.

Орун басарына чалсам, ал киши ваннага түшүп атыптыр.

Араң дегенде жооптуу катчыны таап, ката кетип калганын «сүйүнчүлөдүм».

– Эмне дейт? – Жооптуу катчы чоочуп кетти. – Эмне болгон ката? Кантип кетип калыптыр?

Мен көпкө чейин түшүндүрдүм.

– «Советтик Кыргызстанга» срочно кайра түзөтүү бер. Областтык гезиттер эртең чыкпайт да, аларга кийин деле берсең болот.

Түзөтүүнү жибергенге телеграфтагы кыздардын баары концертке кетип калган. Телефондон айтсам гезиттегилер түшүнбөй, ого бетер боткосун чыгарып салышы мүмкүн.

Чогуу иштеген корректор эжеге телефон чалдым. Өмүр бою ушул жерде иштеген бул аялдын билбегени жок эле.

– Чынар эже, жаңы типография каерде экенин билбейсизби?

– Юбилейный дүкөнү жакта деп уккам. То ли жогору, то ли төмөн жагында. Мен өзүм барып көргөн жокмун. Газетада телефону бар, чалып көрбөйсүңбү? А эмне болду?

– Эчтеке, жөн эле сурадым.

– Ошо звонит этип көр. Жана өзүң бир гезит кармап жүрбөдүң беле?

«Советик Кыргызстандын» нөөмөтчү редактору айтканымдай эле кеп эмне жөнүндө болуп жатканын түшүнгөн жок. Кайсыл жеринде дейсиң? – деп кайра-кайра сурап, текстген ал саптарды көпкө чейин издеп, акыры таба албады окшойт накта кыргызча манерада «апкелип эле беришимди» өтүндү.

– Менде машина жок да.

– Анда сыртка чыгып тур. Мен өзүм барам.



Ак «Волга» арадан он беш мүнөт өткөндө келди. Окууну жаңы эле бүтүп келгендиктен, мен «Советтик Кыргызстанда» иштегендердин дээрлик эч кимисин таанычу эмесмин. Элүүлөрдөн өтүп калган аксакал киши экен. Чуркап барып, түзөтүүнү машинадан түшүп үлгүрө элегинде колуна карматтым.

– Ушул элеби?

– Ооба. Тольке сөзсүз киргизиш керек байке.

– Разговор жок.

«Волга» зуулдаган бойдон жөнөп кетти.

Саатты карасам ондон өтүп кетиптир. Мен мойнундагы оор жүктөн арылып, жеңилдегендик менен шалдырагандын ортосундагы бир кызык абалда турдум. Жумушчулар шаарчасына, Райканга барайын деп атпадым беле? Бирок кантип барасың? Жеткенче саат он бир болот. Эң башкысы эмелеки алып учкан сезим жок болуп калган.

Ушул жумуш экөөбүздүн мамилебизге аябай эле кедергисин тийгизмей болду. Өчөшкөнсүп такай экөөбүз жолугушууга убадалашып же же киного баралы деп билет алып койгон күнү шашылыш материал келип калат. Анан үйүндө же кинотеатрдын жанында мени зарыга күтүп, бир топтон кийин тултуңдап жалгыз кеткен кыздын таарынычын жазуу, күнөө менде эмес экенине ишендирүү мен үчүн оңойго турчу эмес.

– Ушул иштин айынан сүйгөнүмөн айрылып каламбы деп корком – дедим бир жолу нөөмөтчү машина түнкү саат үч ченде ар бирибизди үймө-үй жеткирип жүргөндө.

– Биздин кыздар эмнеге турмушка чыкпай жүрүшөт дейсиң – деген анда Тася аттуу шакылдаган орус келин. – Ошон үчүн колуктуну өзүбүздө иштегендердин арасынан изде. Башкалар түшүнбөйт.

* * *

Шаардан жумуш таппай жүрүп-жүрүп, таасирдүү жердешимдин кадыры менен бул конторада иштей баштаганыма жарым жылдай болду. Жумуш күнү башка мекеме-

лердегидей эле эртең мененки тогузда башталат. Бирок качан бүтөөрүн эч ким, башкы редактор да, атүгүл директор да билбейт. Анткени кеткенге уруксатты Москва берет. Качан телетайп аркылуу «дсв» деген команда келгенде гана кабинеттеринде, коридордо чыдамсыздык менен күтүп турушкан операторлор, корректорлор, редакторлор бирибири менен шаша-буша коштошуп, үй-үйлөрүнө жөнөп калышат.

Бирок жумуш күнү алтыда бүткөн жайбаракат, бактылуу учурлар биздин контoранын турмушунда сейрек гана болбосо, кудайдын куттуу күнү ТАССтан үч-төрт полосалык шашылыш материалдар келет. Бир жерде тынч отура албаган Горбачев аксакал улам бир региондо партчарбалык актив өткөрүп, эң эле болбоду дегенде көчө кыдырып, үч-төрт саат сөз сүйлөйт (агентствонун босогосун 18 жашында аттап, кырк жылдай иштеп койгон, жаштыгын, келин курагын ушу жерде өткөргөн Соня эже Горбачевдин жалайыктай-жалайыктай доклады келген сайын «Хрущев ушинтип көп сүйлөчү эле» деп наалып калчу).

Мындай учурларда Москва бизге мынча көлөмдөгү шашылыш материал болот деп эскертүү жиберет. Материалдар өзү болсо саат алтыга чукулдап, биз мына-мына кетебиз деп камданып аткан учурда келчү. Ошол замат башкы редактор баарыбызды чогултат да, он беш мүнөт убакыт берип, чай ичип келе калгыла дейт.

Котормочулар (көбүнесе 20–30 жыл иштеген чалдар), редакторлор үчүн бул көнүмүш жумуш, анан калса алар которгон, оңдоп-түзөгөн ар бир бет материалы үчүн калем акы алышат. Кыйналган, азап тарткан эле биз, дежур редакторлор менен корректорлор. Түн бир оокумда котормочулар которуп, редакторлор оңдоп-түзөп берип кеткен соң, биз алардын грамматикалык каталарын оңдоп, текстти гезиттерге жиберебиз. Ошондон кийин да саясий ката кетип калбасын үчүн орусча тексти менен кайра бир сыйра



салыштырып чыгыш керек. Элестетип көрсөңүз, түнкү саат эки же үч, кабинетте ыкшыйып бир дужур редактор менен бир корректор отурабыз. Мен үн чыгара окуп атканда тиги текстти салыштырып карап турат. Анан менин үнүм бүтүп, кырылдап калганда ал окуйт. Ушинтип, таң атып кетет. Эртең менен жакын жердеги чайканадан шам шум этип алган соң саат тогузда кайрадан «как штык» жумуш орунда отурушуң керек. Бир сутка дем албай иштегениң, чарчап кирпиктен тартса жыгылчудай болуп тургандыгың эч кимди кызыктырбайт, адам укугу, сегиз сааттык жумуш күнү деп даттана турган эч инстанция жок. Даттанганда да аны ким угат? «Биздин контора полувоенный мекеме, чыдасаңар иштегиле, чыдабасаңар эшик ачык» дечү башкы редактор. Эң таң калыштуусу, кээ бир мен сыяктуу окууну жаңы бүткөн азоо жаштар гана чыдабай кетип калышпаса, көбү өздөрүнчө наалып, чондорду ичинен сөгүп коюп, он-жыйырма жылдап иштей беришчү.

Кемеде жүргөндөрдө «деңиз кесели» деген кесиптик оору бар. Күнүгө он-жыйырма бет текстти диктовка менен которгон биздин котормочулар бара-бара тили булдуруктап, кээ бирөөлөрү чулдур болуп калат дешет. Өзүм менен чогуу иштешкендердин арасынан мен андайларды жолуктурган жокмун, бирок башкы редактордун тапшырмасы менен биздин контoранын юбилейине карата ардагерлерди үймө-үй кыдырып, куттуктоо открыткаларын таратып келген Нарынбек аттуу досум «мен барган чалдардын баары чулдурап калышыптыр, алардын сөздөрүн кемпирлери гана түшүнүшөт экен» деп келген.

Майрам, дем алыш күндөрү дегеле бизде болчу эмес. 1-Май, 7-ноябрда элдин баары көчөдө балмуздак жеп, пиво ичип жүрүшкөндө биз терезеден аларды суктана карап, кабинетте иштеп отурчубуз.

Кээде шашылыш материал жөнүндө кабар келбесе деле башкы редактор жума күнү кечинде «эртең, бүрсүгүнү

үйүңөрдөн жылбай отургула, керек болуп калсаңар машина менен алдыртабыз» деп эскертет.

– Тебе особо касается, эртең эч жакка кетпейсиңби? – дейт ачкылды жакшы көргөн карт котормочуга.

– Ош базарына барып, бир аз эле бозо ичем.

– Бозо ичсең мейли, бирок «башкасына» өтүп кетип жүрбө?

– Болсо ичет элем, жок да... – дейт тиги кудайдын боору ооручудай түр менен.

Бизде иштегендердин арасында ачкылды жакшы көргөн жалгыз эле Дайыр байке эмес эле. Бир жолу бирөө той берип, үйүндө отурсак анда-санда пародия жаза койчу куудул редактор Айдар аттуу завхоз байкеге «кенен-чонон отура бериңиз, сизге жай камдатып койдук» деп кайра-кайра тийишип калды. Ал ошенткен сайын отургандар ыкшып күлүп атышкан. Кийин билсем, Айдар байке тойго барган жеринде тоголонгончо ичип, сөзсүз ошол үйдө түнөп калчу экен.

Биз, дужур редакторлор менен корректорлор имараттын биринчи кабатында, ал эми жетекчи состав, редакторлор менен котормочулар экинчи кабатта отурушчу. Ийнеликтей апарык жооптуу катчы болсо кара терге түшүп, эки кабаттын ортосунда «учуп»жүрөт. Ал өзү МГУнубу же ЛГУнубу, айтор, борбордук окуу жайлардын бирин бүтүптүр. Корректор эжелер менен эзилишип сүйлөшүп, бизди анчалык кыртышы сүйбөйт. «Булар мен эмне десем аткарышат, дужур редакторлор болсо биз деле жогорку билимдүүбүз дешеби, анчалык тоотушпайт» дейт бизге угуза эле. Кээде телефон чалып, тигил же бул материалды алып келип берчи деп чакырып калат. Ошенткенде эле жанында бирөө бар экенин сезем. Айткандай эле кирип барсам бейтааныш бирөө менен отурган болот. Бул тааныш бирөөнүн алдында өзүнүн жакшыдыр-жамандыр шеф экенын алдында өзүнүн жакшыдыр-жамандыр шеф экендигин, кол алдында жумшачу бирин-экин кишилери бардыгын көргөзгөнү болсо керек.



Экөөбүздүн жылдызыбыз алгачкы күндөн эле келишкен эмес. Тирешүү күчөп отуруп, бир күн апогейине жетти. Эмне боюнча чырдашканыбыз эсимде жок, бирок башкы редакторго айтам дегени, бар, айта бер деп кетип калгам. Эртеси эле Жумаш Кыдыкович чакырып, сен эмне ошончолук эле кыйын болуп кеттиңби? «Наркуловго айтып, кестирип ал» деген турбайсыңбы дейт. Урушканым, бар айт дегеним чын, бирок жанагындай сөзду оозанган эмесмин дедим. «Башкалардан да сурап, аныгына жетем» деп калган. Жарым сааттан кийин ошол биз урушуп атканда жаныбызда турган корректорду чакырып, экөөбүздүн көзүбүзчө эркектердин жыныстык органы жөнүндө сөз болгон-болбогонун дагы бир ирет териштирди эле Чынар эже да антип айткан эмес деди. Бул сапар патрондун каарынан ошол эженин калыстыгы менен гана аман калдым.

Башкы редактор мени күнүгө бир маал өзүнө чакыртат. Шефибиздин мүнөзү, кээ бир манералары Абуладзенин «Покояние» деген фильминин башкы кейипкерине окшош болгондуктан, биз да аны өзүбүзчө «Варлам» деп атап алганбыз. Бул конторада ушунча иштеп, бирок бир да жолу анын күлгөнүн, бирөө менен чер жазыша сүйлөшкөнүн көрбөдүм. Күлкүлүү бирдеке жөнүндө сөз кылып жатса да мурутуна муз тоңуп тура берет. Бир жолу республикалык бир чоң жыйындын катышуучулары жөнүндө маалыматты которуп атсак ичинде уят фамилия жүрөт. «Бул эмне деген ат, бир балекетине кала электе такта» деди. Жыйындын уюштуруучуларына кайра-кайра телефон чалып, маалыматты даярдаган кабарчылардан сураштырып, иликтесек, чыныгы фамилиясы Көтөшов экен. Орус тилдүү кабарчылар аны «о» тамгасы менен жазып коюшуптур. «Бу кудай ургандын өз ысмы деле жырглаткан ат эмес экен» деди шеф мисирейип. Мен күлкүмдү араң тыйып, ал бырс этсе эле каткырып ийгенге даяр тургам. Бирок «Варламдын» ээрди былкылдап да койгон жок.

Баса, эки-үч курдай, юбилейлерде куттуктоо сөз айтканын угуп калган жайым бар. Юбиляр элүүгө чыкса деле, жетимишке чыкса деле «Кечээ эле тиги кырда жок эле, кайдан чыкты боз ат минген отуз жаш» деп, Алыкулдун эки сап ырын цитата келтирет.

– Бул эмне, Алыкулдун «Отуз жашынан» башка ырды билбейби? – деди жанымда турган редакторлордун бири күлүп.

– Анын да эки эле сабын билет болуш керек – деди анда экинчиси.

Мен киргенде Жумаш Кыдыкович матералдардын окулуш темпине кызыгымыш болот да, анан эшикти дагы бир иирет бекем жаптырып, «катындарың кантип атат?» деп сурайт. «Катындарын» дегени мени менен чогуу отурган корректор эжелер. Мен унчукпай ийнимди куушурам. «Алардын тилине кирчү болбогун, сен экинчи кабатка көтөрүлчү жигитсиң» дейт. Бир жолу ачык эле мындан кийин алар эмне жасап, эмне жөнүндө сүйлөшкөндөрүн ага «шыбырап» турууну тапшырды.

Корректор, оператор эжелер андан көргөн кордуктарын айтып, ыйлап эле жүрүшчү. Төрт-бешөө уюшуп, анын үстүнөн арыз жазып да көрүштү. Ал арыз жалпы чогулушта талкууланаары белгилүү болгон соң «Варлам» редакторлорду, анын ичинде мени да кабинетине бир бирден чакырып, эмне деп айтуу керектиги жөнүндө инструктаж берип чыкты.

Жыйында «Варламдын» дарегине укмуштуудай ачуу сөздөр айтылды. Ва-банкка барган кээ бирөөлөр анын абийирин айрандай төгүп, бир эже көз жашын көлдөтө ыйлап да ийди. Бирок редакторлордун баары патрондун кечээки көрсөтмөсү боюнча аны колдоп сүйлөп, жерге-сууга тийгизбей макташты. Чогулушка профсоюздун орус улутундагы мүчөлөрү да катышып отурган. Бирок алар арызчылар эмне деп айткандарын түшүнүшпөдүбү, бири да ооз ачып



сөз кошушкан жок. Эжелер калыс киши деп директордун орун басарынан үмүт кылышкан. Бирок Василий Иваныч чогулуш бүтүп, чечим кабыл алынып аткан кезде келип калды. Төрагалык кылуучу ага арызда жазылган фактылар мурда болгон экен, азыр абал өзгөрүп, башкы редактордун кол алдындагыларга мамилеси кескин жакшырганы маалым болду деп түшүндүрдү. Василий Иваныч «А-а» деп келатканда чогулуш жабык деп жарыяланып, эл ордунан туруп жөнөштү. Кыязы, директордун орун басары азыр оңолуп калган болсо, анда, он чакты киши эмнеге даттанып арыз жазды? – деп сурамакчы болду окшойт.

Али кабинетке жете элегимде шеф чакырып атат деп калышты. Кирсем, «Варлам» жини келип отуруптур. «Эмнеге сүйлөгөн жоксун?» – деди кабагын карыш салып.

Мен башымды шылкыйттым.

– Э-э, – «Варлам» кайдыгер кишидей кол шилтеди. – Сенсиз деле коргоп сүйлөгөндөр жетиштүү болду. Өзүң деле көрдүң го, комиссия мүчөлөрү ачуулары келип, араңараң чыдап отурушту. Арызчыларды, жалган жалаа жапкандарды эч ким жакшы көрбөйт. Бар, ишиңди кыла бер.

Ошондон көп өтпөй мени башкы редактордун орун басары, биз «Токсабола»деп койчу көз айнекчен жигит чакырды. Аны-муну сурамыш болуп, анан «эшикти бекем жаап койчу» – деди.

Кудая тобоо, кыймыл-аракети, манералары, жада калса сүйлөгөн сөзү да Жумаш Кыдыковичтин кудум эле өзү!

– Шеф сага наразы болуп атат – деди калп эле күлүмүш болуп. – «Жакшы эле жөлөп-таяп, экинчи кабатка көтөрөйүн деп атсам, ал катындардын тилине кирип кетти» дейт.

Бул мага жасалган эң акыркы эскертүү болсо керек, ошондон кийин «Токсабола» мен аркылуу өткөн текстерди кайра текшерип, чогулуш сайын сын укчу болдум. Мен да бул жерде көпкө иштей албасыма көзүм жетип, тымызын башка жактан жумуш караштыра баштадым.

* * *

Ишемби күнү түшкө чейин көчө кыдырып, анан кабинетте унутуп кеткен гезитимди алыш үчүн жумушка баш бактым. Кирээрин кирип, аябай өкүнүп калдым. Колуна куш тилиндей кагазды кармап алып, өйдө чыгып бараткан Рая эже мени көрөр замат чоң көлөмдөгү литер материал келээрин кабарлады. Ал күнү күн мурдатан пландаштырып койгон, өтө зарыл иштерим бар болчу. Ошон үчүн Рая эжеден менин келгенимди эч кимге айтпоосун суранмын да безип жөнөдүм. Сыртка чыгып баратсам редакторлордун бири кирип келатыптыр. Экөөбүз тең Азиз Несиндин күйөрманы болгондуктан бири-бирибизди «Эфендим» деп чакырышчу элек. Эч сөз сүйлөшпөй, шаша-буша учурашып эле өтүп кеттик.

Дүйшөмбү күнү жумушка келсем, биздикилер уюгу бузулган кумурскадай уйгу-туйгу болуп атышыптыр. «Сен жайбаракат басып кетпегенде мындай болбойт эле» деди «Ийнелик» зиртилдеп. Ишемби күнү шеригим окуган тексттен саясий ката кетип калганын ал чыгып кеткен соң эжелерден уктум. Уктум да менин келгенимди шефке ким жеткириши мүмкүн деп ойлоно баштадым. Билем, Рая эже деге еле айтпайт. Демек, «эфендим» «стучайт» эте койгон тура.

Көп өтпөй башкы редактордун кабинетине чакырышып, мени бири коюп, бири каарып киришти. Буга чейин жумуштун кыйындыгына деле, күнү-түнү дем албай иштегениме деле (бир жолу майрамда үч сутка кетпей иштегенбиз) үн-сөзсүз чыдап келгем. Бирок бул жолу ит талагандай кылгандарына чыдабай кеттим.

– Менин күнөөм эмне, дем алыш күнү эс алганымбы? – дедим жаным кашайып.

– Ай бала – деди «Варлам» кабагын карыш салып. – Бир жыл иштеп, сен алигече биздин системаны түшүнө элексиңби? Материал келээрин уктуңбу, биз айтпасак деле ушерде күтүп отурушуң керек болчу.



«Жолдоштор соту» шалакылыгым үчүн мага сөгүш жарыялап, ал эми шеригимди кызматтан кетирүү жөнүндө чечим чыгарышты. Жөнөкөй ката болгондо эчтеке деле болбосо керек эле, бирок Горбачевдун сөзүндөгү «биз Ооганстандан сырье издебейбиз» деген сөз «издейбиз» болуп кетип калыптыр. Шеригим Эмил байке бирөөгө жамандыгы жок, кой оозунан чөп албаган момун киши болчу. Жаңы эле сатып алган көк түстүү «жигулиси» менен бизде иштегендердин далайынын ажатын ачып, керегине жараган. Мага да кыш чилдеде тоңуп отурганда эки мүшөк көмүр жеткирип берген. Анын алдында өзүмдү күнөөлүү сезип турдум.

Апрель айларында «Ленинчил жаш» гезитинен бизге иште деген сунуш түштү. Анда-санда бош боло калганда гезитке макала жаза койчумун. Анан бир күн менин бир макалам летучкада талкууланып, башкы редактор бизге келип иштесин деп айттырып ийиптир. Бул учурда Агентствонун директорлугуна университетте сабак берген агайым дайындалып, кыйла эркин дем алып калгам. Агай жөнөкөй, адамгерчиликтүү киши болчу. Корректор дебей, редактор дебей баары менен бирдей сүйлөшүп, кээде кеч калган күндөрү «каткан-куткан наныңар барбы, кемиргенге?» деп биз отурган жерге кирип барчу. Ошол жөнөкөйлүгүнөн улам аны коллективдин баары сыйлап калышты.

Бир чети ошол адамгерчиликтүүлүгүнө ишенип, бир чети өзүмдүн агайым эмеспи деп кадыр-колко кылып, директордун кабинетине түз эле кирип бардым да кетээримди билдирдим.

– Твердо чечтиңби?

Мен баш ийкедим.

– Албетте, жазгыч журналист болом десең гезит жакшы дечи. Бирок гезиттин иши деле оңой эмес. Текучка жеп коёт. Качандыр бир кезде жаза албай, ташыркап калсаң кайра өзүбүзгө келе бер. Сен үчүн эшик дайыма ачык.

Анан секретаршасына башкы редакторду чакырууну буюрду. »Варлам» менин директор менен отурганымды көрүп, өңү бозоро түштү. Себеби анын «башын аттап», түздөн-түз директорго киргенге катуу тыюу салчу. Мынтип кирип калганына караганда, даттанып келген го деп ойлоду окшойт. Качан менин кетээримди уккандан кийин гана жеңилдене түштү.

– Кетсе кетсин. Мындан баары бир котормочу чыкмак эмес.

– Ит сыяктуу бар кете бер деп койгонубуз болбойт го – деди анда директор. – Коллективди чакырыңыз, жакшыдыр-жамандар бир жыл иштептир, эки-ооз жылуу сөздөрүбүздү айталы.

Көп өтпөй столумду жыйнаштырып, «Ленинчил жаш» кайдасың деп жаңы жумуш ордума жөнөдүм. Чынын айтканда мен бул жерден деле жамандык көрбөдүм. Бир жыл болсо да иштеп, айлык таптым. Экинчи кабатка көтөрүлө албасам да көп нерсени үйрөнүп, тажрыйба жыйнадым.

Бир гана өкүнгөнүм, ушу жердин айынан сүйлөшкөн кызыман айрылып калдым.

Акыркы жолу Райкан менен ал окуусун бүтүрүп, коштошуу кечесин өткөрүп атканда жолукмай болгонбуз. Саат бештер чамасында телефон чалганда бир сааттан кийин бошойм, ошол замат жетем деп айтып койгом. Дал ошол күнү дагы шашылыш материал келип, түнү бою калып кеттик. Түнү бою качан кайра чалып калат экен деп күттүм. Эгер чалганда кармалып атканымды айтмакмын. Бирок Райкан кайра чалбады. Өзүм чала коёюн десем, ал жашаган квартирада телефону жок болчу. Эртеси күн бою иштеп, кечинде башым челектей болуп жетип барсам, Райкан Токтогулга, айылына кетип калыптыр. «Түнү менен күтүп, эртең менен вокзалга барганда да келип калабы деп кылчак-кылчак карап атты» – деди чогуу жашаган Элмира аттуу кыз.



Ошол бойдон экөөбүз кайра көрүшкөн жокпуз. Өзү кабарлашкан жок, дареги жок болгондуктан мен да кат жазып же телефон чала албадым. Кыязы, ал мени жөн гана келбей койду деп катуу көңүлү калган окшойт...

*1987-ж.*

## МЕКТЕП

Ражап агайдын дегеле сабак өтүп, кайсыл бир теманы түшүндүргөнү эсимде жок. Кыргыз тили китебиндеги көнүгүүлөрдү биринин артынан бирин жаздыра берет. Анысын жазып бүтүп, агай бүттүк десек, кийинкисин көчүргүлө дейт. Ошентип отуруп, бир чейректе эле үч эли келген китепти бүт көчүрүп салабыз. Кээде көчүр дегенден өзү деле тажайт окшойт, үнүңөрдү чыгарбай, гужулдабай секин сүйлөшүп отургула дейт. Биз эле болсок балээни тынч сүйлөшөбүзбү. Кимдин ким менен мушташканын, кимдин аялы кетип калганын талкуулап киребиз. Ушундай сенсациялуу жерине келгенде Ражап агайдын «локатрлары» чыккан андыган мышыктын кулактары сымал кыймылдап кетет. «Эмне болуптур дейсиң?». Айылда болуп жаткан эң акыркы жаңылыктарды, ушактарды бизден беш бетер кызыгып, оозун ачып атып угат. Таң калабыз. Биз суу мурун балдар уккан нерселерди агай башы менен ал укпай калганына таң калабыз.

* * *

Эң жыргал сабак Бакир агайдыкы. Ал бети бырышкан, чачы куудай аппак чал. СССРдин тарыхы китебин ордунан турбай окуп берет. Анда-санда башын көтөрүп биз жакты карап коёт да окуй берет. Четинен, үтүр-чекитине чейин калтырбай окуйт. Биз карап турабыз. Ар бирибиздин алдыбызда тарых китебибиз бар да. Салыштырып карап турабыз. Үтүрүн калтырып кетти дейбиз. Агайга айтмак белек, бири-бирибизге айтабыз да. Картайып, көзүнүн курчу кетип калган окшойт, үтүрүн калтырып кетти дейбиз.

Бирок агайдын сабагы жыргализм. Айрыкча физкультурада жыргайбыз. Чоң класстар дене тарбия сабагын сыртта өтсө, кыйкырып, айкырып, волейбол, баскетбол ойносо, биз класста өтөбүз. Кадимки эле математикага колдонгон чакмак дептерге эки-экиден болуп футбол ойнойбуз. Билесиңерби, ушундай сонун оюн бар. Дептердин бир башына партада чогуу отурган классташындын, экинчи башына өзүңдүн дарбазаңды чийесиң. Анан ручка менен жүрүш жасап, биринчи болуп гол киргизишиң керек. Беш мүнөт өтүп өтөлекте мен уттум дейт Урайым. «Молодец, беш!» дейт агай ордунан козголбой. «Мен да уттум» дейт Эсен. Кырк беш мүнөт өткөнчө класстын журналы бешке толуп чыгат. Өмүрү экиден башы чыкпаган балдар да беш алышат.

* * *

Алымкул агай сабак башталаар замат чөнтөгүн сыйпалап кирет. Төш чөнтөгүн, көт чөнтөгүн карап таппаган соң Турсунбайды карайт. «Бар, Зеби эжеңен күкүрт сурап келчи» дейт. Зеби эже мектептин полун жууп, отун жагат. Ширеңкеси такай жанында. Агай «Беломорун» дембе-дем соруп алган соң, контрамарканын алдына барат да курун чечип, күрс-күрс жөтөлгөнчө этегин шымданат.

Агай бизге кыргыз адабиятынан сабак берчү. Бирок Манас менен Семетейден, Курманбектен башталган элдик оозеки чыгармачылык билинбей эле согуш жылдарында күйөөлөрү, агалары фронтко кетип, Жаман-Адырда орок оргон биздин айылдык кыз-келиндердин фольклоруна өтүп кетет.

– Он эки жаштан боо байлаа-ап, ооруду мени-ин билеги-им – дейт агай созолонтуп.

Ашыгылык ырларын ырдаганда өзгөчө жыргап калат:

– Ак бетиндин кызылы-ы-ы,

– Ак тооктун ии-й канында-а-ай..

– Жактыбы? – дейт анан бизге кайрылып.

– Жакты, жакты – дейбиз хор менен.



Парталарды аралап, буттарыбызга бирден көз жүгүртүп чыгат. Гүлзаданы доскага чыгарып, табуреткага отурууга буйрук берет. Гүлзада отуз баланын алдында уялганынан бирде кызарып, бирде бозоруп, кымырынып-кысынып отурат.

– Мына – дейт агай Гүлзаданын кыпкызыл босоножкасын көргөзүп. – Бардыгыңар ушундай тапичке кийишиңер керек. Мынавы тешиктеринен таза аба кирип, пряма нерпке барат. Кулуев, ташта анавы кетаңды.

1-Майдын эртеси балдарды бирден тургузуп, кантип майрамдаганын сурамжылайт.

– Мырзаев, кана сен айтчи?

– Ноокатка бардым... – Аптыкаар андан ары эмне дешин билбей туруп калат.

– Ноокатка барганда бирдеке жегендирсиң? Марожни жедиң, газ вода ичтиң, туурабы?

– Ыы.

– Анан айтпайсыңбы шолорду.

Аптыкаар дале мылжыйган бойдон турат.

– Отур, боводуң.

Агай биздин супсак, ширеси жок аңгемелерибизге ичи чыкпай, сөз байлыгыбыз начардыгына кейип, анан өнөр алды саналган кызыл тилдин, чечендик өнөрдүн үлгүсү катары өз баянын баштайт:

– Биринчи май күнү эртең менен ойгонсом күн кызарып чыгып келатыптыр. Арыктагы муздак суугa ырахаттана жуунган соң жаңы кийимдеримди кийип, майрамга чыккан эл менен кошо Ноокатка жөнөдүм. Таза аба жутуп, табигаттын коздугунан ырахат алыш үчүн автобуска түшпөй, жөө бардым. Андан ары Савага барып, кечке чейин бакта күрөш көрдүм. Мына, ушунтип айтиш керек да, түшүндүңөрбү?

Же болбосо майрам күнү ким вечирге барганын иликтеп, баарыбызды суракка алат. Адабият мугалимдигинен

сырткары Алымкул агай мектептин тарбиялык завучу да болуп эсептелет. Ошондуктан балдардын тартиби, сабактан кийинки жүрүм-туруму бүт бойдон ушул агайдын кырааккы көзөмөлүндө. Агайларыбыздын эң чоочуганы, сактанганы – бул вечир, же биздин ноокаттыктарча айтканда,»-гап». Кайсыл бир класс «гап» жегени – мектептин масштабындагы чоң «ЧП».

– Майрам күнү кечкурун ниме кылдың?

– Телевизордон мультфильм көрдүм – дейт Сейит.

– Кайсыл мультфильмди? – дейт агай такып...

Сейит ойлонуп калат.

– «Ну погоди» – деп шыбырайт Урайым.

– А а, кармалдыңбы – дейт агай кылымдын кылмышынын бетин ачкан Шерлок Холмстан бетер алаканын ушалап. – Мультфильм көргөнүң чын болсо сразу айтат элең да. Значит, вечирге баргансың.

Бир жолу ошондой сурак учурунда дулдуюп жооп бербей койгон Беденди партадан сүйрөп чыкмакчы болду эле бирок алы жетпеди.

– Шашпай тур, жакында курортко барып семирип келейин. Сени менен ошондо сүйлөшөм – деди агай сөөмөйүн кезеп.

Калп айтыштыбы, же чын айтыштыбы билбейм, бир жолу Шүкүр, Камбар, Салы деген балдар сарайда жашынып алып карта ойноп отурушкан экен. Кышында сарай ээн. »Үч дама» дейт Салы. «Сеники үч дама болсо, меники үч король» дейт Камбар. Ушул тапта жердеги акчаны бирөөнүн буту жалпайта тебелеп, Алымкул агайдын үнү угулуптур. «А меники үч туз».

Вечирден сырткары Алымкул агайдын эң жаман көргөн, тап душманы катары билек түрүнө күрөшкөн дагы бир нерсеси бар. Бул – чач. Окуучулардын кимдир-бирөөсүнүн чачы кичине тикчийип калганын көрсө эле дароо эскертүү жасайт.



– Абдиев, Нарматов, Акматов, эртең чачыңарды алдырып келгиле, уктуңарбы? Силер эмес даже онунчу класста окуган Гапар Асанов дагы чачын лысый кылып алдырып таштады.

– Шонтип чачти жүнгө тапшыра турган болдукпу – дейт Беден кейип-кепчип.

Эгер кимдир-бирөө чачын алдырып келбесе, аны линейкада, бүт окуучулардын, мугалимдердин көзүнчө тилдеп, эки-үч ирет башка чапкан соң кайчы менен завуч өзү кыркат.

Алымкул агай кезектеги жолу чач текшерип келгенде орус тилден берчү Шейшекан агай сабак өтүп жаткан. Агай адатынча улам бирөөнү тургузуп, чачыңды качан алдырасың деп сурака ала баштады.

– Агай, мен сиздерге таң калып атам – деп сөзгө аралашты Шейшекан эжеке. – Чач деген адамдын көркү да. Тегиздетип, жарашыктуу кылып коё беришпейби. Жаш балдарды чалдарга окшотуп тасырайтып салат экенсиздер.

Биз кымың эте түштүк. Эжекенин бул сөзү биз үчүн форточка ачылып, класска жаңы, таза аба киргендей эле сезилди.

– А а, гап биякта турбайбы – деди мындайды күтпөгөн завуч. Анан чукчуң этип чыгып кетти.

Көлдүк эже менен биздин агайлардын көз карашы башка маселелерде да эки ача келип калган учурлар көп болчу. Шейшекан эже биздин класс жетекчибиз эле. Бир жолу чогулуш кылып, кимди класском, кимди тазалык шайлайлы деп кеңешип калды.

– Кулуевди класском, Абиловду тазалык кылыш керек – деди Аптикерим ырсайып.

Баарыбыз күлүп калдык. Себеби, экөө тең экиден башы чыкпаган балдар эле.

– А что – деди эжеке камырабай. – Почему эксперимент жасап көргөнгө болбосун? Балким ушундан кийин жоопкерчилигин сезип, жакшы окуп кетишээр.

Бир күн химия агайыбыз сабакка келбей калды. Агай жок болсо балдар ызы-чуу болуп эле жатып калабыз да. Коридордон чуру-чууну укту окшойт эшик ачылып, чоң завуч Абдразак агай кирип келди.

– Тынч, китебиңерди окуп отурсаңар болбойт да – деди агай теше тиктеп – Класском ким?

– Мен – деп Урайым ордунан турду.

Агайдын оозу ачылып эле калды.

– Тазалыкчы?

Эми башын шылкыйтып Толкун турду.

Агай ого бетер демин ичине жутуп, тунжурады.

– Буларды ким койгон? – деди анан бизге карап.

– Шейшекан эжеке – деди кыздардын бири.

Агай мугалимдердин бөлмөсүнө барып, Шейшекан эжекеге эмне дегенин билбейм, бирок эртеси кайра чогулуш болуп, класском да, тазалык да кайра шайланган.

Көрсө, жергиликтүү агайлар менен башка жактан келген жаш мугалимдердин талаш-тартышы жаш курактардын ген жаш мугалимдердин талаш-тартышы жаш курактардын гана эмес, көз караштардын, менталиттердин да өзгөчөлүгүнүн натыйжасы экен. Шаардыктар бизге караганда башкачараак ой жүгүртүп, көп нерсеге башка көз менен карашаарын мен кийин, өзүм шаардык болуп калганда гана түшүндүм.

Сабак учурунда же ишембилик күндөрү талаага таш тергени чыкканда эжеке кээ бир маселелер боюнча биз менен да талашып-тартышып, кызуу талкуу уюштуруп калчу.

– Мен силердин ушул салтыңарга таң калдым. Бир киши чай ичсе, беш киши качан чыны бошойт деп анын оозун карап отура берет турбайбы. Же эмне, силерде чай чыны жетишпейби?

Биз жооп бере албай бири-бирибизди карайбыз. Төрт-беш киши кезектешип, бир пияла менен чай ичкен биздин салтпы же чындап эле пияла танкыс беле – муну эч кимибиз билбейт экенбиз. Тагыраагы, бул жөнүндө такыр ойлонуп көрбөптүрбүз.



Кээде тигил же бул сөздүн айтылышы боюнча талашып калчубуз.

– Силердин башыңар баш эмей эле чириген көртөшкө – деди эжеке.

Баарыбыз жер тепкилеп, күлүп калдык.

– Булар эмнеге жыргап атышат – деди эжеке таң калып.

– Көртөшкө деген сөзүңүзгө күлүп аташат – деди Орозгүл.

– А силерде эмне дейт?

– Картишка.

– Силердики деле жыргаган сөз эмес экен го – дейт анда эжеке табасы кангандай.

* * *

Биздин мектепте эки эжекеден бөлөк көлдөн келген Жекшен аттуу дагы бир агай бар эле. Алгебрадан берчү. Келгенде эле Заир агай аны экинчи разряддагы самбист деп тааныштырды. Балдар ошол замат ага урматтоо сезими менен мамиле кыла башташты (экинчи разряд деген оңойбу?). Күнүгө эртең менен майкачан болуп алып, көчөнүн башынан аягына чуркап жүргөнүн көрчүбүз. Кышында «Зарница» оюнунда баарыбыз мектептин алдында тизилип турганда ал жупжука брижа шым менен кеды кийип чыкты. Балдар анын бел кырчоодон ылдый жагы томпоюп турганын көрүп, бири-бирин капталга нукушса, кыздар тетири карап, уялып калышты. Кыязы, Жекшен агай бүгүн спорт күн болот, чуркап ысып кетем деп ойлосо керек. Бирок баскетбол ойноочу аянтчада жарым сааттай кыймылсыз турган соң үйүнө кирип кетип, кайра чыккан жок.

Ачуусу келсе кыпкызыл жинди эле. Колунда эмне болсо ошону менен атып урчу. Урайым экөөбүз акыркы партада отуруп алып шыбырашып атабыз. Бир маалда доскада формула жазып аткан агай биз жакты карап, катып калганын көрүп, мен да тынч отуруп калдым. Урайым болсо эчтеке байкабай, дале мени түрткүлөп атат.

Агай колундагы бор менен атып урду эле аз жерден көзүнө тийбей калды.

– Акмак десе... – деди агай ызырынып, – Сабыров байкуш бирдеме түшүнүп алайын деп тыңшап турса, болбой эле алаксытып атат...

* * *

Адабиятчы Базарбай агай эшикти ачып эле колундагы журналды столго ыргытат. Күнүгө ыргыта берип, колу да, көзү да каныгып калса керек, журнал эки метр жерге учуп барып, полго эмес агай отурган столдун дал ортосуна түшөт. Отурбай жатып, үйгө берилген тапшырманы сурайт. Ал тургузган бала же кыз туура жооп берип калса түзүк, сабак өз нугунда кетип, агай кийинки теманы өтө баштайт.

Тилекке каршы мындай учурлар сейрек болот. Көбүнчө бисмилла дегенде эле жаңылып, агайдын кыжырына тийип коебуз.

– Пок жепсиң – дейт агай ким болсо да сөзүн чорт кесип. Бул жолу анын маанайын Шарипа бузду.

«Аалы Токомбаев 1904-жылы туулуп..» деп баштаганда эле агай тарс жарылып кетти.

– Ниме, туулуп? Тирик адамды өлтүрүп койгуң барбы?

Бүттү, ошол бойдон сабак бузулду. Кеңкелес, окууга шыгы да, умтулуусу да жок болгондугубуз үчүн он-он беш мүнөт тилдеп, дагы бир ирет эч бирибизден бычакка сап болоор адам чыкпайт деген бүтүмгө келген соң, окуугадилгирликтин, идеалдуу жаштыктын үлгүсү катары өзүнүн алтын курагы – студенттик жылдарын эскерип кирет. Университетке кантип тапшырганын, студенттик жатаканада кантип жашап, атүгүл кыздар менен кантип киного барганына чейин агай менен кошо кайра бир ирет эстеп чыгабыз.

Агайдын айтымында, ал мектепте окуп жүргөндө эле билим алуунун оригиналдуу ыкмаларын издеп, сабакка элден башкача даярданчу экен. «Эртең менен атам жүгөрүнү (биздин айылда жалгыз Базарбай агай гана жүгөрү деп айтат, калганыбыз бүт мака дейбиз) чаап кой дейт да. Мен эмне кылчу элем? Бир китепти жөөктүн бул башына, экинчисин тиги башына коюп коём. Жөөктүн этегине чыгаар замат эс алганча бир барак окуйм, тиги башына чыкканда экинчи китептен дагы бир барак окуйм. Билем, кээ бир мугалимдер тамаркасына балдарды алпарып иштетет. А мен ушу кезге чейин бир да баланы эксплаутация кыла элекмин. Мен физически здоровый адаммын, баардык ишти өзүм кылам» дечү.

Агайдын сөзүн балдардын бири магдырап укса, кээ бирөөлөр шектенип, ишенкиребей кабыл алат.

– Агай кичине-кичине «ышкыртып» коет окшойт деди Аскар бир жолу. – Мен дагы жөөктүн о башына бир, бу башына бир китеп коюп окуп көрдүм да. Бир бет окуп, наркы башына жеткенче эле мээңен чыгып кетет экен.

Жеке мен агайдын ыкмасын эксперимент кылып көргөн жокмун, бирок анын тамаркасында өзү иштегени чын болчу. Онунчуну бүтөөр бүткөнчө бизден эч кимди үйүнө алпарып иштетпеди. Мындай сөздү башка класстардан да уккан жокмун.

Биз онунчу класска көчкөн жылы агайдын бизден бир жаш улуу баласы Фрунзедеги жогорку окуу жайларынын бирине тапшырып, өтүп кетти.

Ошондон тарта агай эми уулун мисалга тарта турган болду. «Мен кечээ жакында эле Талгатка барып келдим дечү жаш баладай кудундап. – Бир бөлмөдө төрт бала жашайт экен. Бир кило эт алып кострюлга асып койсок эки саатта сорпо болуп калат, жыргап ичип алабыз дейт».

Эми бир класс бала Талгаттын тоодой бактысына суктанып, таттуу кыялга батабыз...

Үчүнчү курста бекен, Оштун радиосунда өндүрүштүк практикада жүрүп, үйгө барып калдым. Кечке жуук карындашым сизди эшикте агайлар чакырып атышат дейт. Чыксам, Алымкул, Ражап, Абдалим агай – үчөө турушат. «Биздин бир ише конягыбыз бар эле, шону сенин үйүңө кирип ичели» деди Ражап агай.

Аларды үйгө отургузуп коюп, өзүм жылт коёюн десем Алымкул агай болбоду.

– Бер кел, мынавы жерге отур – деди жанынан орун көргөзүп. Ражап агай болсо коньякты ачып, рюмкаларга куя баштады.

– Сен көп-көп жаза беришиң керек да – деди Алымкул агай. – Колуңан келет сенин, билем. Акжолов силерден бүткөн а? Мына, көрдүңбү... «Правдага» дагы жазды. Акман деген айылда 50 Баатыр эне бар экен, ошону жазыптыр. Бирок асти Кадыр акандай боло көрбөгүн. Мен айттим ого, эй Кадыр, сеникиндей дипломум болгондо мен саңа окшоп мектепте иштебейт элем, ич жерде иштебей пул табат элем. Экита материалды жазып, бир айлык пулду таап коет элем дедим. Өзү вообще бовогур бала экен. Колунан пок келбейт.

– Таланты жок – экен – деп кошумчалады Ражап агай. – Мунда бар – деди анан мени көргөзүп.

– Бар – Абдалим агай дагы аны тастыктаган болду

– Ол келип, Салиева да мугалим болуп жүрүп айдалиптир.

– Газитта дагы иштеди. «Колхозчуда».

– Ии. Газиттан дагы бар, кет деп айдап ийиптир. Анан маңа келгени кой эми, шул бала бизден окуду эле деп декретке кеткен келиндин сабагын алып бердим. Эптей албады. Эми көрүнгөнгө мен ондой кылам, мен мындай кылам деп ушак таратып жүрөт.

Унчукпай жүргөн болбойт. Жазыш керек. Майда информациядан тартып, очеркке чейин. Газитта атың бовосо ич ким сени ишке авайт. Быйыл канчанчы курс болуп калдың? Үчүнчү? Жаза берсең сени өздөрү мажбур ишке чакырып алышат.

– Чакырат – деди Ражап агай. – Жазаверсе чакырат да. Чогулуштарда, диспуттарда сүйлөп үйрөн.

– Билсең-билбесең, туура болсо дагы, болбосо дагы сүйлөй бер. Өзүңдүн көз карашыңды айт, позицияңды айт.

– Ар кимдин өзүнүн стили, өзүнүн жолу болот. Ошол жолуңан тайба. Жоош болсоң, унчукпасан кала бересиң.



– Эми токтоп тур – деди Абдалим агай бир маалда эле – Алымкул ака, сиз дагы токтоп туруң. Жакшы сүйлөшөлү. Кадыр саңа келдиби?

– Кайсыл Кадыр?

– Кайсыл болот эле, ошо биз жанатан бери сөз кылып аткан Кадыр акаң да.

– Коюң, Абдалим ака (шашканыман ака деп ийипмин), ону качантан бери көрө элекмин.

– Сен жалган айтпа. Кадыр саңа келип, бир нерсе айтти, чынбы?

– Түшүнбөйтам, ниме жөнүндө? – Мен чындыгында эле эч нерсе түшүнбөй турдум.

– Аттестат жөнүндө. Сен «Ленин жолуда» практикада элең. Экөөң гапти пышырдыңар дагы сен редакторго кирдиң. Керек болсо менде сен Кадырга жазып берген кагазың дагы бар. Сенин колуңду тааныйм го.

Сөздүн төркүнү ошондо гана айкын болду. Биздин айылда Кадыр аттуу дагы бир киши бар. Менин радиодо практикада жүргөнүмү угуп, уулумду СПТУнун директору уруп коюптур, ошону текшерип бер деп келген. Мен ага арыз жаздырып алып, редакторго кирсем, ал киши «сен мындай чыр ишти текшергенге али жаштык кыласың, башка бир опуттуураак бирөөгө тапшырам» деди. Мен анан Кадыр акага эки ооз кат жазып, Ноокатка жөнөп аткан автобустан берип ийгем. Мектептин контрразведкасы кандай оперативдүү иштээрин көрбөйсүзбү, ал кат Кадыр акага эмес эле, Алымкул агайга келип тийиптир.

– Сен жашсың, биздин балавыз менен теңсин – деди Алымкул агай таарынгандай түр менен. – Бир жагы окуучубузсуң. Шу саңа айтаар жакшы маслаатим, ондой иштерге такыр жолобо. Кадырдын сөзүнө кирсең, бир макала менен палапан кезде бебурт болуп каласың. Экинчи бирөө саңа чычып карабайт. Ээ, баякы апирис деп коет. Кадырга мен жакшылыкча түшүндүрүп айттим, биздин мактапта

орун жок. Элебаевде бир бош орун бар экен, директир менен сүйлөштүм, шояка барып иште десем көрүнгөнгө ушакчы катындардан бетер ариздаништир. Мына, көрөсүң, ич жерде иштей албайт.

– Бизге келди эле Алымкул ака экита сөз айтти – деди Абдалим агай.

– Ыы.

– «Мен сенин ордунда болгондо мактапта иштебейт элем» деди. Сен эми ондой болбогун. Факты керек болсо мына, бизден сура.

– Колхоз, совхоздорго бар, жакшы иштегендер менен сүйлөш. Асти алигиндай иштерге аралашпагын. Өсөм десең ондойдон ыраак бол. Ноокатка тийбе. Мына, мен дагы сендей жаш болгом. Сенден дагы жаш элем.

– Жо-ок – бу жаш – деди Ражап агай.

– Койсоң, оо эллигинчи жылдар эле. Тендик Аскаров, Салижан Жигитов, Билим Карагулов дегендерди укхансыңбы, ии, шолордун баари мени менен бирге окуган. Мен дагы саңа окшоп катындын тилине кирип, пул тавам деп бияка келе бердим.

– Сиз дагы жаман болгон жоксуз – деди Абдалим агай.

– Жаман болгон жоксуң – деп кошумчалады Ражап агай дагы.

Жашып бараткан Алымкул агай бу сөзгө кадимкидей сооронгонсуп калды.

– Кечээ жакында эле Омор Султанов келди. Мени «жүр, Найзабековго апкирип, жакшылап тайиндап коеюн» дейт.

Агайлар өздөрү ала келген коньягын ичип атышканда атам да дүкөндөн дагы бир ише апкеле коюптур. Эки бөтөлкөдөн кийин үчөө бир топ кызуу болуп калышты. Бирок менин катым башка Камил акага жазылганы аныкталган соң дароо соолугушуп, кызуулук менен жашыруун сырларын ачып алышкандарына өкүнгөнсүп калышты. Шаша-буша туруп жөнөштү.



– Буям болсо сенин аброюң – деди апам алар чыгып кетишкен соң жетине албай. – Биздин окуучубуз университетте окуп атат деп сүйүнүп, сыймыктанып, учурашканы келишти да...

* * *

Географиядан берген Рахманберди агайды бир жылмайбай эстеш кыйын. Тема боюнча айтип баратып эле «бир кино» бар дейт. Кино дегенде үргүлөп же башка нерсе менен алек болуп отургандар да башын буруп, кулак түрүп калышат.

– Үчта салдат немистерден качып, токойго кирип кетишет го? Шол, Смоленскинин токою ушу – дейт картаны көргөзүп..

Донбасстагы же Карагандыдагы пайдалуу кен байлыктар жөнүндө сөз болсо да сөзсүз биздин өзүбүздүн айылдын географиясын кыстара кетет.

– Биздин Жаман-Адырда («мурда Жаман адыр эле, азыр жакшы адыр». Бул дагы Рахманберди агайдын сөзү) дагы кан бар. Үчамекке белгини шон үчүн койгон. Бирок ону казыш үчүн адегенде жакшылап чалгындап, канча запас бар экенин аныкташ керек. Миллион, милион сом пул коротуп казышса, анан бул жерден эки кила темир чыкса өкуматиң ниме болот билесиңерби? Отуруп калат!

Аны туурап биз да мисалды көбүнчө өзүбүздүн жерден келтиребиз.

– Кызыл-Кыянын көмүрү төрт сом, Алмалыныкы бийайим сом – дейт Аптикарим.

– Туура – дейт анда агай. – Кана эми айтчи, ниме үчүн Кызыл-Кыяныкы төрт сом да, Алмалыныкы бийайим сом?

Агай бийайим деген сөздү атайылап, Аптикаримди туурап айтып атканын сезип, баарыбыз күлүп калабыз.

Рахманберди агай өзү арык, тулку бою тарамыш киши. Ошого жараша колу да көк союлдай катуу. Жини келгенде «эй доңуз, эй чочко» деп баштайт да, анан тарашадай колу менен тарс эткизип бир чабат.

Бирок бир жакшы жагы талаа-түздө дегеле балдарга колу тийчү эмес.

– Мактапта эми майли, бирок талаада мусапыр болуп жүргөндө урган туура эмес да – дечү Назар өпкө сыяктуу чоң муштум, күрөз мугалимдерге жини келип.

Бирок бир жолу андан пахтадан келтек жегем.

Теримден чарчап келип, кызуу уктап калган экем. Бир маалда эле бутум чым дей түштү. Көзүмдү ачсам бармактарымдын арасында жалбырттап бирдеме күйүп атат. Айланамда болсо ондогон балдар кыраан каткы түшүп, кызыкка батып отурат. Бул пахтага барган балдардын бир эрмеги. Кимдир-бирөөнүн эрте жатканын аңдып туруп, колунун салааларынын же бутунун манжаларынын арасына гезит кыстарат да от тамызып коюшат. Анан жаны ачышкан бала бутун тыбыратса «велосипед тептирдик», колун шилтегилесе «комуз черттирдик» деп жыргап калышат.

Эртең менен фельдшерге барсам манжаларымдагы барсайган ыйлакчаларды жарып, дары сүйкөп, бинт менен таңды да үч күн эс ал деп справка жазып берди. Үч күн бекерчиликке көнө түшкөн экем, төртүнчү күнү мойнум жар бербей атып араң чыктым. Бутумдун күйгөн жери дале зыркырып ачышып, өтүгүмдү кийгенге жүрөгүм заарканат. Оң жак бутуму чечип, өтүктү жөөктүн башына таштадым да өзүм гозону жыңайлак аралап кеттим.

– Мынавы өтүк кимдики?

Жөөктүн башында Рахманберди агай туруптур.

– Меники.

– Нимеге кийбейсиң.

– Батпайтат.

– Батпайтат? – Агай өтүктү өйдө көтөрүп, таманын карап калды.

– Өзү канчанчы размер кийесиң?

– Агай, мунун путу күйгөн – деди Сейит.

– Терген пахтаңы бирөөгө бер дагы барып дам ал –



деди агай. – Бирөө сураса жыңайлак терип жүргөнүмдү көрүп, Рахманберди агай жооп берди дегин.

Ар кайсыл жери ооруп, мага окшоп буту күйүп, ишке чыкпагандар он чакты бала экенбиз. Эртең менен чай ичкенден кийин балдарды пахтага кетирип ийип, эшек минди ойнойбуз, жашынып алып карта чабышабыз. Түштөн кийин тамак жеп алып уктамай. Мен өзүм күнүнө бирден китеп окуп жыргап калдым.

Шашке ченде жаныма Абдрасул көк көз келип, эмне китеп окуп атканымды сурамыш болду.

– Рахмандын чамаданинда кис-кис бар – деди анан шыбырап. – Ачайлы десек бирибиздинам калитибиз түшпөйт экен. Мусаныкы түшөт, бирок бизге бербейтат. Сенин классташың го, сурап көрбөйсүңбү.

Муса «коммунист» да көлөкө жерде китеп окуп отуруптур. Чемоданынын ачкычын сурасам эч ойлонбой эле бере койду. Мен болсо алып келип Абдрасулга карматтым. Аны менен кошо үч-төрт бала кудуңдаган бойдон ичкери кирип кетишкен. Кайра чыгып, мага сыртында мышыктын сүрөтү бар эки конфет беришти.

Түн бир оокумда бирөөнүн катуу колдору мени так көтөрүп тургузду. Көзүмдү ушалап карасам жанагы ооруган балдардын баары баштарын шылкыйтып тизилип турушат. Мушташчудай болуп жулкунуп, муштумун түйүп Рахман жүрөт.

– Мынавы менден калит сураган – деди Муса «коммунист» мени көргөзүп. – Анан бекинип алышып бирдеке жешкен.

– Сен касал, сен касал.. – Агай тургандардын баарын четинен ура баштады. – Касалсиңби, көчүгүңдү кысып жөн жатпайсыңбы. Ү, жакшылык жакпагырлар, эртеңден баштап баарың ишке чыгасың.

– А, кис-кис жебейам өлөлү – деди эртеси Абдрасул көк көз баарыбыз калпийип пахтага чыгып баратканда.

* * *

Абдразак агайдын алдында башкалардын сабагы жөн эле көңүл ачуу, дем алуу болуп калат. Физика болоордо эркек дебей, кыз дебей баарыбызды калтырак басат. Үйдөн агай берген тапшырманы жакшы эле окуп, түшүнүп келгендей болосуң. Бирок балдардын арасында «Фонтамас» деген аты бар бул капкара кишини көргөндө эле оозуңдан келмең түшүп, башыңдагынын баары учуп кетет. Ал бежиреп, көп деле тилдей бербейт. Кабагын карыш салып коркунучтуу көздөрү менен олурая тиктеп турат да «үйлөнгөн табарсыктай болуп турганынын кара» деп коет. Бүттү, ошол бойдон атың «үйлөнгөн табарсык» болуп кетет. Балдардын дээрлик баарынын агай койгон ушу сыяктуу керемет «кличкалары» бар.

Бейшемби күнү акыркы жолу физика сабагы болот.Сабак бүтөөр замат эшек жайлоого чыкандай женилдене түшөбүз. Куда каалаcа үч күн выходной дейт балдар женилдене дем алып. Дем алыш деп биз ишемби же жекшембини эмес, физика сабагы болбогон күндөрдү түшүнчүбүз.

Бирок сүрү, каары менен бир мектептин балдарын кан сийдирген агай өзү жыландан өөлөрчө коркот экен. Жалпак-ташка чөпкө барганда агайлар муну билип алышып, атайын тийише берет. «Менин алдыман бир нерсе гыбыргыбыр этип сойлоп өткөндөй болду» – дейт Ражап агай – Абдыразак, бир болсо сен жакка сойлоп кетти. «Кой, эй!» Абдыразак агай чатырдан атып чыгат.

9-класста пахтада жүргөндө Абдразак агай мени пиво ичип аткан жеримен кармап алды. Кечкурун, теримден келгенден кийин үч-төрттөн болуп, магазинге консерва жегени, лимонад ичкени барабыз. Лимонад сурасам дүкөнчү түгөнүп калды деди. Карасам, балдардын баары пиво ичип атат. Мен дагы бир бөтөлкөнү сатып алдым да, сыртка чыгып эми бир ууртадым эле.

– Эй, ниме ичип атасың?

Карай салсам артымда Абдразак агай турат.

– Пивову? Ыргыт, шарманда!



Ишени ыргытып ийсем көк чөптүн үстүнө түшүп, боору менен жатып калды. Оозунан булк-булк этип көбүк агып аткан ишени кылчак-кылчак карап коюп кетип баратам.

Ошондон кийин Абдразак агай мени көпкө чейин «а, пиво ичип атасыңбы?» деп келекелеп жүрдү.

Ошол жылы биздин мектеп пахтаны көп терип, район боюнча алдыңкы орунду ээледик. Бизге бөлүнгөн сыйлыкты завучубуз Абдразак агай барып алып келди.

– Мен кара адаммын – деди агай бүт окуучулар чогулган жыйында. – Бирок «III-интернационал» орто мектеби биринчиликти ээледи дегенде агарып кеттим.

Биз окууну бүтөөр жылы Абдразак агайга байланышкан дагы бир кызык иш болду. Эки бала, эки кыз болуп, орус тили кабинетин актап, сырдап атканбыз. Жарым сааттан кийин эле баарыбыз жайдары тартып, көп сүйлөп, Маккамбай айткандай, «алжый» баштадык. Көрсө, боекко кошулгана ацетон кишини кадимкидей мас кылат тура. Андан ары эмне болуп кеткенин билбейм. Ачык турган эшиктен Рустамдын силуети көрүндү. Анын колунан улам бир кол чыгып отуруп, бешинчисиби же онунчусубу менин мойнума келип ороду. Мен безилдеп качып жөнөдүм. Алгыча алдыман «Музыкалык сабат» китебиндеги эки казы бар (эсиңердеби, «бири ак каз, бири көк каз – экөө бирдей шайыр») мурду шуштугуй кемпир пайда болду да бетин чымчып, чыр-р эткизе ышкырды.

Эсиме келсем, мектептин алдындагы арыктын алдында окшуп атыптырмын. Жанымда классташым Бермет отурат.

– Таза жинди турбайсыңбы – деди кыткылыктап. – Рустамды көргөндө биз жаңы эле сырдап бүткөн полду тебелеп качып жөнөдүң. Наталья эжеке зорго кармап, эшикке жетелеп чыкты. Нимеге ондой кылдың?

– Алиги кампир Наталья эжеке беле?

Бирок Папи аттуу классташым менден да кызык болуптур.

– Сырдап атсак Абдразак агай келип калды. Ону көрүп эле Папи жанына жетип барды. «Кандайсыз анан агай? Биздин иштегенибиз жактыбы? Жакпаса ачык айтың» дейт. Баягы Абдразак агайды көргөндө партанын астына кирип кетчү Папи жок. Азилдашип, желкесине бир чабышка аз эле калды.

– Агай ниме деди?

– Ол деле түшүндү окшойт да. Унчукпай кетип калды.

* * *

Чогуу иштеген мугалимдер «Төлөн аканин билбегени жок, башы баш эмес эле энциклопедия» дешчү. Өзү физик болгону менен анын окубаган китеби аз эле болуш керек. Дастан экөөбүзгө катты ыр менен жазчу. Чөптө жүргөндө кошуна чатырда Төлөн авамдын анекдот айтканын, агайлардын дуу этип күлгөнүн угуп жатаар элек. Авам дегеле куудулданганды, бирөөлөрдү күлдүргөндү жакшы көрчү. Азили окшошсо деле, окшошпосо деле, ага бирөөлөр күлсө деле, күлбөсө деле куудулдана берчү. Дүкөндөн гөр-жер алып келатып, жолдо эки-үч киши турганын көрсө атайын токтойт да, «Батыр ака, макарон жең» дейт. Батыр ака албетте, авамдын юморун түшүнбөйт, бирок шагын сындырбаш үчүн бир тал макаронду алып ооз тийимиш болот. Төлөн авам атайылап Жаркул акага макарон же деп айтпайт. «Ниме үчүн буга ооз тийгизбейсин?» – дейт Батыр акекызыгып. Авама дал ушул керек. «Бул бир эле айпап коёт да». Тургандар сөз эмне жөнүндө болуп атканын эми гана түшүнүп, каткырып калышат. Жаркул аканин айылдагы кличкасы «торпок». Авамдын жанатан бери көрсөткөн спектакли Жаркул аканин ошол лакабын эске сылып, тийишкени. Эгер Батыр аке сурабай койсо өзү «Жаркулга ооз тийгизбей эле коеюн, себеби, бул бир эле айпап коет» деп айтмак.

Авамдын өзүнүн кличкасы »торгой». А биздики «пом» (үкү). Сабыр менен Ысмайылдан тарагандарды жалпылап «парандалар» деп коюшат. Жайында атам үйгө ашар кылып, кошуна-колоң, тууган-уруктардын баары биздикинде



болчу. Тамдын башынан карасам Төлөн авам биздин үйдүн бет мандайындагы аялдамада отурат. Тамекисин дембе-дем соруп, анда-санда биз жакты карап коет. Эмне болуп тилим кычышып кетти билбейм, ава деп кыйкырдым. Төлөн авам жалт карады.

– Уя салышып койбойсузбу?

Дубал согуп, ылай ташып аткан кишилердин баары кыраан-каткы түшүп калышты. Авам уялганынан кыпкызыл болуп кетти. Менин орунсуз тапанданганым үйдүн ичинде отурган энеме чейин жетиптир. «А акмак!» – деди энем мени алыстан опузалап. Жашы сексенге барып калган кемпир бирөө биздин кличкабызды айтса намыстана берчү.

Бала кездеги китептердин көбүн мен китепканадан эмес, Төлөн аваман алып окудум. Адегенде китеп сактаган бөлмөсүнө ээрчитип кирип, мынаны оку деп тандап берчү. Кийинчерээк оорусу кучөп, алдан тайый баштаганда жаздыктан башын көтөрбөй өзүң ала берчи деп койчу болду.

Кээде чай ичип отуруп, бир кезде Москвага окууга жөнөтсө агасы армияда болгондуктан ата-энесин таштап бара албай калганын, ал баш тартып, ордуна башка бирөө кеткенден бир жума өтпөй агасы келип калганын айтып арман кылчу. «Ошондо кете бергенимде турмушум вообще башкача болот эле» дейт тээ алысты кылгыра тиктеп.

Эртең менен сабакка баратканда биздин үйгө кайрылып, апам атайын бир чыныга куюп койгон ынак сүттү ичип кетет. Эми ойлосом, бул анын күндөн-күнгө начарлап бараткан боорун айыктырыш үчүн жасаган эң акыркы айласы экен.

Төлөн авам мен университетке өтүп, биринчи курста окуп атканда көз жумду. Болгону кырк жашта эле. «Ошол күнү көргөнү барсам «жеңе, Мамандин окууга өткөнүн угуп өзүм өткөндөй сүйүндүм» деп көзүнөн мөлт-мөлт жаш куюлуп кетти» деди апам...

* * *

Он жылдын ичинде биздин мектепке канча мугалим келип, канчасы кетти. Бир жолу атүгүл электрик болуп иштеген Камил ака дагы сабак өткөн. Биологиядан берген агай келбей калып, директор балдар классты баштарына кийип алышпасын, кирип, алаксытып турчу деген окшойт. Колуна биздин класстын журналын кармап алыптыр.

– Мен силерге электр деген предметтен сабак берем – деди. Бирок ал канчалык сүрдүү болуп көрүнгүсү келсе да, биз аны олуттуу кабыл албай бака-шака түшүп атабыз.

«Электро-утюг», «Электро кипи-тил-ник»... Урайым анын бир айткан сөзүн туурап, кайта кайталап атты. Айылдык эле кишинин үтүктү «утюг» дегени чындап эле күлкүлүү угулат экен.

Кежир мүнөзүнөн улам аны кашкалдактыктар «Камил чекист» деп коюшчу. Өзүнүн анча-мынча чымыны бар. Эки күндүн биринде анын арызы боюнча райондон текшерүүчү келип эле жатчу. Ошондуктан дүкөнчү, почточудан тартып мектептин директоруна чейин «Колхозчуга» дагы бирдеке деп жазып ийбесин деп андан чочулап турашат. «Камил, сен орусчаны ям катырсаң керек аа? деп сурашат чалдар чогуу отуруп калганда.

Камил ака насывадан атып, бир саам дымып калат.

– Оруштарыңызды шууга алпарам дагы кайра шугарбай алып келем.

Билгендер Камил армияда командир болуп жүрүп, танка-маңкаси менен жардан кулап кеткен, шонон кийин канцтужин болуп калган. Болбосо анизга чейин генерал болот эле дешчү. Ким билет, балким бул сөздүн чындыгы бардыр. Канткен күндө да «чекист» деген ат ага кыйындыгынан, өзгөчөлүгүнөн берилгени талашсыз.

* * *

Албетте, биздин агайларды идеалдуу педагогдор деп айткым келбейт. Бирок кээ бири кайтыш болуп, кээ бири карылыкка баш коюп калышкан бул кишилерди эстеген



сайын эт-жүрөгүм элжиреп, сагына баштайм. Анткени, алардын ошол сырткы одонолугунун, катуулугунун артында терең адамгерчилик, бир таза сулуулук бар эле. Институттарды, университеттерди бүтүрүп, галстук тагып жүрүшкөндөрү менен алар биз жашаган «кышлакы» чөйрөнүн бир бөлүгү, жакшылык жамандыкта таажияга, тойго барган, башкалар сыяктуу эле тамеки эгип, мал багып, жайкысын бири-биринен суу, саман талашкан айылдык тургундар болчу.

*1989-ж.*

## КӨЗДӨР

Бул жолу ал буту менен тепти. Капталдарынан жарака кетип, алдына бир кулач гүлдүү чыт тартылган буфетти жыңайлак буту менен карс эткизе тепкенде кыртылдаган үн тып басылды. Чычкан дымып калды.

Бирок жымжырттык көпкө созулбады. Буфеттин ичи кайра кыртылдай баштады. Кытыр-кутур эткен добуш төшөктүн ичиндеги кышылдап-бышылдаган үндөрдү кайрадан басып кетти.

Жуурkандын этегинен сыройып чыккан бут буфетке кайра бир тийди. Бирок көнө түштүбү же тарс эткен дубуштун үнүнөн башка эч кандай коркунучу жок экенин баамдадыбы, чычкан кайра-кайра тепкилегенине болбой эле каткан нанды кытыратып кемирип кирди.

– Слушай, Жерри – деди жигит үнүн катуу чыгарып. – Ты ведешь себя слишком нахально!

Кыз менен жигит чалкалап жатып калышты. Кыз андасанда жигитти мойнунан өөп, көкүрөгүндөгү жүндү тарткылап коёт. Жигит жактырбагандай анын колун ары түрттү. Эмелеки төшөк оюнунан кийин кумары тарап, шалдырай түшкөн эле.

Буфеттин ичи дале кыртылдап атты. Жигит дырдай жылаңач бойдон туруп, чыракты күйгүздү да, тизелей калып идиш-аяк салынган буфеттин ичин шыкаалап карады.

Буфеттин караңгы бурчунан жылтылдаган эки тоголок көз көрүндү.

Жигит эки жагын карап, чукуганга бирдеке издеди. Мештин алдында кыпчуур туруптур. Бирок ал куралданып кайра келгенде чычкан эчак кетип калган. Жигит жуурканга отурду да, колундагы кыпчуурун койбой андып турду. Тигине, жылтылдаган көздөр кайра көрүндү. Жигит мээлеп туруп, дал чычкан турган жерди сайгылап калды.

– Чычкан! – Төшөктө жаткан кыз чучуктай чыңырды.

Жигит чоочуп кетип карай салса, чычкан полдун четиндеги плинтус менен жөрмөлөп баратыптыр. Бурчта эки сөөм бата турган тешик бар экен. Ошол жерге кирип кетти.

– Жылан көргөндөн бетер кыйкырасың да – деди жигит.

– Чычкандан корком.

– Ошондо деле акырыныраак кыйкырбайсыңбы. Кошуналар укса эмне дейт?

Жигит тешикти көпкө чейин шыкаалап карап турду. Көрсө, чычкан жанатан бери ушу жакка качып кирип аткан тура.

– Капкан коюш керек болуп калыптыр.

– Мышык бакпайсызбы – деди кыз. – Чычкандар мышыктын жытын алса эле келбей коёт. Биздин үйдө чо-оң мышыгыбыз бар болчу...

Жигит чыракты өчүрүп, төшөккө кайра сойлоду. Жанатан бери жылаңач жүрүп, үшүй түшкөнгөбү, кыздын денеси бир башкачы ысык сезилди.

– Мен турмушка чыгып кетсем жаман болсоңуз керек ээ? – деди кыз.

– Конечно, жаман болом.

– Же бир желмогуз кыздан кутулдум деп сүйүнөсүзбү?

Жигит жооп бербеди.

Алаңгыча шкаф кайрадан кытырай баштады. Жигит бул сапар буфетти тепкилеген да, сайгылаган да жок. Тигелеп барды да жанатан бери колуна тоголоктоп отурган гезиттин айрыгын тешикке тыкты. Анан буфеттин капталын болгон күчү менен ургулай баштады. Чычкан жанагы эле жолу менен бурчка чейин чуркап барды да, кирээрге тешик таппай туш келди качып жөнөдү.

– Мына, мына, кийиздин астына кирди – деп кыйкырды кыз. Ал цирк көргөндөй жыргап, оюндун кызыгына батып алган эле.

Жигит кийиздин кыймылдаган, борсойгон жерлерин шаша-буша колундагы кыпчуур менен чаап баратты. Кийиздин астынан чый-чый эткен үн угулду. Ача салса чычкан көздөрүн чакчайтып, калчылдап турат. Кичинекей бала чычкан экен. Сокку таамай тийгенби, бели ийрейип калыптыр. Жигит мээлеп туруп дагы бир урду эле бул жолу башына тийди. Жансыз көздөр жалдыраган бойдон катып калды.

Ушу саам экөөнүн көздөрү чагылыша түшүп, жигит бир кызыктай боло түштү. Чычканга боору оорудубу же коркуп кеттиби муну өзү да түшүнгөн жок. Чычканды куйругунан кармап, кире бериш жердеги таштанды челекке салып келди. Бирок чыракты өчүрсө да, төшөккө чүмкөнүп жатса да чычкандын жанагы жалдыраган көздөрү көз алдында туруп алды. Таштанды салынган чакада да аны жалдырап карап тургандай, азыр же эртең менен сыртка чыкса эле жанагы көздөр менен беттеше тургандай сезиле берди.

Кайра туруп, чычканды алды да тээ короонун четине ыргытып келди. Эртең мышык же карга жеп кетээр деп ойлоду.

Ал буга чейин деле далай чычкан өлтүргөн. Бала кезде капкан салып, үйдү каптаган каптешээрлерди аёосуз кырып эле атышчу. Бирок бир да жолу мындай калаты сезим болгон эмес.

Көздөр... Каерде көрдүм эле бул көздөрдү? – деди жигит калч-калч титиреп.

Жодрик... Жанатан бери эмнеге кыйналып атканын ал эми гана түйшүндү. Бул анын уулу Жоодардын көздөрүнө окшош экен. Бир жумалык ымыркайды жылуураак алпарып турганга шаарда жакын тууганы жок болгондуктан төрөт үйүнөн түз эле жаңы курулуштагы али полу да, эшиктерезеси да жок ушу эки бөлмө времянкасына чыгарып келген. Күздүн күнү болчу. Алгачкы түнү келинчеги экөө таң атканча кайтарып чыгышкан. Ымыркай ыйлабай, үнү чыкпай дымып калса эле жигит сарсанаа болуп, ширеңке чагат. Бүлбүлдөгөн күңүрт шоола баланын бетине чачылган сайын тирмийип делеле ирмелбеген, жумулбаган эки чекит көрүнчү.

Азыр да көзүнө ошол караңгыдагы жылтылдаган каракара эки чекит тартылып турду. Бир жумадан бери Жоодары тумоолоп ооруканада жатканын, бүгүн ага бара электигин эстеди. Өзүн өзү жек көрүп кетти.

– Эх, Жодрик, Жодрик... – деди жигит ыйламсырап. – Мени кечирип койчу...

Бир топко чейин тизесин кучактап отурду. Кыз эчак уйкуга кирген. Түрткүлөп ойготту.

– Эмне болду?

Кыз көзүн ачып, карап калды.

– Мен срочно ооруканага барышым керек болуп атат.

– Барып келе бериңиз. Мен уктап турайын.

– Капа болбо, бирок сен деле үйүңө кете берчи.

Кыздын уйкусу эми биротоло ачылып кеткенсиди.

– Түн жарымда кантип кетем? Маршруткалар давно токтоду.

– Мен таксиге салып коём.

Кыз отурган калыбында кийине баштады. Адегенде эмчек кабын кийди, анан кофтасын. Бул учурда жигит анын үстүндө жасоолдой тикирейип карап турду.

– Биякка отуруп турсаңыз, кийинип алайын. Так мандайга туруп аласыз да... – деди кыз нааразы болуп. Анан шарт турду да тетири карап, ич кийимин кийе баштады.



Адегенде короого жигит өзү чыгып, кошуналардын баары кызуу уйкуда жатканына ынанган соң кызга чыга бер деп белги берди.

– Мындан ары жолукпай эле коёлучу – деди жигит экөө үйдөн бир топ узап кетишкен соң. Таш төшөлгөн өңгүлдөңгүл жолдо улам мүдүрүлүп, тултундап-бултундап бараткан кыз эми чыдабай кетти.

– Мен эле сиз менен жолугайын деп көзүм учуп туруптурбу? Жумуштан чыгып бараткан жеримен өзүңүз ой-боюма койбой сүйрөп келбедиңизби.

Кызды туш келген бир жеңил машинага салып жиберип, өзү ооруканаы көздөй жөө жөнөдү. Караңгы жолдо жорголоп баратып, улам сүйлөнүп коёт:

– Жодрик... Кечирчи мени уулум...

*1991-ж.*

## САЗ

Кыз подъезддердин биринин эшигине жөлөнүп, тик турган бойдон уктап атыптыр. Кез-кезде кыйшайып, жыгылып бараткнын сезип, селт эте чоочуйт да кайра боюн түзөп алат. Карарып, шишимик тарткан жүзү, бырышкан кийими анын аягы суюк кыз экенин, түнү бою ар кайсыл жерде шапар тээп жүрүп, эртең менен гана көзү илинип кеткенин билдирип турду. Улан «Уйкудагы сулууну» бир топко чейин карап туруп, качан ары-бери өткөн кишилер көбөйө баштаганда гана шаша-буша кабинетине кирип кетти.

Ошол күнү кечинде ал дагы бир көрүнүшкө күбө болду. Сойкулар үймөлөктөшүп турган жерге көк «Жигули» келип токтоду да ичинен бир кыз түштү.

– Эмне болду? – деди жолдун четиндеги стулда талтайып отурган аял.

– Келдим...

Кыз жылмайымыш болду. Сиздин буйругуңуз аткарыл-

ды деген сыяктуу угулган бул сөздө «мамасынын» ишеними актап, өз милдетин аткарып келгенге канааттануу, мактоо сөз угамбы деген үмүт, ошол эле учурда, намысы тебеленгенине өксүү да бар эле. Тайтандап араң басып келгенине караганда, аны кеминде үч эркек кезектешсе керек. Өзү он алты-он жетилердеги жапжаш кыз экен.

Ошол окуядан кийин Улан алдынан жанагы кыз дагыныга калчудай, анын «келдим» деген аянычтуу үнү кулагына кайра угулчудай жүрөгү заарканып жүрдү.

Бирок «байтал базар» ал иштеген жердин так маңдайында болгондуктан Улан аларды дээрлик күн сайын көргөнгө аргасыз эле. Эртең менен жумушка баратканда көздөрү шишип, жол жээгиндеги көк чөптүн үстүндө ыксырап отуршкан бирин-серин кыздарды көзү чалса, кечинде үйүр-үйүр болуп, дилгир, куунак тургандарын көрөт. Кербездене тамеки тартышып, бири-бирине кыткылыктап тийишип, анан машина токтоду дегиче туш тараптан ороп калышат. Кээде бири-бири менен чачташып, кадимкидей мушташа кетишет.

Сойкулардын да өздөрүнүн жазылбаган мыйзамдары болоорун, «түнкү көпөлөктөр» атаандаштарынан, сутенерлорунан таяк жээрин Улан угуп эле жүрчү. Бирок мындай жагымсыз окуяларды көргөн сайын жүрөгү ооруп, дүйнөсү караңгылай түшөт.

Ал бүгүн да иштен кеч чыкты. Жол четинде эки жигит менен үч кыз тарткылашып, жулкулдашып турушуптур. Жигиттердин өктөм сүйлөгөндөрүнө караганда, сойкуларды кой тандагандай тандап кетчү демейлеки кардарлар эмес окшойт.

Кыздардын экөө каршылык деле көрсөтүшкөн жок, кызыл куртка кийген жашыраагы гана улам ары качып, жигиттерди өзүнө жолотпой атты. Бирок тиги экөө аларды ой-боюна койбой машинага түртүп салышты да, жүрүп кетишти.



Номуру 15тен башталган машина биринчи эле көчөдөн сол жакка бурулуп кеткенин көргөндө Улан ошол жака чу койду. Жумушчулар жашаган жатакананын бир бурчунда милициянын бөлүмчөсү боло турган. Жанагы эки жигит кыздарды ошол жакка алып кетиши ыктымал эле.

Жатаканага жетип барса, айткандай эле жанагы машина ПОМдун алдында токтоп туруптур. Улан адегенде түз эле балдардын артынан кирип барайын деген, бирок кайра ойлонду. Киргенде эмне дейт? Сойкулукка каршы профилактика жүргүзүп атабыз дешсечи? А балким чындап эле бүгүн рейд болуп аткандыр?

Улан түз эле начальниктин кабинетине бет алды. Бир курдай материал алганы келип, начальник менен көпкө сүйлөшүп, таанышып кеткен. Буга чейин кылмышкерлерди издөө бөлүмүндө иштеген ПОМдун начальниги жөнүндө гезитке бир полоса макала да чыккан.

Формасы москоол денесине куп жарашкан шыңга бой майор кабинетинде отурган экен. Уланды көрөөр замат ордунан тура калды.

– А товариш корреспондент, – деди жайдары. – Статьяң үчүн рахмат! Бирок раскладушканы бекер жазыпсың да. – Майор бурчтагы ичине бир жаздык, бир төшөк оролгон бүктөмө кроватты көз кыры менен карап койду. – Тааныштарымдын баары ал эмне милдет аткарат деп күлүп атышат. Так, бизге тапшырма барбы?

– Тапшырма эмес... Улан мукактана түштү. – Эмеле сиздин балдарыңыз үч кызды кармап келишти. Мен ошолор менен сүйлөшөйүн дедим эле.

– Базар жок. – Майор отурган жеринен кыйкырды.

– Жусупов!

Ачык турган эшиктен жанагы эки жигиттин бири баш бакты. Күрмөсүн чечип койгон экен колтугунда тапанчасы көрүнүп жүрөт.

– Кана жанагы проституткалар?

– Кабинетте отурушат.

– Всех сюда! Эмне, тааныш кыздар беле? – деди начальник эми Уланга кытмыр жылмайып.

– Жо-ок... Улан кылмышы ачылгандай шашып калды. – Сойкулар жөнүндө материал даярдайын дегем.

Үч кыз ээрчишип кирип, эшиктин жанына тизилип туруп калышты.

– Бир-бирден сүйлөшөсүңбү?

Улан кайра мукактана түштү.

– Мен башка жерге алпарып сүйлөшөйүн дедим эле... Уруксат берсеңиз конечно.

– Баарынбы?

– Ии.

Майор маңдайын тырыштырып, олуттуу боло калды.

– Вообщем-то бул жагынан бизде аябай строго. Эгер жанында документтери жок болсо личносту аныкталганга чейин приемникке жаап койгонго да акыбыз бар.

– Эмне байке, интервью алайын дедиңиз беле – деди жанатан бери унчукпай турган опер жигит ырсаң-ырсаң этип. – Интервью жөнүндө анекдот уктуңуз беле? Сизге окшогон бир корреспондент саанчыдан интервью алганы келиптир. Келсе, тиги саанчы сүрдөп, тизелери калтырай баштаптыр да. Анан корреспондент напреженияни снимайт этейин деген максатта мурда да интервью берип көрдүңүз беле деп суроо бериптир. «Бергем» дейт анда саанчы ого бетер сүрдөп. «Бир жолу башкармага бергем. Парторгго болсо такай эле берип жүрөм».

– Көп сүйлөбөй, бар ишиңди кыл – деди начальник сүрдүү. Бирок өзү деле кызматкери менен пикирлеш экени көрүнүп турду.

– Ошол бойдон кете берсек болот да? – деди Улан

– Болот. – Начальник столдун үстүндөгү кагаздарын сейфине салды да, мойнун оңго-солго кычыр-кычыр этип алды. – Баса, өткөндөгү гезиттен дагы барбы? Мен он чактыны сатып алдым эле. Улам бир таанышыма бере берип, өзүмө калбай калыптыр.

– Мен карап көрөйүн, подшифкада бар болуш керек.

– Каяка алпарат элең? – деди начальник Уланды сынай карап. – Алыс болсо балдар машина менен жеткирип коюшсун.

– Жок, жакын эле... – деди Улан шашкалактап.

ПОМдун айланасы капкараңгы, төртөө жатакананын алды менен ээрчишип баратышты.

– Бая күнү эле «субботникке» чыгып бергенбиз – деди кыздардын бири чоң жолго жеткенде. – Бүгүн да «бир тааныш балдар бар эле, на халяву трахатся эткизип койгула» – деп атышпайбы. Аларга эмне, талаада жаткан кыз бар бекен, пусть платят, чынбы?

– Менттер вообще наглейт этип кетишти – деди экинчи кыз да аны кубаттап.

Кызыл курткачан үчүнчү кыз гана унчуккан жок.

Улан «иштегени» чыктыңар беле? – деп сурайын деп баратып, токтоп калды. Кызыл курткачан кыз буларга кокусунан гана кошулуп калгандай сезиле берди.

– Көчөлөп чыктыңар беле?

– Мобул да... – деди кызыл курткачан жанындагы көзүн көпкөк кылып боёп алган узун бойлуу кызды көргөзүп. – Шокалад жеп, марожни жеп келебиз деп болбой ээрчитип чыкпадыбы.

Өзү жаш эле болгону менен тамеки тартабы, үнү кырылдап жагымсыз экен.

– Окуйсуңбу?

Кыз баш чайкады.

– Бирок тапшырыш керек эле. Ишенесизби, сочинениени жалаң бешке жазчумун. Агайлардын баары Сарымсакова, сен сөзсүз окушуң керек дешет эле.

– Жашын канчада?

– Декабрда он тогузга чыгам.

– Эми деле тапшырсаң кеч эмес. Олжас Сулейменов деген акынды билесиңби?

Кыздагы баш чайкады.

– Ошонун бир сонун ыры бар. Сөздөрү эсимде калбаптыр, бирок мааниси мындай да. Троллейбус стадионго баратат, салон толтура күйөрмандар, түртүшүп, муштaшып, бири-бирин тебелеп салгандан да кайра тарчудай эмес. Менин алдымда үлбүрөгөн жаш, назик кыз турат, аны таанып-тааныбасам да көпчүлүк тебелеп салбасын деп көкүрөгүм, колдорум менен калкалап бараттым. Анан кызга кайрылып, карындашым, сен азыркы аялдамадан түшөсүң, андан ары өзүңдү-өзүң корго дедим дейт.

Силер да мындан аркысын өзүңөрдү-өзүңөр коргоп, үйүңөргө эсен-соо жетип алгыла. Жол кирeгe акчаңар барбы?

– Берсеңиз ала беребиз – деди узун бойлуу кыз жалмаңдап.

Улан чөнтөгүнөн сары түстүү булгаары капчыгын алып чыгып, акыркы 50 сомун кыздарга карматты. Өзү болсо үйүн көздөй бет алды. Чоң бир эрдик кылгандай көңүлү куунак, шадыраңдап баратты...

...Ойлуу келатып, көз алдынан леп этип өткөн тааныш элестен чоочуп кетти. Жанагы үч кыз баягы көнгөн жумуш ордуларында турушуптур. Кызыл курткасынан тааныды. Бири-бирин кучакташып, үчөө тең шайдоот.

Уландын шаабайы сууй түштү. Өзүн алдангандай, кордолгондой сезип кетти. Балким менин жоругумду эстеп, ушундай да ишенчээк, аңкоо адам болобу деп шылдыңдап турушкандыр? – деп алды ызаланганынан.

Бака жөнүндөгү уламыш эсине түштү.

Бирөө сазга батып турган баканы буттан алып, кургак жакка сүйрөп жөнөптүр.



– Сен мени каякка сүйрөп баратасың? – дейт бака.

– Каякка дегенин кандай? Мен сени саздан куткарып атпаймынбы?

– Куткарып? – дейт анда бака таң калып. – Мен ушу жерде жашайм да...

Кыздар термелип, дале жол боюнда турушту.

*1998-ж.*

## АЙДАР

– Тоолор... То-о-лор...

Чапкан атка жеткирбей, жеткирбей бара жатам...

Уйларыбызды тамеки талаанын этегиндеги сазга жайып жиберип, өзүбүз көгала майдандын үстүндө жатабыз.

– Тс-с – деди Азим бир маалда мени чыканакка түртүп. – Карасаң, Айдар дагы ырдап атат.

Кулак төшөй калсам, чын эле Айдар бирдемелерди булдуруктап, бизге кошулуп кыйкырып атат. Көз көрүп, кулак укпаган кереметке күбө болгондой жыргап калдык.

Дагы бир күнү эртең менен уй айдап баратып Айдардын башы менен дубалды сүзгүлөп, түндө учуп кеткен алты айлык карындашын жоктоп ыйлап атканын көргөндө ого бетер таң калдык. Дудуктугу эле болбосо ал деле биз сыяктуу бала экенин билип турсак да, жанагындай нерселерди көргөн сайын Айдар да ушинтет экен ээ деп аң-таң боло берчүбүз.

* * *

Айдар бою узун, олбурлуу бала эле. Кээде тамашалашып, же оюндан от чыгып мушташа кеткенде өзү теңдүү балдардын көбүн сабап койчу. Бирок анын бир талуу жери, «ахиллес согончогу» бар эле. Ал майтаман болчу. Муну билгендер аңдып туруп түртүп ийсе эле чалкасынан бир ке-

тип, же жамбашы менен отуруп калат. Жыгылган соң ал атаандашы үчүн оңой олжого айланчу.

* * *

Вертолет тамекиге жылына эки жолу дары чачат. Адегенде чаап атканда, анан тамеки тизим башталып, жарым кулач болуп жайылган жалбырактарга шире, курт түшө баштаган маалда бир чачылат. Экинчи жолкусу жыргал, дарынын жыты тараганча бир күн дем алыш берет. Биз ойнойбуз, апаларыбыз, эжелерибиз болсо баштарын, шире болгон көйнөктөрүн жууп, нан жаап же айылчылап, бир күн болсо да дем алып алышат. Ал эми чабык маалында эмнегедир иш бир саат да токточу эмес. Вертолет өйдө жактан нөшөрүн төгүп келгенде тамеки чаап аткандардын анча-мынчасы үрккөн койлордой эки жакка дыркырап качкан болушса, көбү тек гана башын колу менен калкалап, турган жеринде отура-отура калышат. Вертолет ушунчалык жапыз учкандыктан боорундагы жазуулары, номери гана эмес, штурвалда отурган учкуч, анын сапсары болгон жыланач денеси, колу менен качкыла деп ишара кылганы дапдаана көрүнөт.

– Карасаң, летчик турсичен экен – деп Дастан асманды карап ышкырып-ышкырып алат.

Вертолет биздин үстүбүздөн дары чачып өткөн соң апам экөөбүз айлананы каптап кеткен жагымсыз жыттан мурдубузду калкаламыш болуп кайра чабыкка киргенбиз. Аңгыча эле балдардын айкырган үндөрү угулуп, чабыкчылардын баары ошол добуш чыккан жакты жалт-жалт карап калышты. Бизден үч жүз метрдей нарыраакта Айдар, Апсалам, Каныбек – үчөө дыркырап качып баратышат. Үстүлөрүнөн болсо вертолет кууп алган.

– Ниме балаа болуп кетти? – деди апам аң-тан болуп.

– Балдар таш атып коюшкан бейм – деди биз менен жанаша тамеки чаап аткан Анипа эжем.



Менин баамымда жаңгактай таш вертолетту талкалап деле ийбесе керек, бирок учкуч кыялы чатак неме экен тиги үч балага кадимкидей өчөгүшүп алды. Оңго качышса оңго, солго качышса солго бурат. Акыры калың жүгөрүнүн ичине кире качышты эле вертолет ийнеликтей болуп так үстүндө жылбай туруп калды. Шамалына жүгөрүлөр эки жакка жапырылды. Вертолеттун кулак тундурган үнүнө кошулуп, балдардын ачуу кыйкырыгы тээ алыска чейин жаңырып атат. Бул жолу куюп келген химикатын бүт бойдон алардын үстүнө төгүп салды окшойт, кыпкызыл дары нөшөрдөй төгүлгөнү тээ арыдагы бизге да көрүнүп турду.

Үчөө айкырган бойдон кайра качып чыгышты. Ошондо гана учкуч вертолеттун башын буруп, тээ Кайырдагы аэропорт жакка багыт алды.

Катуу коркуп калганбы же дарыга ууланганбы, эртеси Айдар бети чаначтай болуп шишип келди. Колун жансагылап, кинодогу самолётту, жарылган бомбаларды көпкө түшүндүрдү. Анын бул ишарасынан бомба таштайт экен деп кечээки вертолеттон аябай коркуп, жүрөгү түшүп калганын андадык.

* * *

Биз бешинчиби, алтынчыбы класска көчкөнгө чейин Айдар мектепке барган жок. Күнүгө эртең менен аны менен тең курбалдаш балдар эки-үчтөн болуп сабакка баратканда ал уй айдап, же кетменин көтөрүп тамекиге жөнөйт. Анан эле бир күн аны Карасуу шаарындагы дудуктар мектебине алып кетишти.

Мектептен өкүл келгенде мен Ноокаттын автобекетинде болчумун. Автобуста шоопурдун келишин күтүп отурсак жашы кырктардагы аял ачык эшиктен баш багып, Кашкалдакта (терезедеги жазууну окуган окшойт), Калдар деген киши жашайбы деп сурап калды

– Кайсыл Калдар, бизде ондойдон экита – деди эшикке жакын отурган Дооран ака.

– Дудук балдары бар.

– Аа, болду болду... чыга бериң.

Аял салонго чыгып, орундукка көчүк баскан соң жанында отургандар акырын сөзгө салышты эле ал дудуктар мектебинин завучу болуп чыкты.

– Өкүматка рахмат – деди намаз жумадан кайткан Пааз ава – Сакоолорду айылма-айыл издеп жүрүп окутканын кара.

– Буларды окутуш кыйын болсо керек а? – деди бизге алгебрадан берчү Атайым эжеке.

Тиги аял ооба дегендей баш ийкеди.

– Булардын кулагы да укпайт да. Ар кандай сигналды жер аркылуу сезишет. Асманда самолет учуп кетпартса ям жерден сезишет. Сабак маалында шоктонуп, баш бербей калганда полду бир тепсең жымжырт болуп калышат.

Ошол бойдон Айдар бир жылдан кийин, биз жайкы каникулга тараган маалда келди. Мен тамаркада жүгөрү чаап аткам. Кучакташып көрүшкөн соң жанымда кыйлага чейин эки жакты кызыга карап, көрүнбөйт да? – деп Алижан акенин итин сурады (аны итатар атып кеткен болчу), Тешебай аканин атканасы качан курулуп бүткөнүнө кызыкты. Бир жыл сыртта жүрүп келген кишинин көзүнө айылдагы кичинекей өзгөрүү да шак эле урунат окшойт. Анын ушул дудук сурооторунда, ар бир кишини, үйдү телмире тиктешинде айылга болгон үнсүз сагынычы, кусалыгы сезилип турду.

Ал мурда деле бардык нерсени колдору менен жаңсап түшүндүрчү. Бирок Карасуудан жаңыча бир кыймылдарды, анан жазганды үйрөнүп келди. Эки-үч бала чогулган жерде эле Айдардын сабатын текшерип калабыз. Асан сөөмөйү менен мойлоосун сыйпалап, жазчы деп ишара кылат. Айдар жерге эңкейе калат да, сөөмөйү менен топуракка Калдар деп жазат. Кызыкка бата түшкөн Сатыбалды кашын көргөзүп, эжеңчи? – дейт. Айдар топурактагы жазууну буту менен сүрүп өчүрүп, эми Каныш деп жазат.



Кээде бул оюнга чогуу отурган чоң кишилер да аралашып кетишет.

– Ой, кыстала-ак, бүт билет экен аа – дешет Айдар атасынын, энесинин, бир туугандарынын гана эмес, тентуш балдардын да атын жазганына таң калышып.

* * *

Атасы кароолчу болгондуктан Айдар күнүгө эртең менен тамеки сарайдын ичи-тышына суу сээп, анан узун саптуу шыпыргысы менен мизилдете шыпырып чыгат. Шымынын куруна бир боо ачкыч байлап алчу.

– Герасим келатат – дейт Сатыбалды Айдар көрүнөөр замат – Битта Муму гана жетпей турат да.

* * *

Дастандардын үйүндө өрүк жеп отурганбыз. Аялдын ачуу кыйкырыгынан селт этип, ордубуздан тургуча болбой тамаркаларды бөлүп турчу жыгач тосмодон Мария жеңенин башы сороң этип чыга калды.

– Эркек киши барбы – деди ал үнү каргылданып – Айбек өзүн-өзү пычактап алыптыр...

Чуркап барсак өң алеттен кеткен Айдар пешайбанда турган экен. Колунун булчуң эти эки жакка ажырап, сай болуп калыптыр. Бутунун асты кыпкызыл кан.

Заматта эл чогула түштү. Кайдан-жайдандыр агалары, атасы чуркап келишти. Бирок Айдар алардын бирин да жанына жолоткон жок. Кан кеткен сайын өңү чүпүрөктөй бозоруп баратат.

– Бирдеке кылып колун байлабайсыңарбы – деди Зарипа аттуу кошуна келин чый-пыйы чыгып. – Дагы бир аз турса кансырап жыгылып калат.

Бирок колундагы лезвиядан чоочулаштыбы, эч ким анын жанына даап бара алган жок. Качан Үрүнса эже, мындан эки жыл мурда кайтыш болуп кеткен апасынын

бир тууган эжеси келгенде гана Айдар колундагы лезвияны ыргытып ийип, анын көкүрөгүнө боюн таштады. Ушул тапта эки-үч киши жетип барышып, чыканагынан жоолук менен бууп ийишти.

Эстен танып калган Айдарды агалары машина менен ооруканага алып кетишкен соң сарайга барсам, тамеки тизгендердин баары кары-жашы, эркеги-аялы дебей эмелеки окуяны талкуулап, өгөй энесине наалат айтышып атышкан экен.

– Майли, кантты бекитсин, майды бекитсин, бирок нанды сандыкка кулпулабай эле койбойбу – деди Тажикан эже зээни кейип. – Саартан бери талаада мал кайтарган бала курсагы ачып келди да.

– Бечара калитти бер деп шул жерде кыйлага чейин жалдырап турду – деди анда Толгонай катта апам аны коштоп. Акыры лезбаны көрсөтүп, сакоо тили менен бир балдарди булдурап, үй жакка жөнөгөндо эле Мария, бу баланын кетиши чатак, аркасынан барсаңчы дегем. Гам желанын кетиши... бей отуруп албадыбы.

– Дагы жакшы балдар көрүп калышыптыр десеңиз.

Айдар ооруканада бир айдай жатып чыкты. Кийин күрөштөн жыгылып, же бирөөдөн таяк жеп калса эле жарадармын да, болбосочу... деген таризде жеңин түрүп, чыканагына чейин жеткен кызыл тырыгын көрсөтүп калаар эле.

* * *

Шаардык болуп кеткенден бери Айдарды дээрлик көрбөй калгам. Айылга жылына бир-эки жолу гана барам. Анда да түндө барып эле эртеси кайра кайта бермей. Бир жолу барганда иниси жолугуп калды. Анын да тили жок. Айдардын ооруп жүргөнүн ошондон уктум. «Досуңуз ичип алат. Тамеки тартат – деп түшүндүрдү Акыл мага даттангандай. – А мен болсо ичпейм. Ошон үчүн күчүм да көп. Мына, караңчы – деди булчуңун буркуйта түйүп.



* * *

Айдар экөөбүз тамеки өскөн талаада жүрөбүз. Анан эле ал кушка айланып, учуп жөнөдү. Калдайган алп кара куш улам алыстап, кичирейип отуруп, булуттардын арасынан көрүнбөй калды. Бирок асман жактан үнү дале угулуп турду. Айдар сакоо эмес беле, кантип сүйлөп атат – дейм мен таң калып.

Эртең менен чай ичип отуруп, түшүмдү шаарга меймандап келген апама айтып бердим.

– Сен уга элек белең? Айдар былтыр күздө өтүп кеткен. Каныш менен Акылга азыр алыс сапарга жол тартам деп эскертип, анан эки сааттан кийин эле узап кете бериптир. Жакшы адам өлгөндө жани перишт болуп учуп кетет деп коёт го. Түшүңө кирип, аян бергени да бекеринен болбосо керек. Кел, бир куран окуп кой балам. Эстеген сайын окуп коюп жүр. Тырмактай кезден чогуу өскөн досуң эле да, арбагы сүйүнүп калат...

*1998-ж.*

## «ОРУС ТИЛ»

Бир жак бутунан сылтып баскан элүүлөрдөгү бул орус киши барак сымал эски мектептин бир жак капталындагы кичинекей бөлмөдө жашачу. Айылдагылардын баары аны Лапатрош деп коюшчу. Бул сөз Илья Петрович дегенди түшүндүрөөрүн мен кийин, мектепте окуй баштаганда гана билдим.

Мектептеги жалгыз орус тили мугалими болгондуктан, Лапатроштун бүт убактысы класс менен жашаган бөлмөсүнүн ортосунда өтө турган. Бош болгон күндөрү айыл аралап, элге кошулчу эмес. Кез-кезде гана аны менен чогуу иштеген биздин айылдык мугалимдердин эки-үчөө анын

бөлмөсүнө кирип кетип, түн бир оокумда оолжуп чыгып келатышкандарын көрүп калчубуз. Бул ошол анын үйүнөн даам сызып, чай ичишип калган мугалимдерден тараган маалымат го, айыл ичинде Лапатрош чүчпараны өлтүрө пышырат экен деген сөз бар эле.

Лапатрош мектепте иштеген кезде мен али окуй элек болчумун. Андыктан анын кантип сабак бергенин, кулк-мүнөзү кандай экенин билбей калдым. Бир гана жолу ал үйүнүн алдында алоолонто от жагып атканын көргөндө Беден экөөбүз чоң кызыктан кур калгандай ээлигип же-тип барганыбыз эсимде. Күйүп аткан окуучулардын сочинениеси же диктант жазган дептерлери окшойт. Оттун арасынан көгүш, жашыл түстүү дептерлердин сыртындагы жазуулары, кээ бирөөлөрүнүн ички барактарындагы кызыл сыя менен коюлган баалары көрүнүп турду.

Экөөбүз жанына барып туруп калганыбызда Лапатроштун кыжыры келе түштү. Али күйө элек дептерлердин бирин алды да тумшугубузга такап, өз тилинде бирдемелерди айтты. Орус тилин билбесек да анын бул жерде силерге суутуп коюптурбу, же таштанды өрттөнгөнүн көрө элек белеңер деп зекип атканы түшүнүктүү эле болчу.

Бир күн эле Лапатрош отуз тыйындык лотереяга мотоцикл утуп алыптыр деген кабар дүң эте түштү. Эл бул имишти талкуулап, чын төгүнүн аныктап үлгүрө электе кайдадыр көрүнбөй кеткен Лапатрош өзү капталында люлкасы бар Уралына минип келип калды. Тоголок беттүү семиз киши каска кийип алган экен көзүбүзгө кудум эле кинодогу немистердей көрүнгөн ошондо.

Ошол мотоцикл уткандан көп өтпөй эле Лапатрош башка жакка көчүп кетти. Бирөөлөр ал кетээринде мотоциклин сатыптыр дешсе, дагы бирөөлөр жок, болгон жүгүн (коколой баш кишиде эмне деле жүк болсун) люлкасына салып, мотоцикли менен кетиптир деп атышты.



Жай ортолоп, ал жашаган үйдө жыйырма жаштардагы эки орус кыз пайда болду. Ошол мен 1-класска барган жылы ылдый жакта жаңы мектеп курулуп, эски мектептин орду дүкөн болуп калган. Биринчи эле окуу күнү картаң агайыбыз класска сары чачтуу, кырдач мурун кызды ээрчитип кирди. Жаңы келген орус кыздардын мугалим экенин билген эмес. Отуз чакты бала демибизди ичибизге катып, аны чоочуркай карап калдык.

– Агай, мынавы бизге сабак береби? – деди алдыда отурган Бермет аттуу кыз чый-пыйы чыгып.

– Коркпогула – деди агай биздин үрккөн түрүбүздү көрүп – Бу дагы биздей эле адам да.

Классыбызда буга чейин райборбордо жашап келген Инабат аттуу кыз бар эле. Алгачкы күндөрү эжеке ошол Инабат менен гана бирдекелерди кожурашып, ал эми калгандарыбыз болсо оозубузду ачып, орус тилин суудай билген классташыбыздын бактысына суктанып эле отурчубуз. Бирок көп өтпөй орус эжекеге биз да көнүп, ага өзүбүздүн агайларга караганда да үйүр болуп кеттик. Бизге жакканы – сөзсүз орусча сүйлөгүлө деп кыйначу эмес. Билген бирин-серин гана сөздөрүбүздү орусча тантырап, калганын кыргызча эле урдурта беребиз.

– Шералиев, почему вчера не был в уроке – дейт арткы партада отурган Турсунбайды тургузуп.

– Эжеке, кечээ койдун кезүүсү болчу да... Ошого кечке кой кайтарып... – Турсунбай колу менен тээ Жаман-Адыр жакты жаңсап көрсөтө баштайт.

– Далеке да? – дейт эжеке анын эмне айтып атканын түшүнгөндөй. – Ладно, садис.

Бир жолу мени капыл-тапылдан тургузуп, сөздүк сурап калды.

– Как будет по русски жуз?

Эжей менин алдыма келээрдин алдында китептин ачык турган барагынан дал ошол сөздү көрүп, эстеп калгам.

– Сто

– А эки жуз?

Эки жүз кандай болоорун билчү эмесмин. Бирок жүз сто болгон соң эки жүз два сто болот да деп ойлодум.

– Два сто.

Эже сөөмөйү менен башыма акырын нукуган болду да басып кетти.

Эң жаман көргөнүбүз, баарыбызды жүрөк заада кылып, көкөйүбүзгө көк таштай тийген – бул стихотворение деген балакет болчу. Күн сайын үйгө кетээрде Галя эжеке бирден орусча ырды жаттап келгиле деп тапшырма берет. Китепти колтугума кысып алып кой кайтарып атып да жаттайм, тамеки тизип атып да жаттайм, дегеле башыма кирсечи.

– Жатташ үчүн уктаганда китепти жаздыктын астына коюп жатыш керек экен – деди аюу жөнүндөгү ырды жатка айтып берип мактоо уккан Рустам тажрыйбасын бөлүшүп. – Эртең менен ойгонсоң башына кирип калат.

Муну уккандан кийин көп жолу китепти башыма жазданып да жатып көрдүм. Эч өзгөрүү болгон жок. «Экилерди» көбүнесе ошол ыр жаттай албагандан алчумун.

Анда-санда эки эжеке ээрчишип, клубка кино көргөнү келип калышат. Фильм жүрүп аткан учурунда чурулдап катуу сүйлөсөк (биз кинону балээни тынч көрмөк белек) сабакта отургандай «по тише» деп тыйып, бирдекелерди сурасак эринбей жооп берип отурушчу. Галя эжекеге биз аябай эле үйүр алып, жакын болуп калганыбызды бир окуядан кийин өзгөчө сездим. Кышкы каникул учурунда малчы болуп иштеген таякеме жардам бергени баргам. Кайра кайтаарда автостанцияга келсем Галя эжеке билет сатчу кассанын жанында турат. Тим эле айылдашымды көргөндөй сүйүнүп кеттим.



* * *

Эки орус кыздын келиши биздин балалык дүйнөбүзгө гана эмес, айылдын да бир өңчөй, окшош турмушуна бир топ өзгөртүү киргизди.

Кеч кирди дегиче жоон топ бала, көбүнесе аскерге барып келген жигиттер алар жашаган үйдү айланчыкташып, ышкырып, терезесине таш ыргыта башташат. Айрымдар билген бир-эки ооз орусча сөзүн айтыш үчүн эле келишчү.

– Кечээ магазинге папырыска барсам кара чачи (айылдыктар сырткы келбети боюнча бирине кара чач, экинчисине сары чач деп ат коюп алышкан) дагы пөркө алганга кирип калды – деди тамекиде суучу болуп иштеген Акмат аттуу жигит. – Бир балааларди айтип сүйлөшөйүн десем оозума битта ям сөз кирбейт да. Шонон бир күн мурун телевизоду кое койсом «Времядан» Москвага дагы жаз келди, күн ысып шаардиктар марожний жей башташты деп орустар узу-у-н очиретке туруп калышканын көрсөтүп аткан экен. Шону эстеп кетип, Люда, Масква марожни очирет дедим.

Муну уккан теңтуштары ыкшып калышты.

– Шонтсең ниме дейт?

– «Чо-чо?» – деп ич балаа түшүнгөн жок.

* * *

Көчөгө чыга калсам, эки эжеке аялдамада автобус күтүп турушкан экен. Мен акырын алардын жанына басып бардым.

– Эжеке, я стихотворение научил. – Бул менин жөн гана алардын жанына барыш үчүн айткан шылтоом эмес эле. Эжекени көргөндө эмнегедир ыр жаттаганымды айтып, сүйүнчүлөгүм келип кетти.

– Молодец! – деди Галя эжеке да менин мактоо уккум келгенин сезгендей.

Аңгыча жолдон өтүп бараткан «Москвич» нарыраак барып токтоду да кайра артка берди. Машинанын ачык терезесинен мурутчан жигиттин башы көрүндү. Бул райондун борборунан биздин айылга келип иштеген дүкөнчүлөр эле. Рулда отурганы сөөмөйү менен мага бери кел дегендей белги берди.

– Булар каяка барышат экен?

– Ноокатка.

– Айт, машинага түшүшсүн. Биз жеткирип коебуз.

Мен безирейип, үн катпай туруп алдым.

– Балким булар андай кыздар эместир – деди жанындагы шериги.

– Шондой кыздар. Мен билем го... Бул жакка пул тапканы келишкен.

Мен тил албай койгон соң магазинчилер өздөрү сүйлөгөнгө батына алышпады окшойт, бир аз турушту да кетип калышты.

* * *

Ар жылы айылдын четиндеги талаага корейстер пияз эгишет. Кашкалдактыктардан далай киши жазында алардын пиязын отошуп, күзүндө үзүшүп, пул табышчу. Баштарына калдайган чий калпак кийишип, жалаң орусча сүйлөгөн ошол корейстердин экөө түнката биздин эжекелерге келип-кетип жүрүшкөндөрү ашкере болуп калбаспы. Бул кабар биздин айылдык жигиттерди тим эле чок баскандай секиртти. Он чактысы чогулуп алышып, корейстерди кантип жазалоонун планын талкуулап атышканда биз сарайда, түнкү тизимде отурганбыз.

– Булар атайын Москвадан бала окутканы келишсе, анан биз аларды каристерге тебелеттирип коёбузбу – деди Далан аттуу жигит сарайды жаңырта. – Намыс керек да. Бүгүн уктамай жок, таң атканча болсо да пайлап отуруп, энесин Үч-Коргондон көргөзөбүз.

Эрегишкен жоону чапчудай болуп чамынып кетишкен мас жигиттер эмне кыйсыпыр салышкандарын билбейм.



Эртеси түштөн кийин Галя эжеке Равшан экөөбүздү сабакта отурган жерибизден алып кетти. Алар жашаган бөлмө жапжайдак болуп, болгон жүктөрдүн баары сумка, чемондандарга салынып туруптур. Полда орус тилиндеги эски журналдар, гезиттердин айрылган беттери чачылып жатат. Люда эжеке эмнегедир көрүнбөйт. Галя эжекенин буйругу боюнча темир кроватты эки жагынан көтөрүп алып, талааны көздөй жөнөдүк. Сары чачын ак жоолук менен таңа байлап алган маанайы пас, кабагы салыңкы эжеке колуна чемоданын көтөрүп, жаныбызда үн-сөзсүз баратты. Эжекенин эки кишилик оор кроватын тегиз жолдо дөңгөлөгү менен кылдырата сүйрөп, айдоо жерде көтөрүп бараткаңыбызды айылдыктардын баары көрүп, бир чети кызыга, бир чети таң кала карап турушту. Пияз талаадагы алачыктын жанынан бизди көз айнекчен корейс жигит тосуп алды.

Эжекенин талаага көчүшү – бул сүйгөн кишим менен алачык да мага бейиш деген ишара беле же менин жеке турмушума кийлигишкенге силердин кандай акыңар бар дегениби, – билбейм. Бирок алардын бул чечими түндөкү окуянын натыйжасы, ага карата жооп экендиги сегиз жаштагы мага деле түшүнүктүү болуп турду.

Алар алачыкта канча убакыт жашашкандары, кайра кантип көчүп келишкендери эсимде калбаптыр. Айтор, бир күнү эле жаңы мектептин буфетинин жанындагы бөлмөдөн чыгып келатышкандарын көрүп калдым. Кийин угушубузга караганда, биздин айылдык жигиттер менен корейстердин ортосундагы мушташ катуу резонанс жаратып, райондун масштабында талкууга алынган экен. Эжекелердин алачыктан кайра мектепке журт которушу да ошол райондук чоңдордун чечими окшойт.

Кийинки жылы Люда эжеке кыз төрөдү. Кош бойлуу аялдардын көбү үйүндө эле төрөп, Бостондун ичиндеги төрөтканага дээрлик киши келчү эмес. Бирок Люда эжеке төрөгөн соң төрөт үйүнө келгендердин аягы үзүлбөй кал-

ды. Чогуу иштеген эжекелер гана эмес, балдары мектепке барган жөнөкөй эле аялдар да бир кайрылып, ахыбал сурап өтүшчү.

Чоң энем, апам болуп тамаркада картошка казып атканбыз. Аңгыча эле колуна түйүнчөк көтөрүп, Самар эже, – досум Бедендин апасы өтүп калды.

– «Орус тил» тууптур – деди аяш энем. – Ошого мастава кылып кетпартам.

Кайра кайтаарда аяш энем биздин алдыбызда дагы бир аз туруп, апамдар менен таасирлерин бөлүштү.

– Кайра-кайра «испасиба» дейт бечара. – Кой, сен жаңы тудуң, турба дегениме болбой о бер жакка чейин узатып чыкты.

– Баласын көрдүңүзбү, кимге окшош экен? – деп сурады апам.

– Шону көрө албадым – деди аяш энем өкүнгөндөй. – Уктап аткан окшойт. Бетин жаап коюптур.

Люда эжекенин кимден төрөгөнү жөнүндө ар кандай сөздөр жүрчү. Бирөөлөр корейстерден шектенишсе, дагы бирөөлөр жок, өзүбүздүн эле Бопуштан экен деп жүрүштү. Курбусуна каралашканыбы, кээде Галя эжеке бети бултуйган ак жуумал бөбөктү сабакка көтөрүп келчү. Өзү кадимкидей сабак өтө берет, биздин класстагы бир кыз жижини ыйласа сооротуп, сийип койсо шымын которуп отурат.

– Эжеке, Оксана кыргызга окшош экен – дейт кыздар анын бүтүгүй көзүн, кара чачын кызыга карашып.

– Похож да? – дейт эжеке ичи элжиреп.

* * *

Бирок кашкалдактыктардын эсинде Люда эжекенин төрөгөнүнөн да алардын мышыгынын өлгөнү көбүрөөк калды. Буфетке кирип-чыкканда эжекелердин ачык эшигинен кичинекей ала мышыкты такай эле көзүбүз чалчу. Ошол күнү танапис маалында мектептин артындагы бактын арасына чуркап барсак, алманын түбүндө кичинекей



бала мышык өлүп жатыптыр. Муунтуп өлтүрүлгөн окшойт, мойнунда пресс зым чубалып жүрөт.

– Эжекенин мышыгы го – деди Рустам аны буту менен бир тээп.

Коңгуроо кагылып, класска кайра кирдик. Сабак жаңы эле башталганда эшик кыңкая ачылып, Галя эжеке баш бакты.

– Умаралиев, ты убил да нашу кошку?

Рустамдын өңү бозоро түштү.

– Эжеке, мен эмес...

Эженин көзүнөн мөлт этип жаш кулап, сапсары жүзүндө жылтыраган из калды.

Рустам мугалимдер арасында бир жерде тынч алып отура албаган шок бала катары белгилүү эле. Ошондуктан мышыкты чындап эле Рустам өлтүргөнбү же башкабы – муну эч ким териштирген жок. Бирде класс жетекчибиз кирип тилдеп кетсе, бирде завуч кирип кулагын чоюп кетет.

Орус эжелердин өлгөн мышыгына аза күтүп, бир күн сабакка да кирбей ыйлап отуруп алышкандары элди дуу күлдүрүп, чындыкка дегеле коошпогон, акылга сыйбаган кеп-сөздөрдү пайда кылды. Кээ бирөөлөр эки орус кыз мышыкты адегенде кепиндеп, табыпка салып, анан көмүшүптүр дешсе, дагы бирөөлөр жок, табытка салып, самолет менен Москвага жиберишиптир дешет. Эң кызыгы мындай сөздөрдү биз балдар эмес, чоң эле кишилер, атүгүл алар менен чогуу иштеген мугалимдер да айтып атышты.

– Мышыка да киши ыйлайбы, койгула десек, «силерге күлкү болгон менен бизге аза» дешип, бир боздошот, бир боздошот... – деди Заир агай жылмайып.

– Орус оюндагысын кылат деген шо да.

* * *

Мурда классташтар жолукканда, он жылдык, жыйырма жылдык деген сыяктуу салтанаттарда орус эжекелерди ошол мышыгынан улам гана эстеп, күлүп алчу элек.

Бирок мезгил өткөн сайын аны улам көбүрөөк эстечү болдум. Кээде телевизордон бири-бирин издеп табышкандар жөнүндөгү берүүлөрдү көргөндө мен да редакцияга кат жазып же телефон чалып, Галя эжекени издегим келет. Москвага барып калганда көчөдөгү миндеген адамдын арасынан мага тааныш өңдү издейм. Билбейм, балким бул закым болуп кеткен биздин балалыктын бир үзүмү ошол эже менен байланыштуу болгону үчүндүр. Ойлоп көрсөм ошол кезде алар деле али акылы токтоло элек, бала кыял кыздар экен да.

Бирок эжекенин дареги түгүл фамилиясы ким экенин да билбейм. Ал биздин күндөлүккө Вершагина же Вершинина дегенге окшотуп кол койчу. Айылга барганда эчак пенсияга чыгып, чал болуп калган агайлардын эки-үчөөнөн сурап көрдүм, бирок эжекенин фамилиясы биринин да эсинде калбаптыр.

Галя эжекеге бир жолуксам деп ынтызар болгон жалгыз эле мен эмес экем.

– Мен жок дегенде бир жолу жолугушуп, актангым келет – деди Рустам бир курдай сүйлөшүп отурганда. – Мен нимеге өкүнөм, ал кеткенде мышыгымды Умаралиев өлтүрдү деген таарыныч менен кетти да. Азыр жолугуп калсам, ошондо мага бекер эле капа болгонсуз. Мышыгыңызды өлтүргөн башка бирөө деп айтат элем. Чын эле кийин мен аныгын билбедимби. Чөжөмдү жеп койду деп Эгемберди муунткан экен...

*2000-ж.*

## КОШТОШУУ

*Апам Улуктаажынын*
*жаркын элесине арналат.*

Апам сарык болуп калганын укканда чынын айтсам, анчалык элес алган эмесмин. Өзү сарык болгон неберелерин дегеле оруканага жаткырчу эмес. Үйдөн эле ашкабак



берип, чөп ичирип айыктырып алчу. Анан калса иним ФАП-та иштеген кошуна келин күнүгө гемодез куюп атат дегенде санаам ого бетер тынчып калган. Качан УЗИ сарык эмес эле өтүндө ташы бар экенин аныктаганын укканда гана апам ушунча күн бөөдө азап чеккенин түшүнүп, жаным кашайып кетти.

– Тезинен Бишкекке салып жибер – дедим иниме. – Пенсиясын аңдып алганда кыйынсың, жакшылап карабайт белең?

Бирок инимди урушаарын урушуп алып, кайра өкүнүп калдым. Ал байкушта эмне күнөө? Үйдүн кенжеси катары канча жылдан бери атам менен апамды багып, карап аткан ошол эмеспи.

Аэропорттон тоскону барып, апамы тааныбай калдым. Жайында эле менин үйүмдө бир ай туруп, тетик кеткен кайраттуу кемпир эки айдын ичинде өңдөн азып, куурайдай болуп калыптыр. «Манастан» үйгө жеткенче арткы орундукта жатып келди. Бир гана жолу, машинанын дөңгөлөгү чуңкурга түшүп кеткенде эмне болду деп чоочуп, баш көтөрдү.

А күнү үйдө таң атканча кирпик какпай, же наар албай таң атырган соң, эртеси эртең менен поликлиникага алып жөнөдүм. Терапевт болуп иштеген тааныш эже бар эле. Ал дароо эле УЗИге жиберди. Апамды ичкери киргизип ийип, өзүм коридордо турам. Бир маалда медсестра мени кириңиз деди. Врач кыз мониторду карап отурган экен.

– Өтүндө таш бар деди беле? Мен эч кандай ташты көрбөй турам.

Телефонду алып, бирөөгө чала баштады. Бизди жиберген терапевт эже менен сүйлөшүп атканын сөздөрүнөн байкап калдым.

Аңгыча эже өзү да экинчи кабаттан чуркап түштү.

– Бүттү, кийине берсеңиз болот – деди врач кыз апама.

Мен кошо чыгып бараттым эле эже токтой тур дегендей ишара кылды.

– Апандын оорусу рак экен – деди эже шыбырап. – Уйку бези чоңоюп, өттү кысып калган. Механическая желтуха деп коет, денеси саргарып кеткени ошондон.

Мен башыма бирөө таяк менен бир чапкандай эле кеңгирей түштүм. Өтүндө таш бар экенин укканда операция болсо эле айыгып кетет деп ойлогом.

– Эгер уйку бези чоңоюп кетпесе үч-төрт жыл жашашы мүмкүн – деди эже менин өңүм бузулуп кеткенин көрүп. – Химияга салса болот эле, бирок картаң кемпир аны көтөрө албайт да. Кырк жашка чейинкилер араң-араң чыдайт.

Эженин сөзү ого бетер ындынымды өчүрдү.

– Тезинен операция жасаш керек. Антпесе өт денени уулай берет.

Сыртка чыксам апам креслодо таягына өбөктөп отуруптур.

– Эмне дешти? – деди мени үмүттүү карап.

– Операция жасаш керек деп атышат.

– Майли да... Мадамин (биздин айылдык врач) деле операция жасаш керек деп айтпадыбы. УЗИден көрүп, өтүңүздө таш бар экен дегенде эле биерден жасатпайм, Бишкектеги балама барам деп туруп алдым.

– Дагы эки жыл жашаганымда болот эле – деди сыртка чыкканда. – Нурдин менен Нукандын үйлөнгөнүн көрсөм...

– Коюнчу апа... Али дагы көп жашайсыз. Оморов деген профессор менен сүйлөшүп койгом. Бир жумада кадимкидей айыгып кетет деди.

Апам менин сөзүмө көңүлүм көтөрүлгөнсүп калды.

– Бул жердин дуктурлары жакшы экен а? Он чакты кабинетке кирдик, бирөө дагы урушкан жок.

– Кызык сүйлөйсүз да. Эмнеге урушмак эле?

Апам муңайым баш чайкап койду.

– Биздин дуктурларды көрбөпсүң да...

Эмне үчүн анткенин себебин кийин билдим.

Өңү жаныдан саргара баштаганда үйдөгүлөр апамды жугуштуу оорулар бөлүмүнө алып барышат. Бөлүм башчы



«кампир дагы сарык болчу беле» деп кууп чыгыптыр. Алдан тайып, басалбай калган кемпирди иним менен карындашым эки колунан жөлөп-таяп, хирургдун кабинетине киришсе, Машиев дегени кайра эле сарыктар бөлүмүнө айдаптыр. Колундагы кагазын карап да койбоптур. Коридордо болсо колуна төшөнчүсүн, шейшебин колтуктаган бойдон он чакты киши операция кезегин күтүп, онтоп oтурат дейт карындашым. Машиевдин көзүнүн агы менен тең айланып, шашлык, самса ташыгандар андан көп дейт.

Карындашымдын сөзүн угуп өзүн ооруканaнын кожоюну сезип алган Машиевге бир жиним келсе, ушул ахыбалга жеткирип, элди алкымынан башканы ойлобогон кара мүртөз, түркөй врачтарга кор кылган заманга бир жиним келет.

Сапарда кийим алдым балам үчүн,
Байлыкты жыйнап салдым өзүм үчүн,
А бирок эмне кылдым апам үчүн?

Кичинекей кызым кыңылдап ырдап атты. Бул ыр мага арналып аткандай сезилип, заманам ого бетер куурулду. Айда-жылда бир жолу кабар алам, неберелерин сагынып өзү келип калса бир көйнөк кийгизип, башына жоолук салып узатып коем. Апам үчүн андан башка эмне кылдым? Алыскы айылда ооруса да өзүнчө ооруп, кыйналса да өзүнчө кыйналып жашап атты. Азыр эми канчалык чарк айланып, болгон акчамды чачып күйпөлөктөгөнүм менен анын үлбүлдөп өчүп бараткан шамдай өмүрүн кайра улантуу колуман келет беле?

* * *

Беш күндөн кийин апам операция болду.

– Лүппү аканин арбагына атап бир куран окуп койгулачы – деди эртеси көзүн ачканда. – Түшүмдө колума экита чыпта берип, «келин, шу жерди шыпырып таштасаң эле

таптаза болуп кетесиң» деп атыптыр. Ак көңүл, күйүмдүү киши эле да.

Операциядан кийин өңүнүн сарысы кетип, жөлөк-таяк менен басып калды. УЗИде иштеген врач кыз диагнозду абдан так койгон экен. Операция жасаган профессор да ошол эле диагнозду айтты. «Уйку безинде муштумдай шишик турат. Эки жеринен ичеги улап, өттү ага турган кылып койдум» деди.

Айгүл эженин дагы үч-төрт жыл жашайт деген сөзүнөн улам ошого да каниет кыла баштагам. Ооруканадан чыккан соң шаарда эле алып калып, такай врачтарга көрсөтүп турайын деп ойлогом. Бирок хирургия бөлүмүндө иштеген дагы бир картаң врач аял «денесинин баары шишик. Эртерээк айылга жибер, ошол жактан узасын» деп коркутуп койду. Анан калса апам өзү да үйгө кетем деп туруп алганынан билет алып, самолетко салып жибергенден башка эч айлам калбады.

– Эч кандай дары бербегиле – деди профессор кетип атканда. – Антибиотик тийсе эле шишиги чоңойо берет. Жөн гана каалаган тамагын берип, карап туруш керек.

Апам ооруканада жатканда кичүү карындашым чогуу карап жатты. Кетип атканда ага апам эми аз күндүк мейман болуп калды, деп айтайын дегем. Бирок ансыз деле операция көпкө созулбаганына, врачтар мени менен шыбырашып сүйлөшкөндөрүнө шектенип, көзүнүн жашы он талаа болуп аткан немеге антип айтканга оозум барбай койду.

– Операциядан кийин апам жаш бала эле болуп калды. Чыргоолонсо катуу айтып, көңүлүн оорутпагыла – дедим болгону.

* * *

Апама күн сайын телефон чалчумун.

– Кандай болмок элек, жатам дейт – менин кандайсыз деген суроомо.

Чалбай калсам «үч жыл болду, эмнеге кабарың жок?» деп таарына баштайт.



Кыштан көп кыйналбай жакшы эле чыкты. Жазга жуук оорусу күчөп, төшөктөн тура албай калганын угуп жетип барсам улуу карындашым доктурга көрсөтөм деп үйүнө алып кеткен экен. Ичим тыз эте түштү. Доктурга, табыпка сүйрөп кыйнабагыла, урунду болбосун деп жакшы эле түшүндүргөндөй болгом. Балким доктурдан пайда жок деп ачык текст менен айтышым керек беле?

– Бир жакшына болуп, эшик – элике өзү чыгып калган – деди иним актангандай. – Кээ күндөрү Зеби эженикине чейин барып келчү. Өткөн жума кой десем болбой тууган-дар алып кетишкен. Ошол жактан суз келди. Биз тамакты этияттап берип аттык эле да. Олор болсо сыйлаган киши болуп, куурдакты, шашлыкты шыкай беришиптир...

Эртеси эртен менен карындашымдын үйүнө барсам атам сөрүдө башын мыкчып отурган экен. Дароо эле көзүмө урунганы бети болтоюп, жүзүнөн нуру тамчылап турчу атам заматта шапайа түшүптүр.

– Тур, балаң келди – деди мени көрө сала.

Апам өйдө болуп, төшөгүнө отура калды.

– Ыкыбалыңар бар экен балам, – деди үнү каргылданып – апаңарды кудай кайра берди.

– Кечээ апаң баарыбыздын жүрөгүбүздү түшүрдү – деди таежем. – Кыздын үйүндө бирдеке болуп, шерменде болбоюн, тез балдарыма жеткир дегени түндө машина менен алып жөнөгөнү калдык эле, бүгүн кудайга шүгүр, түзүк...

– Сиздин бөйрөгүңүз кыйнап атат – дедим мен апамдын жанына отуруп, – таш бар да.

– Таш жок экен – деди апам жаш баладай баео үн менен, – УЗИге тартып атканда мен карап турбадымбы. Бөйрөгүм капкара болуп билинбей калыптыр. Гуу-гуу этип шамал өтүп атты...

Карындашым арыдан бери тамак жасап ийди. Апама өзүнчө оокат бышырып беришти. Анын тамакка табити деле тарткан жок, бирок кызынын көңүлү үчүн гана эки-

үч кашык уурттамыш болду. Эми ойлосом ошондо бирибирибизди алдамай жүрүп жаткан экен. Апамдын ичер суусун аз калганын билип турсам да, ага эч нерсе сездирбейин деп ичтен сызып мен отурдум. Апам болсо бизди кыжалат кылбайын деп жанын кашайткан катуу оорусун ичке жутуп отуруптур. («Маман дагы эле жаш бала турбайбы. Апам күлүп-жайнап отурат деп сүйүнгөн бойдон кайра кетип калды» дептир кийин.)

Апамдын жанында эки сааттай отуруп эле кайра тарттым. Үч күндөн кийин 1-Май болчу. Ошол майрамдын шылтоосу менен кайра келип-кетмей болдум.

Атам мени менен кошо жөнөдү.

– Бул жерде зеригип кетти – деди апам. – Досторуна жолугуп, кичине жазылып келсин.

Жөнөп атканда сөрүдө бизди узата карап отурган апамды көрүп эмнегедир машинаны токтотуп, жанына чуркап баргым келди. Бирок болгону бир саатка суранып келген күйөө баламды иштен калтырбайын деп кете бердим. Көрсө, аны акыркы ирет тирүү көрүп жатканымды жүрөгүм сезген экен.

Атам мени менен райборборго чейин келип, Бишкекке машиналар кетчү бекеттен узатып калды.

– Сиз кайраттуураак болуң, ата...

– Кантип кайраттуу болосуң... Апаң бата берет экен. Мен кимиңерге батам?

Денем дүр-р эте түштү.

* * *

Үч күндөн кийин иним телефон чалды.

– Келесиңби... Андан ары үнү каргылданып, трубканы башка бирөөгө берди.

– Маман.. тез келип кал, жээним. – Бул апамдын бир тууган агасы, Жоро тагам эле. – Апаңдын ахыбалы начарлап калды.



Мен Ош базарындагы такси кетчү бекетке жеткенде кечки саат жетилер болуп калган. Ноокатка чейин барчу таксилердин баары эчак кетип бүтүптүр. Жарым сааттай туруп, жердеш шоопурлардын эч кимисин учуратпаган соң туш келген бирөөнө отурдум. Ошко жетип алсам, андан ары жакын эмеспи.

Түнкү саат экилерде таежем телефон чалды.

– Тез келип кал, үка. Эжем сага илинип атат. Канатың болсо учуп кел...

Бул маалда мен Таш-Көмүргө араң жеткем.

Дагы бир сааттан кийин иним чалды. Ыйлап алыптыр.

– Каердесиң? Келбейсиңби тезирээк...

Мен отурган ордумда тыбырчылап-тыбырчылап алдым. Ноокатка чейин дагы беш-алты сааттык жол бар. Канат байлап учуп жөнөгөндүн болсо эч айласы жок. Кап, баягында шаарга кайра кетпей эле турбай...

Телефон ошол бойдон кайра чыңгыраган жок.

Таңга жуук гана жаш кыздын ыйлаган үнү угулду.

– Маман ака, келип калың... суранам...

Үнүнөн кимиси экенин ажырата албадым. Инимдин кыздарынын бири окшойт.

Мен Өзгөнгө жеткенде телефон кайра безеленип, эми досторум, кошуналар чала башташты. Кыязы, биздикилердин баары апам менен убара болуп, мени менен сүйлөшкөнгө да чамасы, шайы келбей калды окшойт.

Мен Кашкалдакка жетип барганда эшиктин алды машинага, кишиге толуп кеткен экен. Жолдун боюна таштарды тизип, кызыл желек сайып коюшуптур.

Мени эки киши колтуктан алып, үйгө ээрчитип киришти. Апам четки чоң бөлмөдө өңү купкуу болуп, бирок күлүмсүрөгөнсүп жаткан экен. Мурдуна пахта тыгып коюшуптур. Тегеректеп карындаштарым, тагаларым ыйлап отурушат.

– Акыркы мүнөткө чейин эс-акылын жоготкон жок – деди карындашым. – Улам эшик жакты карап, Нурдин

экөөңөрду күтүп атты. Түнкү саат үчтө келмесин келтирип, Жоро тагамдын колуна башын койгон бойдон үзүлүп кетти...

Улам бир туугандар келип атышты. Эшиктен бирөө кирген сайын өкүрүк катуу чыгып калат.

Бир аздан кийин иним экөөбүздү сыртка чыгарып коюшту. Ичинде карындаштарым менен аялдар эле калышты.

Аялдар, кемпирлер дале убап-чубап келип атышат. Айла кеткенде Кудай апама 70 жыл болсо да өмүр берди, баарыбыздын үйлөп-жайлады деп шүгүр кылып, өзүмдү өзүм жооткотуп аткам. Бирок аны менен бирге жүргөн тентуштарын, балдарына, неберелерине жетелетип келип атышкан бүкчөйгөн, ийрейген кемпирлерди көргөндө кайра ичим ачыша баштады. Ушулардай болуп эмшейип-кемшейип, небере-чөбөрөлөрүнүн кашында жүрсө болбойт беле.

– Айтажи, Тажикан эжелер кудайы өткөрүп атышкан экен – деди иним. – Апам да силердин жашыңарга жетсин деп аш салдырып келип бердим. Бечара апам таза сүйүндү, болгону бир алым аш жеди, бирок төбөсү көккө жетип сүйүндү эле.

Жүр, апамдын жанына кирип, акыркы жолу коштошуп калалы. Азыр сууга, жууганы алып кирип кетишет. Ошол бойдон кыямат күнгө чейин кайра көрбөйбүз. Түшүбүздө эле көрбөсөк...

Жаман-Адырдагы мен бала кезден бери билчү эски көрүстөн мүрзөгө толуп, эми өйдөрөөк жактан жаңы жай жасашкан экен. Апам ошол жерге коюлду. Тегерек чети тор менен тосулган көрүстөндөгү он чакты жаңы мүрзөнүн жанында дагы бир дөбөчө пайда болду...

* * *

Эртеси таң жарый электе жай башына чыктык. Көрүстөнгө жете бергенде өйдө жактан келаткан үч каран көрүндү. Алдыда келаткан калпакчан жигит мага жакын-



даганда буркурап кирди. Бул кечээ күнү жыйырмага араң толгон кызын жерге берип, боздоп калган досум Эсен эле. Кызы Ошто, университеттин үчүнчү курсунда окучу. Сарык болуп, өтүшүп кетиптир.

Экөөбүз кучакташып, үн-сөзү жок шолоктошуп алган соң, ал ылдый кетти, мен жогору жөнөдүм.

– Дөңдө баарыңарды карап жатам дечү эле – деди иним куран окулуп бүткөндөн кийин. – Көзү ачыктай эле айткан экен.

Мен ылдый жакка көз чаптардым. Чын эле, бул жерден биздин Кашкалдак алаканга салгандай көрүнүп турат экен.

Мүрзөнүн четине таш тизип, белги койдук.

– Бүт айылды дарылап, урушкан, араздашкан канча кишини кайра элдештирген даанышман кемпир эле да. Качан караба жанинда башым ооруду, тишим ооруду деп бир бала же кыз отурат эле. Мүрзө казган балдар бир дагы таш чыккан жок дешти.

– Үстү жагына арык казып кой, суу кирбесин.

Карындаштарым болсо дале мүрзөнү кучактап ыйлап атышат.

– Силер баарыңар ар кай жакка кетип каласыңар, мага эле кыйын болот деди – иним. – Кой кайтарганы чыккан сайын мүрзөсүн көрүп, күйүп күл болом.

– Жалгыз таянычым эжем эле – деди таежем. – Эми силерден башка эч кимим калбай калды. Мени жалгыздатып койбогула.

– Ондой дебең, таеже – деди карындашым шолоктоп. – Сиз эми бизге апа ордуна апасыз.

– Апаңардын көкүрөгүнө Эркинайдан (периште кезинде учуп кеткен улуу эжебиз) да, Мамандан да мурун мен баш койгом. Апамдын эмчегин эмсем эмгендирмин, андан кийин мени эжем баккан. «Апамдын алдейин укпай калдың» деп көкүрөгүнө басып уктатчу эле. Тамеки талаада ээрчитип жүргөнүн көргөндөр Сабыр ака балалуу келин алыптыр деп сөз чыгарышкан...

* * *

Жетилигин өткөргөн күнү иним экөөбүз дарбазанын алдында, куран окуганы келген кишилерди тосуп отурганбыз. Ангыча эле кайдан жайдандыр бир кызыл ала көпөлөк учуп келди да менин көкүрөгүмө конуп калды.

– Апам келди – деди иним.

Канаттары сайма сайгандай кооз көпөлөк бир азга жайбаракат отурду да, жайкы ашканага, андан ары пеш айбанга учуп барды.

– Карасаң, күнүгө жүргөн жерлерин айланып атат – деди иним андан көзүн албай.

Көпөлөк дагы бир аз айланып жүрдү да, апапак болуп гүлдөп аткан алма бакты көздөй учуп кетти...

*2008-ж.*

## ЧАЙКАНАДА ЖАШАГАН «КАРЛСОН»

Туулган айылыма эки эле күнгө баргам. Жазында кайтыш болуп кеткен апамдын айтын өткөрүп эле кайра кайтмакмын. Баратканда бензонасостонбу, же карбюратор кирдеп калганбы, машинам Оштон нары жакшы тартпай, какап-чакап барды. Ошон үчүн алыс жолдо дагы бузулуп, азапка салбасын үчүн устага бир көрсөтүп алайын деп чечтим. Биздин айыл боюнча жалгыз эле уста бар. Ал бир жагы каргадай кезден чогуу өскөн досум, бир жагы тууганым Абдибек. Кашкалдактыктар машинасы бузулса деле, трактору бузулса деле бүт ошого чуркап барышат. Кудай жалгап, Абдибек кошуна эле үйдө, Азим аттуу жигиттин «Волгасын» оңдоп жаткан экен. Ага жардамдашып, теңтуш балдардын дагы экөө ошол жерде жүрүшөт.

– Азыр моторду чачып бүтөйүн, Азим запчастка барып келгенче мен сеникин карап берем – деди Абдыбек.

Узак кепке кирип алышкан балдардын сөзүнө кулагымды төшөп (айда-жылда бир келгендиктен айылда болуп жаткан жаңылыктарды уккан кызык да), анда-санда баланча жүрөбү, түкүнчө Россиядан келгенби, деги жашоо-турмушуңар кандай деп суроо салып коем.



– Бу жерде королевский жашоо Бактыбек акада эле – деди Манап.

– Кандай корелевский?

– Иштебейт да. Кечке путту асып коюп жатат. СССР маалындагы газиттарди окуйт. Александр Сергеевич Пушкиндин биз мектепте өткөн китептерин окуп атат.

– Иштебесе оокаты кантип өтөт? – дейм мен таң калып.

– Элдүү түлкү ачка өлбөйт.

– Тандырга от жагылганын пайлап турат – деп сөзгө кошулду Азим. – Бирөөнүн тандырынан түтүн чыгып атканын көрсө эле «келин нан жаап атат а, битта апчык» дейт. Кадимки эле мультфильмдеги Карлсон да. Бир эле айырмасы – бул крышада эмес, чайканада жашайт.

– Бир-эки жолу берип койсоң бүттү, кийин милдеттүүдөй док кыла баштайт – деди Манап.

– Бербей койсочу?

– Балаага каласың. Мас болгон күнү эшигинди тээп, айнегиңе таш атып, таң атканча уктатпайт.

– Шол алында ичеби?

– Ичкенде ям каньяк ичип күйгүзөт.

– Мукан (тууганы эмеспи) чөп чабыкка ашарга чакырса, кичине иштегенден кийин «дарбыз апкелип койбойсуңбу, пиво апкелип койбойсуңбу» деп өнөр көргөзө баштаптыр. «Бу жерден көп болсо 20 боо чөп чыгат, сиз айткан нерселерди алып келгенге канча расход болот билесизби?» дедим дейт. «Макарон эле жей берет экенсиңер, палоо кылбайсыңарбы» деп түштөн кийин кетип калыптыр.

– Аялы каякта?

– Шуга катын чыдай беле? Кетип калган.

– Үмүт менен эле жашай бербеди да – деди Манап. – Ошол мугалим болуп жүрүп багат эле. Апама барып, «экиүч эрге тийип балалуу болбодум эле, Бактыбектен перзент

көрдүм, иштебесе ям өзүм багам деген экен. «Капкара экен» деп эле кетирип ийди. Өзү эле Митхун Чакробарти болуп кеткенсип...

– Онон кийинам алтыта катын алды окшойт.

– Үйү ниме болгон?

– Сатыверген. Адегенде үкаси Элдиярдын үйүн сатышты. Кийин Бактыбек аканин өзүнүн үйүн сатышты. Тууган-дары чогулуп жер алып беришти эле, ону дагы сатышты. Акыры туугандары ям тажап, пошел дейт да.

– Анвар акага иш таап бер деп барыптыр. Жөнам иш эмес, жакшыраак иш тап дептир. Анвар ака ям шум киши эмеспи, сынамакка «саңа эми акимчиликтен, эл башкарган иш караш керек да? – десем, «ии, папке көтөргөн иш бол-сун», – дейт.

– Мен болгондо бар, базарга барып арава түрт дейт элем.

– Чайкананын алдын шыпырып, же көчөгө отуруп алып семичке сатса дагы бир тирилиги өтөт эле. Шону дагы кылбай атпайбы

– Эси жок болсо шо да.

– Жамал ака рамалик өзү эси жогураак киши эле да – деди Манап. – 15 тыйындык жолго 3 сом төлөп, такси менен келет эле. Такси келип, көчөнүн башынан ба-ап деп бурулат эле. Өзү бөйрөгүн таянып туруп, коонду шоопур түшүрөт эле.

– Шунтип жүрүп бир күн тырайып өлүп калбаса эле болду.

– Кышта эгер чыкпай калсам карап-карап койгула, өлүгүм сасып кетпесин деди эле. Жаз келгенден бери ти-рилип, «өңүм кандай?» деп калыптыр. Галстук гана жетпей турат дедим.

– Эки үч-күндөн бери көрүнбөй калды го?

– Жүрөт. Кечээ эле Муканга тууганСЫҢ, наалаты силер-ге калат, кабар алып турсаң дедим эле чайканага кирип, карта ойноп отурат деп чыкты.



* * *

Бактыбектин атасы Жамал ака биздин айылдын чирен-ген байларынын бири эле. Зым тор жасоочу цехте иштечү. Бул район боюнча жалгыз цех болгондуктан, тамаркасын, кой короосун тосмокчу болгон кишилердин баары ага жал-дырап келишчү. Мен билгенден биздин айылда биринчи телевизорду да, биринчи «Москвичти» да ушу Жамал ака алды окшойт. Биз талаадан бутубузду араң шилтеп келат-канда, Бактыбек көчөдө велосипед тээп жүргөн болоор эле.

Бактыбек бизден төрт-беш жаш улуу. Бирок экөөбүз аскерде кызмат өтөп, көзү да, колу да каныгып, аксакал-дык мүнөз күтүп калган төрт-беш жигит бар эле. Кыш кы-яктуу абройлуу жумуштарды ошол аксакалдар жасашат. Ал эми кара жумуштар бүт бойдон мен сыяктуу мектепти жаңыдан бүткөн «молодойлордун» мойнунда. Мага кошу-луп, Бактыбек да кечке носилка көтөрөт. Бир күн эле өзү теңдүүлөр бели ооруп, колу жоорубаган иште отурушкан-дарына арданып кетти окшойт, мен замбил эле көтөрө беремби? – деп чыр салып калды. Ошо күнү төрт кабат имараттын чатырын жаап атканбыз.

курулушта жарым жылдай чогуу иштедик. Бригадабызда

– Берчи, жасап көрсүн – деди үтүрөйгөн бригадир раст-вор төшөп жаткан Марасул аттуу жигитке.

Марасул Бактыбек жакты бир акшыя карап алды да, колундагы андавасын растворлун үстүнө ыргытып, мага кеттик дегендей ишара кылды.

Бетон аралаштыргычты айлантып жаткан Камбарга толтура сал дейт. Ал растворду носилканын жээгинен ашы-ра салып берет. Экөөбүз зилдей оор жүк менен төртүнчү кабаттын чатырына чымын-куюн болуп чыгып барабыз. Биз эки-үч каттам жасаганча Бактыбек жакшы эле үлгүрүп аткан, бир маалда эле алдына раствор дөбө болуп үйүлө баштады. Марасул болсо тезирээк жүр деп мени ого бетер

демитет. Дагы бир жолу барсак, Бактыбек андавасын ыргытып жиберип, растворду колу менен тегиздеп кириптир. Анын бул жоругун угаар замат башка жакта иштеп атышкандарда туш тараптан чуркап келишип, тамашага батып калышты.

– Андава менен тегиздебейсиңби, бул сага ылай эмес да – деди Марасул табасы кангандай.

– Колуң шылынып, эртең эчтеке кармай албай каласың – деди Апсатар ичиркене.

Бактыбек болсо укмаксанга салып, дүңүрөндөп иштеп атат. Кетпеген жеринен тер кетип, көйнөгү сыгып алма суу.

Ошондон кийин Бактыбек колу эптүүлөр менен теңтайлаша албасын түшүнгөндөй, тагдырга моюн сунгандай бир топко чейин үн-сөзсүз носилка көтөрүп жүрдү. Бирок эки ай өткөндөн кийин жанагындай окуя дагы бир ирет кайталанды. Бул сапар ал мен да кыш кынайт элем деп атаандашты эле, Эген ака мастерокту шарт колуна кармата койду. Ар ким өз ишин жасап атат, бирок баарынын көзү, кулагы Бактыбек тарапта.

– Уже төрт кыш коюп койду дейт – раствор ташыган балдардын бири.

– Өзүбү? – дейт аны уккан Марасул моокуму кана.

Түшкө чейин эч ким Бактыбекке жолтоо болбоду, бирдеке деп сөз да айтышпады. Качан балдардын баары ашкана жакка чубап жөнөгөн маалда гана үтүрөйгөн бригадир анын жанына басып барып, дубалды көз кыры менен бир карады да, Бактыбек шыкаалап атып араң койгон он чакты кышты алып ыргытты.

– Колуңан келген ишти кылгын а, майлиби?

Бактыбек унчукпаган учурларда деле балдар аны бир шылтоо таап эрмектемейин жөн туралышчу эмес.

– Качан үйлөнөсүң эй? – дейт бирөө.

– Эмки жылы деп атышат апамдар.

– Тездет дебейсиңби?



– Кантип айтам?

– Унчукпай эле апаңын калашина мардек (1) салып кой – дейт тиги олуттуу.

Бактыбек ишеңкиребей карап калат.

– Илгертен калган салт ушундай. Бойго жеткен бала ата-энесине катын алып бер деп айткандан уялат да, туудек салып койгон. Анан муну көргөн ата-энеси ии, балабыз чоноюп калган турбайбы дешип, тойдун аракетин көрө башташкан. Маңа ишенбесең либойунан сурап көр.

Калган балдар да туура-туура деп коштоп кетишет.

– Болду анда, бүгүн эле барып салам – дейт Бактияр уйгу-туйгу болуп.

Балдар бири-бирине көз ымдап, пык-пык күлүп калышат.

Бактыбек ошондо чындап эле мардек салдыбы салбадыбы анык билбейм, бирок көп өтпөй эле үйлөнүп, тоюна бүт бригада баргандбыз.

«Ачарчылыкта байдын баласы мурда өлөт» демекчи, атаэнеси оорудан кайтыш болуп кеткен соң ойду омкоруп, тоону томкороор күчү бар жигиттин эми минтип же үйү, же катын бала-чакасы жок, эл ашар жолу менен курган чайкананын бир бөлмөсүндө ар кимден нан сурап жашап калганы мен үчүн күтүүсүз жаңылык болду. Бактыбектер эки бир тууган болчу. Кичүүсү Элдияр бейбаш чыкты. Эки күндүн биринде милийсага түшүп, Жамал ака жыйнаган түмөн байлыктын чөмүчтөп чачылышына, үй-жайынын сатылышына да ошол баласы себеп болгон тура.

Мындан төрт-беш жыл мурда бекен, алардын апасына көчөдөн жолуккам.

– Урматсыңбы, айланайын, Элдиярды бир газитка жазып койчу. Бир жума болду үйдөн кууп чыккан. Ар кимдикинде жатып жүрөм. Үйдө эчтеке калбады. Колго илингендин баарын сатып бүттү.

Жоон-жолпусунан келген алтымыштардагы аял башын тизесине коюп, өксүп ыйлап кирди.

– А кысталак, дагы эле Элдиярдын ташпишиби – деди жолдон өтүп бараткан чокчо сакал карыя токтой калып. – Акасина да күн көрсөтпөйт экен. Мен күнүгө бир маал жатаарда чайканадан кабар алам да. Бир күн келсем, тырыктырык этип бирөө жүрөт. Бу беймаал жүргөн ким болду деп баш баксам, Бактыбек экен. «Абий ака, сиз кыжалат болбоң, мен шул жерде жатып алайын. Элдияр мас болуп келип уктатпайтат» дейт.

– Жамгыр куюп атканда алмалардын астында титиреп жаткан күндөрүм болду – деди кемпир өпкө өпкөсүнө батпай. – Үйдө жегенге эчтеке жок. Кичине буудай бар эле кечээ бирөөгө сатып ийиптир.

Эми ойлосом, Бактыбектин чайкананы баш паана, түнөк кылганы ошондо башталган экен.

* * *

Жума акам эсиме түштү. Ал менин чоң атамдын бир тууган жээни эле. Жаңы туулганда эле Шааркан чоң энебиз аны перзент көрбөгөн сиңдисине бала кылып ал деп берген экен. Кийин баккан апасы кайтыш болуп кеткен соң, өз энесине кайра келди. Жума акам да колхоздун курулуш бригадасында иштечү. Айлык тийген күнү жолду катар дүкөндөн эки-үч бөтөлкө вино сатып алып, калган акчасын апасына алпарып берет. Бирок эртеси күнү эле үч сом берчи, беш сом берчи деп, акчасын кайра доолай баштачу. Жарыбаган айлыгын (башка иш колунан келбеген соң, Жума акам дамамы шымын тизесинен чечин туруп алып ылай чайчу, алган айлыгы да ошол ишине жараша эле) эки жумага жетпей виного, чогуу иштегендер менен карта ойногонго коротуп бүткөн соң, чоң энемдин пенсиясын четинен кемире баштачу. Ошентип жүрүп, бир күнү сексенге таяп калган чоң энем да о дүйнөгө узап кете берди. Ансыз деле бир туугандарына чоочун өсүп калган Жума



акам агасы менен жеңесине батпай, ар кимдин үйүндө жашап калды. Мас болгон күндөрү (соо күнү дегеле болчу эмес) биздин үйгө келип, мештин алдында тамеки артынан тамеки чегип, апама арыз-арманын айтчу.

– Бар, акаңди жеткирип кел – дейт апам ал ордунан туруп жөнөгөндө. – Жолдо жыгылып – нетип калбасын.

Мен аны колунан жөлөп-таяп, караңгы көчө менен алып жөнөйм. Баратып эле тык токтойт да, бир жашыруун сырын айтчудай мени тиктеп калат. «Ээ, үка, жүрөктө махабат бар» дейт анан муштуму менен көкүрөгүнургулап. Кийин артына чыпта көтөргөндөй бүкүрөйүп басчу ушу оозу шалпык жигит айылдын эң сулуусу эсептелген Тотукан аттуу кызды сүйгөнүн укканда туугандардын баары күлүшкөн. «Тотукан муну пайтово (2) кылаар бекен?» – деген Токон жеңебиз мурдун чүйрүп.

– Бечара жигит, кор боло турган болду – дейт апам кейип. –Бир ылайыктуу кыз болуп, башын кошуп койгондо эптеп жашап кетет эле. Жунус аканин кызы кандай? – дейт анан энеме карап. – Ынаар бекен?

Апам сунуш кылган кандидатура көбүнесе бир эрден чыккан келин же турмушка чыкпай калган кара далы кыз болоор эле.

– Жума жашоонун жыргалын, рахатын бала кезинде көрүп койгон дейт – анда атам. – Раматылык Күмүш эжем жебегенди жедирип, кийбегенди кийгизип чоңойтту. Он жаштагы баланы лөкүйтүп мектепке көтөрүп барчу. Мектептин оозуна жеткенде айныкейи кармап, кирбейм деп чыр салса, эки чакырым жерге кайра көтөрүп келчү. Айтканы закүн эле. Токон жеңеме «айланып кетейин, Жума сизди жинди деп атат. Чын, мен жиндимин деп коюңчу, сураныч» деп жалдырачу.

– Ошон үчүн баланы эрке кылып өстүргөн болбойт – дейт энем. – Канчалык жакшы көрсөң, ошончолук катуу кармаш керек. Ибадат Шералини тамарканы айланта кууп жүрүп сабаса бу ниме, баладан көөнү калганбы, жападан-

жалгыз уулун урат деп жаман көрчү элек. Көрсө, шол туура кылат экен. Азыр Кашкалдакта ким жакшы, Шерали жакшы.

Кашкалдактан ага ылайыктуу эч ким табылбаган соң, теңтуштары кошуна айылдан бир кызды ала качып келип беришти. Бул куш кабарды апаман угаар замат жеңе көрөбүз деп жетип барсак, Ысман авамдын пешайбанында жакалуу пальто кийген сулуу кыз турган экен. Ошол күнү кечке авамдын үйү кымгуут болуп, түш оой али келин болуп үлгүрө элек жеңебизди бейтааныш кишилер машина менен алып кетишти. Ал ошол бойдон кайра келген жок. «Зордоп эле ала качып келишкен экен. Кыз милийсага арыз берип коюп, үч бала кесилип кетишке аз калды. Пулдун күчү менен гана камалбай калышты» деп айтып жүрүштү кийин апамдар.

Жума акам шол бойдон үйлөнгөн жок. Алыс туугандардын от жагылбаган суук бөлмөсүндө жашап жүрүп, бир күнү эртен менен кошуналар өлүгүн табышты...

Азыр эмне үчүн эле Жума акамди эстеп кеттим десем, Бактыбек экөөнүн тагдырында бир окшоштук бар экен. Бул ата-энеси тирүү кезинде каалагандай чалчаңдап, кийин каардуу турмуш менен бетме-бет калганда мүңкүрөгөн көп эрке балдарга мүнөздүү окшоштук эле.

* * *

Бактыбектин жайын уккандан кийин айылга барган сайын чайкана жакты бир карап өтчү болдум. Чатырында азан айтылчу мунарасы бар бул эки кабаттуу кооз имарат биздин айылдын символу болсо (башка айылдыктар так дарегинди билгиси келсе чайкананын кайсыл жагында? деп сурайт), чайканада жашаган Бактыбек анын ажырагыс бир бөлүгүнө айланып калган сыяктуу. Бу сапар да анын тааныш сөлөкөтүн көрүп, учурашып өтөйүн дедим. Элүүдөн эми гана аттаганына карабастан чачы жыдып түшө баштаган жигит далысын дубалга жөлөп, таштын үстүндө отуруптур. Бутунда үйгө кийчү жыртык тапичке.



«Сен дагы келдиңби?» деди маңыроо көздөрү мени таң кала карап. Мен баш ийкедим. Айт күндөрү алыс жакында жүргөндөрдүн көбү ата-энесин көргөнгө, көзү өткөндөргө куран окутканга айылга келип калышат. Бактыбек ошону айтып жаткан экен деп ойлопмун.

«Кашкалдакта киши калдыбы? – Бактыбек кайра суроо узатты. «Бүт эле келип атасыңар». Анан менин жообумду күтпөй эле кайра сөзүн улады. «Бул жер биздин эле айылга окшош экен а? Үйлөр дагы, адамдар дагы...»

Ошондо гана түшүндүм анын эчак башка дүйнөдө жашап калганын.

Туруп кеттим. Бир кезде чогуу иштеген, бир замбилди чогуу көтөрүшкөн шеригимдин мындай ахыбалын карап турганга дитим чыдабады.

*2008-ж. (1) жүгөрүнүн сотосу. (2) чулгоо.*

## ЖАРЫК

Будильнигим жок болгондуктан, самолеттон кечигип калбайын деп аялдамага жарым түндө эле чыгып алыпмын. Көчөдө кыбыр эткен жан жок. Чилденин күнү тияка басам, бияка басам. Адегенде буттарым тоңуп чыкты, анан кулактарым, мурдум тызылдап ачыша баштады. Маршрутка болсо дале көрүнбөйт.

Аңгыча өйдө жактан бир жарык пайда болду. Мен аны такси экен го деп ойлогом. Бирок жакын келгенде карасам кызматтык машина экен. Аны үстүндөгү мигалкасынан байкап калдым. Кол көтөрбөсөм деле «Волга» эки-үч метрдей өтүп токтоду.

– Байке, эмне турасыз? – Айдоочу эшигин ачпай микрофон аркылуу сурады.

– Милиция го – дедим ичимен. – Азыр каяка баратасың, документтериң кана? – деп сурака алмай башталат.

Мен укмаксан болуп тура бердим.

– Байке, бери келсеңиз – деди жанагы үн.

Эми машинанын эшигин ачып, анын жанына отурбагандан башка айлам калбады.

Салондо бир жигит менен кыз бар экен.

– Жеткирип коёлу десек моюн толгойсуз да? – деди жигит. – Суукта үшүп турганыңызды көрүп өтүп кете албадым. Таң атпай каяка жөнөдүңүз?

– Ош базырына.

Чындыганда мен аэропортко автобус, маршруткалар кетчү Бейшеналиева аялдамасына бармакмын. Бирок Ош базарына жетип алсам, андан ары жөө баса коём деп ойлодум.

– Ушу маалда Ош базарында эмне кыласыз?

– Эмне, билбейсиңби? – деди жанындагы кыз. – Саат алтыда оптовый торговля башталат.

Жигит унчукпай калды. Бирок дале таң калып атканы байкалып турду.

– Биз өзү Асанбайга баратканбыз – деди жигит Ош базарына жакындап калганда. – Бирок сизди жеткирип коёлу.

Алар мени Москва, Бейшеналиева көчөлөрүнүн кесилишине таштап коюшуп, андан ары кетишти. Акча берсем алышкан жок. Алыстап бараткан жарыкты узата карап, ээн көчөдө мен калдым.

* * *

Ширеңке жок экенин от жагаарда байкадым. Кочегаркага наряд алган соң оттугумду күн мурун камдап коюшум керек болчу. Бирок тамеки чекпеген жаным ушу нерсе оюма келбегенин карачы. Дароо эле ашпозчулар эсиме түшүп, алар жаткан бөлмөнү каккылай баштадым.

– Ким? – деди корулдаган үн.

– Мен, кочегармын. Ширеңке барбы?

– Жок. Кечээ камдап койбойсуңбу,... жумуртка келгенде какылыктабай.

Чуркаган бойдон биздин ротанын балдары жаткан чатырларга жөнөдүм. Бир аздан кийин «подъем» болуп, лагерь ойгоно баштайт. Алар полигон жакты эки-үч айлана чуркап, көнүгүү жасап, жуунуп келгенче чай кайнап калышы керек.



Чатырдын астында штык-нож байланган дневальный жүрүптүр. Бирок кашайып, анда да ширеңке жок болуп чыкты. Эми чатырма-чатыр кыдырыш керек болуп калды. Биздин взводдо оозунан паровоздой эле түтүн булап жүрчү Эмил аттуу жигит бар эле. Болду болбоду ошондо ширеңке бар болуш керек. Чатырга баш багып, акырын үн каттым.

– Эмил!

– Эмне?

Ширенкең барбы?

– Жок.

– Ушул кылганың туура эмес да... – Нарыраактан башка бирөөнүн наалыган үнү угулду. Бул менин жакын досум эле. – Уктап аткан адамды ойготуп...

– Өтүк менен бир чаппайсынбы – деди дагы бир үн.

Арылап отуруп, бир карасам бешинчи ротага жетип калыптырмын. Алардын эч кимисин таанибайм. Бирок от жагылбай калгандан көрө өтүк менен башка бир жесем да сурап көрөйүн дедим. Туш келген эле чатырга кирип, босогодо жаткан бирөөнү түрткүлөй баштадым.

– Дос, ширеңкен барбы?

Тиги көзүн ушалап өйдө болду. Бирок наалыган да, сөгүнгөн да жок. Караңгыда тияк-биягын сыйпалап, шымынын чөнтөгүнөн ширеңке таап берди.

Мен чымын-куюн болуп, ашканага чуркадым.

* * *

Шифер издегениме эки айдай болгон. Түшкө чейин иштейм да түштөн кийин курулуш материалдарын сатуучу дүкөндөрдү кыдырып жөнөйм. Кайсынысына барбайын же түгөндү дейт же эки-үч күндө түшөт дейт. Дарактардын жалбырагы күбүлүп, күн салкын тарткан сайын жаңы курулуштагы дубалы бүткөн эки бөлмө времянкам

жабылбай калып кетеби деп ичкеним ирим, жегеним желим болот.

Бир күнү адатымча көмүр базасынын жанындагы дүкөнгө кире калсам жоон топ киши алты сайлуу шиферди таламайга алып жатышат. Мен да барып, бир үймөктү ээлеп калдым. Болгон акчама отуз шифер сатып алып, жол киреге тыйыным калбай калгандыктан сыртта шабашка күтүп турган шоопурлардын бирин акысын үйдөн берем деп көндүрдүм. Мен там салып аткан алма бактын ичинде бир боз үй, анан эки алачык бар. Бирөө менин оштук жердешим. Ошондон алып берем деп үмүт кылып баратам. Шиферди шоопур экөөлөп түшүрүп, Шамшы акеме жетип барсам, өчөшкөнсүп дал ошол күнү шаарга кетип калыптыр. Эми эмне кылдым? Өң тааныш болсо да жанагы боз үйдөгүлөргө бардым. Жашы алтымыштардагы абышка кемпирин карады. Кемпири бир аз ойлоно калып, «акчабыз жок эле» – деди. Алма бактын арасында чуркап баратам. Оропара келген бирөөдөн сурап отуруп, үч көчө алыстап кетиптирмин. Карасам бир чатырдын алдында бала көтөргөн келин турат. Чоң кыз, мен тээтиги бактын арасында жашайм, кечке чейин он беш сом берип туруңуз – дедим энтигип.

Келин кайсыл көчөдө, атың ким деп сураган жок. Чатырга кирди да, баласын коё коюп, чемоданынан он беш сом алып берди.

* * *

Азыр алардын эч кимисинин, караңгыдагы шоопур менен солдаттын да, бала көтөргөн келиндин да өңдөрүн эстей албайм. Бирок ошол аяздуу түндөгү жарык дале жан дүйнөмө шоола чачып, мени да бирөөлөргө жакшылык кылууга үндөп келет. Эгер дагы бир адам менин да өңүмдү, атымды эстебей, бирок жасаган бүдүрдөй жакшылыгым жадында калса, өмүрүм бекер өтпөптүр деп айтаар элем.

*2009-ж.*



## Мазмуну


Баш сөз ..........
Жолдо .......... 3
Корукчу .......... 4
Жолборс .......... 6
Учурашуу .......... 12
Той .......... 18
Майрамдын эртеси .......... 28
Нурасил .......... 37
Арза .......... 44
Баатыр .......... 52
Кара бет .......... 56
Автобуста .......... 61
Актөш жоголду .......... 66
Сулуулар конкурсу .......... 71
Жердештер .......... 75
Ката .......... 81
Мектеп .......... 90
Көздөр .......... 103
Саз .......... 123
Айдар .......... 127
«Орус тил» .......... 133
Коштошуу .......... 139
Чайканада жашаган «Карлсон» .......... 148
Жарык .......... 158
.......... 167

*Көркөм-адабий басылма*

**Сабыров Мамат**

**ЖОЛ**

*(Аңгемелер)*

(Кыргыз тилинде)

Корректору *Р. Сакелова*
Мукабасын иштеп чыккан *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Н. Жуманалиев*

Басууга 18.02.2009. кол коюлду.
Форматы $60x84^{1}/_{16}$. Офсеттик кагаз,
офсеттик басуу.
Көлөмү 10,75 б.т. Заказ № 200
Нускасы 500 даана.

«Бийиктик» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү $170^{а}$,
Тел. 66–76–58.



**Мамат САБЫРОВ**
1961-жылы Ноокат районундагы Кашкалдак айылында туулган. 1985-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн бүтүргөн. ”Ленинчил жаш”, ”Кыргыз руху”, “Асаба”, ”Агым” гезиттеринде иштеген. Кыргызстан журналисттер кошуунунун мүчөсү.